С Кырг
К 17

КУРБАНБАЙ КАЛДЫБАЕВ



САПАР ТҮЙШҮГҮ

Хр.
Скырг
К 17

Курбанбай Калдыбаев

САПАР ТҮЙШҮГҮ

Ырлар, эскерүүлөр, каттар



ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №470198

Бишкек - 2005

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7-5

Китептин сүрөөнчүлөрү – туугандары, санаалаштары, замандаштары

Түзгөн АСЫЛБЕК АЙТМАНБЕТОВ

Курбанбай Калдыбаев
К-17 САПАР ТҮЙШҮГҮ: ырлар, эскерүүлөр, каттар
(Түз.А.Айтманбетов. – Бишкек: Айат, 2005: – 188 б.

ISBN 9967 - 403 - 81-0

Маркум акын Курбанбай Калдыбаевдин жарыкка чыккан жана жарыяланбаган ырлары, ал жөнүндө жазылган эскерүүлөр ушул китепке топтоштурулду. Жыйнак акындын жаркын элесине арналат.

К 4702300200-05

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 9967 - 403 - 81-0

© К.Калдыбаев
© Түзгөн Айтманбетов А., 2005

ТҮЗҮҮЧҮДӨН

Дарегин угуп алыстан,
Төш жайып тосту Жер-Эне.
Төрөлдү бирөө намыска,
Төрөлдү бирөө жөн эле...

Кыргыз элинде чыгармачыл, таланттуу адамдардын өмүр таржымалы аябай даңкталып, муундан-мууна ооз учунда гана эмес, жандуу элес катары айтылып келет. Алардын жасаган иштери, адамдык касиеттери улам кийинки урпактар үчүн өрнөк, үлгү болуп кала берет. Бирок ошондой даражага жетиш, ошол кадыр-баркты тутуу оңой-олтоң олжо деп айтууга болбойт.

Кыргыз адабиятында чыгармачылык жолу, жекече стили менен эл оозуна алынган акын-жазуучулар өтө эле көп. Алардын ичинде чыныгы табият берген таланты менен көпчүлүк окурмандардын жүрөгүнөн түнөк тапкан, жеке трагедияга кабылып, учурунда жок дегенде жылуу сөз да ыраа көрүлбөй, көңүл бурулбай четте калган акындар да жок эмес. Белгилүү акын Эрнис Турсунов «Үзөңгү жолдоштон уланган сөз» («Кыргызстан маданияты», 1994-ж.) деген макаласында мындай дейт: «Кыйналып окуп, кыйналып иштеп, кыйналып жашап, өз ордун таппай кеткен жеке эле Сокең эмес, азыр айтыла баштаган Т.Эргешов, К.Сабыров, К.Калдыбаев, М.Казакбаев, Ч.Толубаев, Ж.Молдалиев, Т.Турдалиев, Б.Сартов, Т.Муканов сыяктуу келечегинен көптү үмүттөндүргөн жаштар болгон. Булардын айрымдары жогорку окуу жайын бүтүргөн соң, иш таппай көчөдө калышты, айрымдары «ичип» кетишти, айрымдары жашоодон тоюп, жандан кечип салышты. Булардын тагдырына кайгырып, кийлигишип, көз салган уюм же жетекчи болбоду, мансапта отургандар керт башынын гана камын ойлоп, адабияттын келечеги тууралуу укпай коюшту, ошентип булардын кимдер экенин билбей да калышты».

Жогорудагы аталган акындардын жоон тобунун бир өкүлү

Курбанбай Калдыбаев 1938-жылы 20-мартта Ош облусунун Өзгөн районундагы Жалпак-Таш айылдык кеңешине карашты Ак-Терек айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Бүгүнкү күнгө чейин ошол айылдын мектебинин жанында көзгө бараандуу, кыйла мезгилдин күбөсү болгон чоң ак терек кулпуруп өсүп турат. Мүмкүн акындын төрөлгөн айылынын аталышы ошол жалгыз терекке байланыштуу болгондур. Айылдын жашоочуларынын айткандарына караганда, ал теректи акындын улуу ата-бабалары эккен экен. Азыр токсондон ашык түтүн эл жашаган бул айылдан 1 акын, 3 илимдин доктору, 7 илимдин кандидаты, көптөгөн өнөр жайы, айыл чарбасы, маданият менен искусстводо, укук коргоо органдарында өз жөндөмдүүлүктөрү менен айырмаланган кыз-жигиттер өсүп чыгышты.

К.Калдыбаев 1945-52-жылдары «Үлгүлүү» деп аталган 7 жылдык мектепте окуп, андан кийин Куршабдагы Ворошилов атындагы орто мектепти бүтүргөн. Кесиптик окуу жайынын курсун аяктап, 2 жыл сатуучу болуп иштеген.

Балалык чагы катаал согуштун мезгилине туш келип, ненчендеген кыйынчылыктарды башынан өткөрүп, өзүнүн сезимталдуулугу, кашкөйлүгү менен башка тең курбалдаштарынан айырмаланган. Айрыкча, кичинё кезинде эле куйма кулак болуп, эл ичинде айтылган учкул сөздөр, макал-лакаптарды, элдик ырларды жатка билип, жамактатып ыр айтып, «Сталин жолу» (Куршаб району) деп аталган райондук газетага айрым ырлары да жарыяланып турган. Боорукердиги, жөнөкөйлүгү, ар кандай жагдайда жардамга даяр турушу, билгендерин көпчүлүк менен тең бөлүшү өндүү сапаттары курбалдаштарынын арасындагы анын баркын көтөргөн.

Кичинесинен чымыр денелүү, шамдагай болуп, айылдардагы той-тамашаларда күрөшкө түшүп, ошол мезгилдеги эң кызыктуу улуттук оюндардын бири ордонун чыгаан чебери болгон. Мергенчилик боюнча чөйрөсүндө ага эч ким тең келген эмес.

1960-62-жылдарда Советтик Армиянын катарында кызмат өтөп келгенден кийин, Бишкектеги (мурунку Фрунзе) Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетинин сыр

ттан окуу бөлүмүнө тапшырып, кийин күндүзгү бөлүмүнө которулган. Студенттик мезгилинде (1962-67-жж.) окуунун эң алдыңкысы болуп, Лениндик стипендия менен окуп, университеттин комсомол комитетинин секретары болуп иштеген. Ошол жылдарда поэзияга болгон кызыгуусу артып, дүйнөлүк классикалык адабияттын үлгүлөрү менен терең таанышкан. Бөтөнчө түрк акыны Назым Хикметтин лирикаларына өтө көп кызыккан.

Университетти артыкчылык диплому менен аяктагандан кийин, түз эле Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетине окутуучу болуп келген. Алгачкы күндөрдөн баштап өз демилгеси менен поэзияга кызыккан студенттерди бириктирген Ж.Бөкөнбаев атындагы адабий ийримдин органы болгон «Сапар түйшүгү» деп аталган дубал газетаны негиздеп, чыгара баштаган.

Байкабайт өзү тургай жанындагы,
Баркалбай чачылганы, чабылганы...
Жарыгы көктү, жерди тепчип өткөн,
Жаштык бул өмүрүндүн чагылганы – деп, өзү ырында жазгандай, жаштыгынын курч мезгилинде поэзияга бүт дитин буруп, кудуретинин жетишинче көбүрөөк изденип аракеттенет. Айрым ырлары шаардык, борбордук мезгилдүү басма сөз беттеринде жарыяланып турат.

Арийне К.Калдыбаев акын катары аз да болсо өз изин таап, өзү теңдүү катарлаш акындардын арасында айырмаланып, оозго алынып калган менен үй-бүлөлүк багытта келечек турмушу ойлогондой болбой калат. Белгисиз себептер менен акындын бүлө очогунан кут кетип, ыдырай баштайт. Ошентсе да, ал жүрөгүндөгү тынчтык бербеген сезимин, ой-толгоосун окурмандарга арнады. «Тууган жерим туу казыгым» (1973-ж.) аттуу ырлар жыйнагын жарыкка чыгарды.

Ош педагогикалык институтунан кийин 1972-73-жылдары областтык телерадио комитетинде редактор болуп иштейт. Жеке турмуштук трагедиянын азабынан ал жерде көпкө иштебей бошоп калган.

К.Калдыбаевдин дайыма жазып, жанында алып жүргөн 28 чөнтөк дептерчеси болгон экен. Азыркы күндө анын бирөө да

жок, же бирөөлөрдүн колунда экени да белгисиз.

Ошол менин бир арманым, дептерим!
Бассам, турсам иман, эстен кетпедиң.
Жоголорум бышык дечи эрте-кеч,
Бирок, сырдаш, жолго таштап кетпегин...

Акындын кийинки өмүрү өзү үчүн супсак, кунары жок болгону менен, ал бардык кыйынчылыкка бет маңдай чыгып калемин колунан түшүрбөдү.

Узайбыз өткөн күндү кылчак карап,
Өмүрдүн көз кызартат алды жагы.
Бу дүйнө - саябандуу бир зор дарак,
Биз анын көркүн ачкан жалбырагы – деп, кыска өмүрүндө опол тоодой эмгек кылбаса да, көңүл кушун көкөлөткөн ырларды жазып калтырды. «Кол табы» (1982-ж) аттуу ырлар жыйнагын жарыкка чыгарды.

1984-жылы 11-январда 46 жаш курагында чыныгы турмуш жолун, изин кайрадан таап, «ачуу» менен түбөлүккө кошулуп, оңолуп келе жаткан учурда жол кырсыгына кабылып, өз ишин өтүнбөй жасаган шум ажал аны арабыздан алып кетти. Али канчалаган оргуштаган орошон ойго бай ырлар жазылбай калды. Чоң бир поэма жазмак болгон экен, анын өтөөсүнө чыкпады. «Комуз» (2007 сап), «Апрель» (2100 сап), «Өмүргө жана сага жазган каттар» (2800 сап) аттуу жыйнактарын басмага даярдап, бирок белгисиз себептер менен жоголуп кеткен. Ошентип, К.Калдыбаев үй-бүлөнүн жылуу илебине кумары канбай, көзү өткөнчө жалгыздык менен өмүр сүрүп, балдарынын (Назым, Назира, Насиба, Назарбек) жагымдуу демин акыркы жолу болсо да сезе албай кете берди.

Өлгендер даңкталмайын,
Тирүүлөр баркталмайды - деп казак элинин белгилүү акыны Мукагали Макатаев айткандай, чыныгы намыска төрөлгөн, өз аброюн, адамдык насилин так сактап өткөн, жаркылдап, курчуган болоттой табында турган чагында арабыздан түбөлүккө кеткен акын Курбанбай Калдыбаевдин ырларын, каттарын, сүрөттөрүн, акынды эскерүүлөрдү топтоп, жыйнак кылып чыгарууга аракет жасадык. Сиздердин колуңуздардагы жыйнакта акындын ар кыл мезгилдерде жазылган, басмада жарыяланган, жарыяланбаган, көмүскөдө калган, көзү өткөндөн кийин табылган ырлары төмөнкүдөй хронологиялык тартипте түзүлдү:

1. Тууган жерим туу казыгым.
2. Кол табы.
3. Жарыяланбаган ырлары.
4. Өмүрүнүн акыркы мезгилинде жазылган ырлары.
5. Жазган каттары.
6. Акынды эскерүүлөр.

Жыйнактын идеялык-көркөмдүк деңгээлин окурман журттун таразасы, адабиятка кызыккан инсандар аныктайт. Көп жылдык иликтөөлөрдүн натыйжасында бул жыйнактын жарыкка чыгышына кол кабыш кылган, кеп-кеңештерин айткан чыгармачыл интеллигенциянын өкүлдөрүнө, акындын тууган-дарына, дили ак инсандарга чын дилден ыраазычылык билдиребиз.

Таамай айтып, тарс койгон таланттуу акындын таш жарган курч саптары, куюлуштурулуп куйкумдуу айтылган таамай сөздөрү келечек муундун көркөм дүйнөсүн козгогон, рухий дүйнөсүнө бүлүк салган, ыймандуулукка чакырган көркөм дөөлөт болуп калат деп тилек кылабыз.

Маркум акын Курбанбай Калдыбаев биздин эсибизде өмүргө өбөк, жолго жолдош, үмүткө үлгү кылар асыл жан катары түбөлүк сакталып калат.

Түбөлүктүү нерсе жок! Ким айтат?
Ким айтса да, бекер элди муңайтат.
Мезгил өзү муну айтат:
Күн өчсө, көздө нур калат,
Эр өтөт, бирок ыр калат!

АСЫЛБЕК АЙТМАНБЕТОВ
Ош МУнун мамлекеттик тил жана кеп маданияты кафедрасынын улук окутуучусу

МЕЗГИЛ СЫНАЙТ, УБАКЫТ УЛГАЙТАТ

Мезгилинде «Жарыш» аттуу бир ырында:

«Чу койдум жол каржымды бөктөрүнүп,
Сабымда сууп бүткөн өңчөй күлүк.
Жанымдан шуу деп өтөт, селт дей түшөм,
Канымда кайнап барат жек көрүүлүк.

Диркиреп сезим канап, канат канап,
Умуттун учкундары өчөт, жанат.
Алдыда бара жаткан күлүк тобу
Көзүнүн арты менен карап барат.

Жарышта аңо болбойт, сыйлоо болбойт,
Жарышта чаңда калсаң ыйлоо болбойт.
Түз, дөңбү, адыр, тообу, чытырманбы
Күлүктөр дайым жанын кыйноону ойлойт.

Бир күлүк кетти түшүп башка жолго,
Бир тобу самсып барат кашка жолдо.
Бир күлүк жаны кейийт тер чача албай.
Бир күлүк өзүн сабайт башка, жонго.

Дене-май, күйүп кетсин биликтеги,
Чучуктар ээрип кетсин жиликтеги.
Жашасын жарыштагы намыскойлук,
Жашасын өзүмчүлдүк күлүктөгү» - деп жазып (*К.Калдыбаев. Тууган жерим туу казыгым. Ф., Мектеп, 1973, 18-бет*), өзү да алдыңкы саптардын биринде Пегасын таптап, бир топ калемдештерин баштап келаткан Курбанбай Калдыбаев 1984-жылы 11-январда автокырсыктан көз жумган. Туулган жылы - 1938, 20-март.

Адамзат тагдырын эстегенде «Мезгил сынайт, убакыт улгайтат...» дегенди көңүлгө алуу зарылдай. Мен мындай тыянакты акын Курбанбай Калдыбаевдин чыгармачылык, турмуштук жолуна, өмүр-тагдырына байланыштуу айтып атам. «Кыргыз туусу» гезитинде туруп, Курбанбай жөнүндө жазып бергим келгенин айтсам, чыйрак журналист Чынарбек Айдаров мындай акынды укпагандай түр көрсөткөндө, таң калдым. Убакыт сот деген ушу турбайбы деп, ичимен тынып, тим болдум. Кечээ эле, алтымышынчы жылдары Бишкектин, жетимишинчи жылдары Оштун коомдук жайларында зал жаңырта минбардан жаңы ырларын шаңшыта окуп турган Курбанбай Калдыбаев бүгүнкү балдарга жетпей калганына, бир жагынан, отуз жылдан ашуун убакыт өтүп кеткени себеп болсо (1967-жылы университетти бүтүп, Ош пединститутуна мугалим болуп кеткен), экинчи жагынан, чыгармаларынын толугураак түрдө китеп болуп чыкпай калганы (Жогоруда аталган жана «Кол табы» *(1982-жыл)* деген эки жыйнагы жарык көргөн), үчүнчүдөн, борбордон алыс болгону, төртүнчүдөн, эртерээк көз жумуп кеткени себеп болду окшойт. Буларга Курбанбай өзү ден соолугуна, үй турмушуна, чыгармачылык авторитетине сарамжал карабай койгон жагы да кошулат. Эмесе ушулар туурасында сөз кылалы.

Б. З. га

Университеттин чоң залында лекция угуп атканбыз, танаписте Курбанбай ушундай аталыштагы («БЗга») ырын көрсөтүп, окуп калды. Башкалар эмне ойлошконун билбейм, чоң зал (Большой зал) жөнүндө да ыр жазабы дегенчелик кылып, анчейин деле кызыкканым жок. Анан калса, Курбанбай өзү да «Большой зал жөнүндө ыр жаздым» деп тамашалап койгон. Бир маалда «Күн чыгат сенин гана көзүңө окшоп» деген сап кулагыма «шак» дей түштү. Көрсө, Байчороева Зулфия аттуу жаңыдан сүйүшүп жүргөн кызына арнаган ыры экен. Бул жарыяланган жок, мендеги кол жазма жыйнакта сакталып турат. Ошол чакта «Жаштык сапар» аттуу жаш жазуучу-акындардын жыйнагы чыккан. Биз дагы университеттеги таланттардын чыгармаларын топтоп, жыйнак чыгармак бол

гонбуз. Анда азыркы белгилүү акындар Кармышак Ташбаев, Анатай Өмүрканов, айтылуу сынчылар Кадыркул Даутов, Аман Токтогуловдордун ырларынан тартып, Роза Карагуловага чейинки бир нече калемгерлердин чыгармалары бар эле. Замандын тардыгына жараша Киреше Иманалиев агай баш болуп, канчалык аракеттенсек да, ал жыйнакты жарыкка чыгара алган жокпуз. Атүгүл аты да коюлбаган боюнча менин архивимде «Архив № 76» деген номур менен сакталып турат. Баса! Сөзүбүз БЗ жөнүндө баратпады беле.

1964-жылы абитуриенттерди кабыл алуу учурунда кабыл алуу комиссиясына катышкан мугалимдер Курбанбайды да кошуп алышкан. Демек, 3-курска жаңы көчкөн Кукендин мугалимдер арасындагы кадыр-баркы ошончолук бар эле. Кийин Лениндик стипендияга жетишкен. Ошондо сочинениеден экзамен алып атып Байчороева Зулфия деген тоңдук кызга көзү түшүп калып, ошол 1964-жылдын 26-декабрында комсомолдук той өткөрүп, баш кошушкан. Мындай аталыштагы шаани-шөкөттүү тойлор жаңыдан кулач жая баштаган учуру эле. Курбанбайдын университеттеги кадыр-баркына жараша ушундай той өткөрүлгөн.

Окууну бүткүчө тетя Поляныкында квартирада бирге туруп калдык. Студенттик жетишсиздиктерден улам сүтсүз калган күндөрдө үй-бүлөдө анча-мынча үн чыга калбаса, Курбанбай менен Зулфия жакшы жашап, Ош пединститутуна эки баласын көтөрүп кетишкен.

Пединститут демекчи, биз КМУну бүткөн жылы Жалал-Абад педагогикалык окуу жайынан да заявка келип, деканыбыз Жээнбай Мукамбаев мени Ошко, Курбанбайды Жалал-Абадка барасыңар дегенде, Кукенин өтүнүчү менен орун алмаштырганбыз. Ошону эстегенде, кээде, Жалал-Абадга барса, өлбөй калат беле деп да ойлоп кетем.

Б.З. экөөнүн турмушу андан кийин деле жакшы жүрүп аткандай болгон. 1976-жылы 20-ноябрда экөөлөп Оштон жазган катында Курбанбай: «Албетте, Омоке, иштин баары 5 дегенге болбойт. Бирок сен Москвадан 5-ноябрда кайтсаң, биз 5-ноябрда 335-үйдөгү 25-квартирага көчүп кирдик. Комната

лардын саны да 5. Илайым эле 5 болуп турса гана!!!» деп, үч илеп белгисин катарынан койгон экен, капарга алган эмесмин. Анан эле 1978-жылдын 26-ноябрында: «Менин келгениме үчүнчү айга баратат... Биз турган «мекеме» ЛТП (Лечебно-трудовой профилакторий)...» (*Менин архивимде. Архив №65, 180-бет*) деген, Молдовановкага мени жолугушууга чакырган кат келип калды. Барсак, ЛТП дегениң түрмөдөн айырмасы жок бейм, бир нече темир дарбазалар шарактап ачылып, анан Курбанбай чыгып келди. Ошондо аялы Зулфия милицияга салып берип, ЛТПга жөнөтүп ийгенин айтып, бир алдын капаланып алган. Кийин бошооруна 21 күн калганда: «Балдарымды өтө сагындым. Апаларына карата менде көп жылдардан сакталып жүргөн сагынуу сезими ушунчалык деңгээлде өчүп баратканын, айрыкча, акыркы күндөрү өзгөчө сезе баштадым. Тоббо! Сүйүү, жакындык, арзуу деген түшүнүк кандайдыр бир мезгилдин кыска аралыгында өңү өчүп, муздай баштайт экен ээ?! «Ушунун өзү эле не деген татаал табигый кубулуш!» (*Архив №65, 150-бет*) - деп жазган. Бул саптардын нары жагында эмнелер бар экенин эркиндикке чыккандан кийин барып сураган жокмун. Ал да ачылып айткан жок, майда-чүйдөнү сөз кылып, паска урбаган намыскөй жигит эмес беле!

1979-жылдын 7-сентябрында Курбанбайды Молдовановкадан алып келип, паспортун каттатып, жумушка орноштурдук. Ачкыл тамактан алыстап, жалаң чыгармачылык менен алектенип калган. ЛТПдагы күндөрү деле сая кетпеген, 1979-жылы 10-июнда жазган катын окуган киши Кукең башка эркин күндөрүнө караганда ЛТПда жемиштүү иштегенин көрөт: «Мен да мында бекер жатканым жок. Беш басма табакка жакын ырлар жаздым. Азырынча анын атын, шарттуу түрдө, «Апрель» деп атадым. Келечеги силерге байланыштуу, себеби (силер деп Жолон, Сүйөркул, Кадыркул, Орозбайларды айтып атам) китебимди, башкача айтканда, кол жазмамды Фрунзеге баргандан кийин, баш көтөрбөй бир ай кайра карап чыгып, көчүрүп, бастырып, силердин ортоңорго салып берем. Пикириңерди угуп, алып-кошуп дегендей, анан басмага тапшырам го. Ал эртеңки иш.

Азыр болсо, минтип сага кат жазып отурам, анан илхам келсе (кээде келбесе да) ыр жазышым керек. «Келип калдыны» күтүп жүрүп, ушул убакка келип калдым... Ыр жазуу абалы келет дебей, аны күтпөй, кайра ал абалды жасап алууга үйрөнүш керек экен, тагыраак айтканда, өзүңдү үйрөтүшүң керек турбайбы. Ал үчүн убакытты гана үнөмдүү сарптоо керек. Булар сен үчүн ачылыш эмес, бирок мен башымдан өткөрүп калыптануу процессинин үзүрүнүн даамын татып калдым. Бирок, эч качан эч кандай ыр оңой жаралбасына ишенем. Өзүнө өзүң ишеничүүлүк баары бир олку-солку абалды кармап тура берчүдөй». (*Архив №65, 154-155-беттер*).

Каттан окулгандай, бир жыл ичинде беш басма ыр жазып коюу чоң олжо. Биз студент кездерде «Илхам келгенде гана жазуу керек» деген сөз кеңири тарап, айрым таланттуу балдар ошондой учурду күтүп жүрүп, эч нерсе жазбай кеткендери да болду. Анан «Акындар шарап ичип алганда гана жакшы жазат» деген «оору» да жайылып, эрки бошторду да соруп кетти. Курбанбай жогоруда ушулардын биринчисинен кутулганын айтып атат. Демек, бул профессионализмдин чегине жетти деген сөз эмеспи. Илхам келет деп күтүү Кудай мага качандыр бир күнү талант тартуулашы мүмкүн деп, өзүнүн нары жагында көрөңгө бар же жогун биле албай, күмөнсүү гана болсо керек деп ойлойм. Анткени, чымының болсо, уктагандан башка учурунда өзү жөнүндө ойлонтуп, өзүнүн гана кызматын кылдырып, артынан «кубалап» жүрөт эмеспи. Ошондуктан улуу жазуучулар күнүнө эч жок дегенде бир сап бирдеме жазбай жашай алышпаган да.

КОЛ ТАБЫ

«Кол табы» деген китебинин калем акысын алганда Курбанбай 4-5 күн үйгө келбей калган, Дзержинкада (азыркы Эркиндик бульвары) келатып «Байдылданын Таш-Коргон» деген «мекемесинен» көрүп калып, аябай капа болдум. Алган акчаңды балдарыңа жөнөт дегем, аны аткарган, аткарбаганын билбейм, кийин Ошко кеткенге жол кире сурап келгенинде ого бетер туталанып кеткем. Ошонума алигиче көңүлүн калтыр

бай эле койсом болмок экен деп өкүнөм. Негизинде жеке адамдар да, коомдук уюмдар да таланттуулардын анча-мынча, өйдө-ылдый, жүрүш-туруштарына кечиримдүүлүк менен мамиле кылуу парз, анткени айрымдардын ошондой өйдө-ылдыйлардан өтүүгө туура келген учурлары да болуп калат. Кукең ак көңүл, колу ачык неме эмес беле, калем акынын талпагын Таш-Коргондо эле ташка жайып салган окшойт. Ошондон (1982-жылдын мартынан) кийин Курбанбайды көргөнүм жок.

«Кол табы» демекчи, бул жыйнактын чыгышында, планга киргизем деп каккы да жедим. Редакциянын башчысы катары планга киргизсем, менден жогору жакта начальник болуп турган, университетте Кукең менен бир бөлмөдө жаткан, Оштөштөн канча тузун таткан бөтөлкөлөш жолдошу сызып салат. Мага болсо «Географияны карабайсың!» деп коркоңдойт да, башкалардын былжырак ырларынын жыйнагын киргизүүнү буйрук кылат. Чоңдордун эки жүздүү болорун ошондо көрүп, жаныман түңүлүп, Академияга кайра кетип калуунун камын жей баштагам. Автордун көзүнчө китебин планга киргиз дейт да, ал кеткенден кийин өз колу менен пландан сызып салат. Ошондон улам Кукенин китеби бир жыл кеч чыккан, ал менден таарынып жүргөн болуш керек. Колунун табы өткөн жолдоштору ошондой кылган. Совет доорунда оозунан жыттанган интеллигент куугунтукка алынчу эмес беле, ошондо Кукени да сөзгө албай атышат.

Курбанбайдын бул китеби биринчисинен 9 жылдан кийин чыкты. Ал эми шаарда жашаган Курбанбай тендүүлөр, жанагындай начальниктердин оң көзү түшкөндөр 2-3 жылда эле китеп чыгарууга мүмкүнчүлүктөрү болуп аткан. Мындай адилетсиздиктер да Кукени сындырбай койгон эмес.

АКЫРКЫ ЫР

Ар бир адамдын өмүрү, бириники узун, экинчисиники кыска болуп, жаралуу менен өлүүнүн ортосунда өтөт да. Муну башталышынан туруп карасаң баш-аягы жоктой элестеген менен аягына чыкканда жылт эткен эле бир нерсе болуп калат

окшойт. Чыныгы жашоо Өлүм деген станцияга жете бериште экен. Бешинчи-сегизинчи кылымдарда ташка түшүрүлгөн Орхон-Енисей жазмаларынан тартып ондогон-жүздөгөн кыргыз-казак акындарынын чыгармаларын окудум, балакатка жетип (карып) өлгөндөрүнүн көпчүлүгү эле арманга чөмүлүп, балачака, келин-кесегине нааразы болгондорун айтышат. Белден күч, колдон бийлик кетип, жыла албай отуруп калганда алган жардын, өзүң жашоо берген балдардын колунан энсеген акыркы тамчы сууну ичүү жашоо да, өмүрдүн жыйынтыгы да окшойт. Бул күндү тосууга ар ким ар түрдүү жыйынтык, камылгалар менен барат эмеспи.

Курбанбай андай өмүрдүн жарымына араң жетип кайткан менен акыркы күндөрүндө жазган эки ырында («Кышкы элегия», «Муктарга») өкүнүч менен муңга (трагедияга) толгон бир жактууракорутундусун чыгарып, эпитафиясы жазылчу ташты да белгилеп кетиптир.

«Кышкы элегиядагы»:

«Аэропорттo эл толтура, чуру-чуу...
Учпай калган сомолетту күтүшүп.
Чымчыктар да токтотушуп учууну,
Отурушат бутактарда үшүшүп.

Куйулуу го чымчыктардын бензини,
Билеттери берилүү го колуна.
Зып-зып этип учуп кете бербейби,
Түшүп алып барчу сапар жолуна.
Фрунзеге барышат бейм элчилеп,
Ал жакта уя таба алабы ким билет.
Мүмкүн алар азыр болуп эки анжы,
Ойго чөгүп олтургандыр менчилеп» - деген

саптарды окуганда Курбанбайдын акыркы күндөрүн элестеттим. Бир жагынан сүйгөн жары (балдарын жаш деп коңлу) кабыл албай, экинчи жагынан сүйгөн кесиби биякта турсун, тамак тапкандай кызматы жок, үчүнчүдөн, өз кадыр-баркына, өмүрүнө, туугандык, достук, жолдоштук, жалпы эле, адамдар менен жасаган мамилесине сарамжал карабай, өзүнүн ак

көңүл ишенимине таянып алып, турмуштун татаал лабиринтинде баш чайкап, кайда барарын билбей ичи сыйрылып, сынып турганы көрүндү. Муну сырткы күчтөр менен бирге өзү да жасашты. Аны ичинен мойнуна алып тургандыр, бирок ырларында эрдик жасап айта кетпептир. Мүмкүн башкачадыр... Кантсе да, Ошко чейин каргалардын узатып келгени өзү үчүн да, биз үчүн да орду толгус жоготуу болгон. Акыркы күндөрдү кабарлап тургансыйт. Бир карасаң чет өлкөлүк белгилүү жазуучунун парктардагы скамейкаларга уктап түн кечирип жүрүп, суук түшкөндө атайылап бир күнөө жасап, кышы менен түрмөдө өмүр өткөргөн Сопи деген каарманы элестеп тургансыйт. Акын чебелектеп турат...

Ошондон бир күн өткөндөн кийин, 3-январда жазылган «Муктарга» деген ыры Курбанбайдын бүткүл арманын жыйындысы катары көрүнөт. Чынында эле «Жамбаштап жаңгак столго жазганга шарты» болгон жок. Студенттик жылдарынын баарында, анан Ошко ишке баргандан кийин да 9 жыл бою бирөөлөрдүн өжүрөлөрүндө квартирада жүрдү. 1976-жылы 20-ноябрдагы катында жазгандай, кыргызча эсептегенде 5 бөлмөлүү үйгө жетип, бирок бир жарым жылдан кийин ал үйдөн да айрылып калган тура. Андан (1978-жылдын августунан) кийинки өмүрүнүн аягына чейинки жылдарынын баары түндүгү (крышасы) жок, ар кай жерлерде өтүптүр. Ошого армандап:

«Ак сүт ичсем элде жок,
Алтыным агып селде жок.
Алты жыл тепсем оромпой
«Ай!» деп койгон пенде жок» деген жыйынтыкка келип,
«Көз ачып көргөн Зулфиям
Көңүлүм улап койгон жок.
Арзыган уулум Ак-Назым
Алымды сурап койгон жок» деп бала-чакасына,
«Дааныша болуп башында
Дарс айтып турсам жашымда,
Агаин-туугандык жүрчү эле
Айланчыктап кашымда» - деп, тууган-туушкандарына

капаланган тура. Бул саптардын канчалык жүйөөлүү же жүйөөсүз экенине, аралаша жүрбөгөндөн кийин күбө өтүү кыйын. Кантсе да «Алты жыл оромпой тептим» деп, ачкыл сууга кызыгып кеткенин мойнуна алып, өмүрүнүн бул бөлүгү текке кеткенсип атканына өкүнгөнү жакшы деңизчи, бирок

«Бетеге кетти, бел калды,
Бектер кетти, эл калды.
Осмо кетти, каш калды,
Ооматы кетти, баш калды.
Эпитафия жазылган
Мүрзөмдө эски таш калды» деп, азыркы эле акыл корутундусунун соңунан аянычтуу жыйынтык чыгарып, бир жума өтүп-өтпөй, капыстан чыккан машинанын койдуруп кеткени өтө өкүнүчтүү.

Чынында эле Курбанбай Калдыбаев бек десе, бек боло турган билим жагынан, интеллигенттик дасмиясы жагынан, кыраакы түшүнүгү жагынан камылгасы бар болчу. Бир элдин учарга канаты, басарга тулпары, акыл калчаарга Бакайы болуп бергенге табийгый дарамети, Кудай берген акылы жетиштүү эле. Поэтикалык дүйнөсүн болсо жыйнактарын окуп чыккан ар кандай эле адам байкайт, рухий дүйнөсүн байытып алат, Курбанбайга рахматын айтат деп ишенем.

ОМОР СООРОНОВ
адабиятчы,
Кыргыз Республикасынын маданиятына
эмгек сиңирген ишмер

ТУУГАН ЖЕРИМ - ТУУ КАЗЫГЫМ

ЖЕР МОНОЛОГУ

МЕН-
сенин акылыңмын
башыңдагы.
МЕН-
сенин абийириңмин
жашыңдагы.
Ач калсаң тамак-ашың
даярдаган,
кеч калсаң күтүп-күтүп
аярдаган
МЕН-
сенин энекеңмин кашыңдагы.
Эске тут: адам өңдүү жашабасаң,
өлсөң да кайра сени жасап алам.

ТУУЛГАН ЖЕР

Мен сага сайылган чырпыкмын-
Кууратсаң, кыйсаң да кайылмын.
Каныңдан жуурулган уулуңмун -
өлтүрсөң, урсаң да кайылмын.

Мен сенден жасалган кылычмын,
бөлө чаап таштаймын темирди.
Түздөймүн аркайган тоолорду,
тоо кылам түз жаткан сеңирди.

Сен үчүн жасалган комузмун
же сындыр, же ырда - кайылмын.
Мен сенден жасалган булакмын
же соолут, же булга - кайылмын!

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №.470198.....

Мен сага карызга төрөлгөм
Билесиң... Келбеймин кайрадан.
Сурарым: пайданды көрсөтпөй,
Кайра сен тирүүмдөн пайдалан.

* * *

Улак тартуу. Күлүк да жаш, жигит жаш,
Көрүү үчүн эне келди жыйынга.
Оңойлукка бет алган жок жалгызы,
От тепселеп кирип кетти кыйынга.

Тааныйт жазбай калың топтун ичинен,
Жалын болуп жанат күлүк кашкасы.
Көпчүлүктөн карт эненин көзүнө
Көрүнбөдү бир уулунан башкасы.

А чынында улак ашпай уулуна,
Бийлейт башын намыскөйлүк, кур кайгы,
Анткен менен эне байкуш уулум деп,
Кан жолунан үмүт үзбөйт турбайбы!

Туура эместир бир жыйында шарт кесип:
«Тиги дурус, а мунусу чабал», - деш.
Эл билбеген, тоготпогон уландан
Мүмкүн эртең чыга келер чабандес.

* * *

Атамдан ажырасам ажыраармын,
Энемден ажырасам айлам канча...
Жүрөрмүн эстегенде жаш кылгыртып,
Сыздаармын жылдар-жылга айланганча...

Достор бар көңүл айтып жубатышаар,
Кырсыкка татыр беле капа болуу.
Токтоном турмак белем жапжаш бойдон-
Уулума, кыздарыма ата болуп...

Жоготуу тирүүлүктү кайгы эмес ал,
Мейли өлүм босогомду сагаласын.
Жоготсом тууган жерди кул болушум,
Жанымда эч ким калбайт мага жакын.

* * *

Таржымалым - жазып жаткан ырларым.
Келечегим - тууган жерим, жыргалым.
Мен адашсам адаштым да жаштыктан,
Мен жаңылсам, бирок тилдеп, урбадың.

Төрөлүшүм, жок болушум эмине?!
Мендейлердин керектигин элине
Эми гана жүрбөймүнбү түшүнүп,
Ата сакал бүткөн кезде ээгиме...

Тууган жерим намысымда катылуу,
Менден миң жыл, миллион жыл жаш улуу.
Менин жерим, мүмкүн, жердир жупуну,
Мүмкүн жерим жер аттуунун асылы.

Ооз көптүрүү, тайсалдоолук жат мага.
Ошентсе да бир сөзүм бар сактаган:
Мендей уулдуу болгонуңа мактанба,
Сендей жердүү болгонума мактанам!

* * *

Дарегин угуп алыстан,
Төш жайып тосту Жер-Эне.
Төрөлдү бирөө намыска,
Төрөлдү бирөө жөн эле...

* * *

Бүркүттөр көккө кайкып учарында
Тумшугун кылыч өңдүү ташка жанган
жерденмин.

Ала - Тоонун кучагында
Жашаймын айырмасыз башкалардан.

Бийиктик - самаганым тирүүлүктө!
Аны мен талашалбайм бүркүттөрдөн
Шырт эткен дабыш чыкса чочуп кетчү
Кийик да болгум келбейт үркүп жүргөн.

Чайканган ак нуруна Кызыл күндүн,
Ала-Тоо сүйгөн жарсың, энекесиң.
Жүргүм бар ар-намысың – Кызыл Тууңдун
Эч кимге түшүрбөстөн көлөкөсүн.

МАШАК

Көп болсо жыйырмадыр болгон даны,
А мүмкүн ашпас ондон.
Биз кээде байкабайбыз оргондо аны,
Калгандыр түшүп колдон.

Калың кар кышта түшкөн буга себеп:
Күн нуру кубат байлап,
Жаз келсе топ-топ болуп чыга келет,
Бир даны ондон чайлап.

Жер анда селкилердей серпет кашын
Күзгүсү күнгө карап,
Сыланат жайып салып саамай чачын
Шамалды кылып тарак.

ЭКИ СУРОО

Жерде туруп жылдызды торго салып,
Айды, Күндү саат кылып колго тагып.
Жер байлыгын калтырбай ачып салган,
«Жырга-а, адам!» деп жайнатып чачып
салган -
сенсиңби Адам?!

- Ыза болгон балача эмшиң-эмшиң чал
ыйлап,
Энеси өлүп,
көкүрөгүн тытмалап,
эмчегинен сүт ордуна
кан чыркаса
бала ыйлап,
Бомба жарып:
эч күнөөсүз адамдардын
сөөгүн сөпөт,
устуканын упат кылган -
сенсиңби, Адам?!

БАЙГЕ

Жол сугунуп ылдамдыктын кулачын,
байге болмок аталардын мурасы.
Күлүк тынчсыз, кулак түрөт омийинге,
мезгил жетти ар - намысты сыначу.

Чычаладай арыш керет үмүттүү,
чымын көрбөйт үстүндөгү жигитти.
Күн чакчаят тойдун соту өңдөнүп,
жүгүрүүнүн духу бийлейт күлүктү.

Чаткаякка шимирилип закымдар,
бирде үзүлүп, бирде кайра жакындан.
Күлүктөрдүн көзү көрбөйт эч нерсе,
жылууланган тер жыттанат такымдан.

Жалаң нурга Күн боёду жер өңүн,
күлүк сезбейт бир марадан бөлөгүн.
Артта калуу өлүм менен барабар,
бирөөнүн да бергиси жок өнөгүн.

Намыс бийлейт ат башында тыбырап.
Жал-куйруктан чуу-ышкырык угулат.

Мезгил токтоп карап турат кылчайып,
жер көчүүдө баш айлантып зымырап...

Күлүк туйду мара жакын калганын,
эми сезди жаш баланын салмагын.
Ээсин көрдү көздөрүндө толо жаш,
элди көрдү карап турган жарданып.

Эч билинбейт камчы тагы жамбашта,
алды намыс адам эмес, Айкашка.
Бирок неге сылтып басат жер карап,
сыймыктанбай жеңип чыгып кармашта.

...Тосуп алса тоо башында күлүк Күн,
башын коёт далысына жигиттин...
Көрсө эмки байгелердин түйшүгү
жанын эзип жаткан тура күлүктүн.

АРЧАГА

Кыштын суугу каарып өтсө качырып,
Кайра жашыл бүчүрлөрүң ачылат.
Өзүң өндүү көп жашамак адамдар
Өмүрүндөн бөлүп берсең азыраак.

Тармал жалдуу, жашылданган денени-
Табигаттын сага берген белеги.
Алты жүз жыл жашаганда не пайда
Адамзатка тийбеген соң кереги.

Ооба, арча, оюм ошол чынында,
Сенин жашың керек эмес ырымга.
Адамдар бар өзү аз жашап, эмгеги
Калып калган кылымдардан кылымга.

Каалаганда кыйып салган отунга,
Ката демек: «Көп жашаймын өтө», деш.

Адамдардын бир күн көргөн эмгеги
Сен жашаган бир кылымга тетелеш.

ӨМҮРГӨ

(Алыкулга)

Айтчы, өмүр, буга эмне демексиң-
Ажал тооруп мейли өпкөгө жел өтсүн.
Карт ооруну кан жөткүртүп төшкө тээп,
Кайрат менен ыр жазганга не жетсин.

Бетке айтканга бекер аның дебессиң ,
Бейитиңе кол кушуруп эл өтсүн.
Аз күн көрүп, өлбөс өмүр тургузуп,
Алыкулча жашаганга не жетсин!

ТООДО ТҮНӨӨ

Ат чыгалгыс тээ асканын башына
Бизди араң алып чыкты эки өгүз.
Кымбат тоонун жамбашка өтсө ташы да,
Түнөп калдык теңтуш курбум экөөбүз.

Асман, тоонун ашталышкан жеринде
Турдук бийик ...сайып койгон туу болуп.
Дем алганың тоодон кубат өмүргө-
Алды жакта булут учат куу болуп.

Тоодо аба туптунук. Шок шамал,
Этек-жеңди кымтылантпай кутурат,
Чөп чайнасаң уузу татыйт эненин,
Көөдөн толо бабалардын жыты урат.

Муздак ташы денелерди ысытат,
Сүйүүлөрүн бүт сиңдирип кеткенби?!
Туландары туздуу... коңур жыт келет,
Соолбосун деп жылуу терин төккөнбү?!

Аскалардан жаңырык бар ырдаган
Тоо күзөткөн жоокерлердин үнүбү?!
Жылга-жыбыт күү тартышат кубултуп-
Кыз-келиндер айталбаган сырыбы?!

Тоолор шандуу... Тоолор сулуу... Жасанып,
Тосот таңды-күмүш кирпик, ак тамак.
Өткөндөрдүн өмүрүнөн жашарып,
Жаңы күндүн жаштыгына мактанат.

АЛА-ТОО

Чогулушкан ак булуттар кечинде
Чокко айланды тээ батышка капталып.
Төшүн керип ныксыроодо Ала-Тоо
Ошол чокко жаткан өндүү кактанып.

ЖАЗ

Жаз жасанган сулуу кыздай,
Жашылданып жер үстү.
Күн нуруна боюн ыргай,
Гүлдөр чыга келишти.

Сагыныпмын эрке желди,
Саат саналып өттү көп.
Жаттым сүйгөн селким өндүү,
Жаз эринин өпкүлөп.

УЙКУСУЗ КАЙЫҢ

Күн кирпиги ийне болуп,
Укол сайса кыртышка,
Бүт тамырлар канга толуп,
Даяр жерди жыртышка.

Ысытмалоо даракка өтөт,
Чыккан өндүү кызамык.
Ак кайындын тынчы кетет,
Кеттимби деп кызарып.

Жугуштуу оору саздан чыгып,
Өткөнбү деп аралап.
Көлчүктөрдү күзгү кылып,
Кайың жүзүн каранат.

Жок, оору эмес, оюн күсөп,
Жаз жүрүптүр жанында.

Селкиге окшоп боюн түзөп,
Эми уйку жок кайыңда.

ӨЛГӨН ЖООКЕР ЖОК

Планета согуп турат жүрөк болуп,
Адамга өмүр сунат мүрөк болуп.
Биз сүйгөн дүйнө көркү ажайып, кең
Тартылат көз алдыга сүрөт болуп.
Жоокердин гүлгө айланып денелери,
Күн болуп тиет карек-жебелери.
Урмат, даңк, шаңга толгон тегереги.
Алдында нур тараткан дүйнө мүлдө
Тик карап түк кылгырбай көзүнө жаш...
Жашоодо эл көрө элек жыргал күндө
Уулунан өңү да жаш, өзү да жаш.
Таманга абийирлерин таптап салган,
Өңү сур, тилеги көө максаттардан
Өрт кечип өмүрлөрдү, келечекти,
Өлкөнү, планетти сактап калган.

ЭРГҮҮ

Сенектикти кубалап жикилдетип,
Эргүү келет жүрөктү дүкүлдөтүп.
Мен билбеген эч нерсе калбагансыйт,
Бийлик кылам баарына күчүм жетип.

Адилетти чиймелеп каламым да,
Мен дүйнөнүн өзгөрүү тарабында.
Кара ниеттик калчылдап, тилин сунуп,
Кан жөткүрүп жаткансыйт таманымда.

Сансыз сырлар тигишин ыдыратып,
Колго түшөт жылдыздар быдырашып.
Кетет менден туптунук идеялар,
Ачылуулар, түйүндөр кырын ашып.

Эргүү, эргүү! Максаттын чырактары.
Эргүү, эргүү! Өсүүнүн булактары.

Өзүмдү өзүм эритип, кайра жасайм,
Өлгөндөргө өмүрдү улап жаңы!

АЗОО ҮЙРӨТҮҮ

Болду эми, үйрөтөлү буларды,
Баары өзүн сымбатына чыгарды.
Алды менен кармагыла эң чатак,
Четте турган сары кашка кунанды.

Өйдө болду кары айтып бул кепти.
Жылкычылар аштоолорго туз төктү,
Жаландаган сары кашка чунаңдап,
Жанындагы сур байталды бир тепти.

Туз жалабайт тайталактап кутуруп,
Далдоо жактан сойлоп барат укурук.
Алдыңкы бут тикелене түйүлдү,
Титиреди жамандыктын жыты уруп.

Чабалактап эч айласын таппады,
Дем кысылып, көз тунара баштады.
Үстүңкү эрин чорбуйланды тысырап,
Үркүү да жок, мөңкүү да жок баштагы…

Көздөн учуп тунук суусу булактын –
Ич бышырат тынчын алып кулактын.
Түшкө кирет үйүрдөгү күндөрү,
Бошонсом дейт, бирок түркүк турат чың.

…Көндү азоо ата-салттын баарына,
Камчы жеди соорусуна, санына.
Эркин анын тизгин гана бийледи,
Кете албады өзү сүйгөн жагына.

Сезди азоо төрөлүүнүн максаты –
Адамдарга бекерчилик жакпасын.
Азыр ээси-эң бир кымбат адамы,
Шандуу басат жаркылдатып кашкасын.

Көрдү азоо күзүн, кышын, жазын да,
Анын баары сыйбайт экен аз ырга.
Басыгына чабандесин мас кылып,
Сары кашка сапардадыр азыр да…

ЖАРЫШ

Чу койдум жол каржымды бөктөрүнүп,
Сабымда сууп бүткөн өңчөй күлүк.
Жанымдан чуу деп өтөт, селт дей түшөм,
Канымда кайнап барат жек көрүүлүк.

Диркиреп сезим канап, канат канап,
Үмүттүн учкундары өчөт, жанат.
Алдыда бара жаткан күлүк тобу,
Көзүнүн арты менен карап барат.

Жарышта аёо болбойт, сыйлоо болбойт.
Жарышта чаңда калсаң ыйлоо болбойт.
Түз, дөңбү, адыр, тообу, чытырманбы,
Күлүктөр дайым жанын кыйноону ойлойт.

Бир күлүк кетти түшүп башка жолго,
Бир тобу самсып барат кашка жолдо.
Бир күлүк жаны кейийт тер чача албай,
Бир күлүк өзүн сабайт башка, жонго.

Дене-май, күйүп кетсин биликтеги,
Чучуктар эрип кетсин жиликтеги.
Жашасын жарыштагы намыскөйлүк,
Жашасын өзүмчүлдүк күлүктөгү.

МЕН

Тоолуктарды ойготом уйкусунан,
обон жазып сак кулак аскасына.
Күтүрөтүп илгерки жомокторду
айдап кирем балдардын бакчасына.

Жөнөтөмүн келечек сапарына,
бөбөктөрдү катарга тизип алып.

Камчы ордуна колуна карматамын
кометанын куйругун үзүп алып...

Пахтакердин, дыйкандын талаасына
суу бурамын, жел болом аптабында.
Түш жиберем ажайып эл көрө элек,
иштен кайтып мемиреп жатканында.

...Турмуш татаал, а адам андан татаал,
Тартынбагын келсе эгер сыр сурагың.
Капалыкка кайратты тартуу кылам,
кубанычка жапжайдак ыр сунамын.

Ушул менин кесибим, табиятым,
мен бар жерде мээримге капталасың...
Оо, аз жерден унута жаздаптырмын,
баса, досум, сен эмне иш аткарасың?

ЖААНДА КАЛГАН КЫЗ

Жаз пейили
комик мисал күлүп туруп муңайган.
Өчү бардай биздин тоодо,
биздин айыл тарапта
Мөндүр болуп тээ-тетиги
кара булут булайган
ойду-тоону көз ачырбай
сабап кирди заматта.
Улам-улам сыртка чыгат бир эне
серепчилеп тоону карайт,
жолду карайт үңүлө,
он алтыга жаңы толгон,
жаз жытына мас болгон
кенже кызы гүл терүүгө
тоого кетчү күнүгө.
Өзүнө окшош кызыл гүлдү,
назик гүлдү,

жапжаш гүлдү
десте кылып көккө булгап,
жондон ылдый жөнөп түз,
суу болгонго жаны жыргап
жылаңаяк келет кыз.
Ак балтырын чала өбүшүп,
ууз этине жабышып,
арманы көп шибер калат,
көз жаштарын агызып.
Байкай калып үй жакынын.
эне карап турганын,
гүлдестесин аяр гана
көкүрөккө кармады.
Жаздын жашыл сахнасында
Кыздын бийин көрүп турган
жондордун да,
жондордун да жоктур эми арманы.

АКЫЛ МАРШЫ

Юрий Гагаринге

Сок, добулбас!
Дүңк-дүңк!
Акыл келет төрт сап болуп тизилип,
космодром араң турат
кетүүчүдөй үзүлүп.
«Даярсыңбы?»
«Даярмын!»- деп жапжаш
Акыл жооп берет.
Кулак жарган добуштан
кутулгуча биротоло
«тартылуу күч бошотту» деп жооп келет.
Көп жылдыздар- көрүүчүлөр
симфония оркестрин күүгө салып күтүнөт.
көрөлеги жөөлөшүшөт күтүрөп.
Чолпон жылдыз жүрөгүн

сүйүү каптап... титиреп.
Жерде болсо дале Акыл майрамы,
Добулбастар бардык жерде коюлган.
Түн ойготкон дүңк-дүңк,
Добулбастар бардык жерде
согулган, согулган.

Акыл сызат кулунга окшоп,
өзүн берген энекесин айланып.
Акыл учат көккө салып жарака,
көз ирмемде жылдыз калып, Ай калып.
Кайра кел деп суранышып көп жери,
Аралашса жылдыздарга кайрадан,
Биригишкен оркестрге көктөгү
Жаңы гана дирижер кылып шайлаган
Укугу зор дирижер
Жулуп алып кометанын куйругун,
Дирижердук таяк кылып ,
оң колуна кармаган.

Анда деле добулбасты
Марс сакалын сапсайтып согуп жатты
дүңк-дүңк!

Кыйкырык, чуу,
көк жаңырткан кол чабуунун алдында
жаш болсо да чоң таланты бааланып,
космосто өткөн
«Аалам маршы» аттуу жаңы конкурста
Биздин Акыл түшүп келди
лауреат деген наам алып.
Жерде болсо космонавттар -пионерлер
кызыл жагоо тагынып,
эмки болчу чоң конкурска камынып,
«Жашасын Акыл» увертюрасын
ойноп жатты добулбас!
Дүңк-дүңк!

САЯКБАЙ КАРАЛА УУЛУ

Оо чиркин, дүйнөнүн жоомарттыгын
карачы!

Айтууга аны тил кайда,
ырдоого аны үн кайда,
тиги аскалуу Ала-Тоонун ичинде
күкүктөп агып жатат бир дайра,
анда кабыландар чабак уруп ойношот,
жээгинде аргымактар азанап,
үстүндө төшүн шарга өптүрүп
ак куулар сүзөт калкылдап,
ак калпагы кайкалап,
ак албарс кылыч жаркылдап
бул жер баатырлардын мекени,
бул жерде бакжагай сакал бабам бар,
бул жерде ак элечек энем бар,
бул жерде
алтын оймок,жез тырмак,
ай далылуу уздар бар,
бул жерде
ай нурунан бүткөндөй,
акак тиштүү кыздар бар,
бул жерде
арыстандай айбат бар,
алптарды уктатпай жаткан
кайрат бар,
үзүлбөгөн үмүт бар,
күшүлдөгөн күрөш бар,
жашылданган өмүр бар,
бул жерде
жазылып бүтпөс дастан бар.
Оо чиркин, дүйнөнүн наамарттыгын
карачы!
Бул дайра жалгыз экен ааламда,
затын көрсөм деген андан көп,

атын уксак деген мындан көп,
мунусун кайдан билиппиз,
биз буга маани бербей жүрүппүз,
эмесе,
даарып кеткен дарыям,
күкүктөп
нускалуу күүндү чала бер,
күпүлдөп
Күн-Мекен көздөй ага бер,
ырыңды урпактарың ырдасын,
ыр уккан адам жыргасын,
шарпылдап
кубатың күндө ташысын,
калдайган калың журттун мүлкүсүң
жаркылдап
күн нуру турсун жүзүндө,
шаңкылдап
угулсун доордун күлкүсү,
мендеби
айтууга аны тил кайда,
сендеби
ырдоого аны үн кайда,
экөөбүз менен иши жок
аркайган Ала-Тоонун ичинде,
шумдук-ов,
күкүктөп агып жатат бир ДАЙРА.

НАЗЫМ ХИКМЕТКЕ

Дүйнөдөн тапкан мекенин,
Сүйүүсүн тапкан жүрөктөн.
Ким билбейт Адам экенин,
Назымга окшош ким өткөн?...

Түрмөдө жатсаң кубарып,
Канатын күүлөп ырларың.

Тирүүңө сенин кубанып,
Күрөшкө тарткан кыйланы.

Кыялың аалам чабыттап,
Кыядан бастың жан өткүс.
Мезгилдин күчүн аныктап,
Мемеддер[1] азыр сан жеткис.

Түрктөрүң нуру күнүндүн-
Түнөрүп жатат эми да...
Улантчу күчүн үнүндүн
Уулуңдай сана мени да.

АЖАЛГА ЭСКЕРТҮҮ

Турган кезде алсырап,
Жаткан кезде кокус болуп кансырап,
эки көзүң мен тарапка шам болуп,
шыйпалаңдап жарым кашык кан сурап,
келгенинде
жалгыз күчүм жетпесе,
«Мен өлбөймүн, жогол, жогол»,-
деген сөзүм өтпөсө,
жанымдагы досумдан,
сурап алып бир аз күч,
ичтен айтып бир, эки, үч!
атылган ок өтпөгөн
ажал эмес атом күчү жетпеген
адам болуп тура калып,
кайра өзүңдү өлтүрбөсөм карап тур!
Оорулардын колтугуна суу бүркүп,
адресим так жазылып баракка,
сен жиберген оорулар
эшик чертпей үйгө кирип,
жазып жаткан жеримде

[1]Мемед - Назымдын уулу

мени алышса торуна,
эптеп-септеп бир колумду бошотуп,
«ОЗ» кө сөөмөй жетсе болгону,
ак кийимчен адамдын
бир жериме тийсе болду оң колу,
ооруларың алапайын табалбай,
кайра-кайра менден сурап кечирим,
«күч жок экен адамдай,
айлам кетти багынталбай эч кимин»
деп айттырып үйүмдөн
зар ыйлатып кууп чыкпасам карап тур!

Арган куруп, өпкөң көөп жөтөлүп,
Алтымыштан ашырбайм деп кекенип,
кезек күтүп турганында
кетмен алып колума,
талаадагы эгинге,
бак ичине суу жайып,
алма, өрүгүн терип жейм
жаш баладай дан салып,
турам сени бакка жакын жолотпой,
коркутсаң да, жалынсаң да канчалык.
Ошентип мен эмгек менен жаш болуп,
жигит болом кары деген атым жок.

«...КОШ ЭМИ КҮТПӨ МЕНИ, ҮМҮТҮҢ ҮЗ...»

(Кыздын сөзү)

Мен сенден үмүт үзүп калалбаймын,
Мен сенсиз жарык чачып жаналбаймын.
Чыдап көр, эркиң канча күчтүү экен,
Мен сенин уйку бербес санааңдаймын.

Ээн жерде шыбырыңмын кулагында,
Эл барда аралашып турамын да,
Сөзүңдөн жаңылдырам бет кызартып,
Эстетем мени унутчу убагында.

Окусаң же поэма, романбы,
(Отурсаң эске албай дарегимди),
Саптардын арасынан орун алып,
Түшүнтпөй карыктырам карегиңди.

Түйшүктү үйө бербе сен өзүңө,
Түңүлбөй жылуу кара элесиме..
Жыл өтөр... таарынычты сүйүү жеңер,
Адамбыз, убакыт бар, кел эсиңе.
...Эстечи, кандай эле үмүтүбүз?!

КЫЗДЫН ЫРЫ

Сөз катпа: айды алып беремин деп,
болбос иш, кантип ага таарынайын.
Сөз катпа: жылдыз терип келемин деп,
жылдызды мен эмнеме тагынайын.

Жер болсо булбул сайрап, гүл аңкыган,
бул сага жарашат деп ыйгарбагын.
Сурарым: аалам кезип уйку көрбөй,
гүл издеп, жакут издеп кыйналбагын.

Сөз катпа: кир кылбайм деп кирпигиңди,
өмүрүң өтөт дебе ардак менен.
Өзгөчө жасап койсоң башкалардан,
өңүмдөн өчпөс болуп калмак белем.

Сөз катпа: бейиш куруп беремин деп,
Кой аны, кантип ага таарынайын.
Бөлүнбөй жүрсөң болду көзүм барда,
жыргалым, бактым ошол, кагылайын!

ЧЫНДЫК ТАМАШАСЫ

Тоббоо! Кызык нерселер көп турмушта,
аны айтууга сөзүм жарды, ыр кыска.
Жан дүйнөнүн татаалдыгын карачы,
жана күнү мен туш болдум бир кызга...

(Сага жалган, мага бирок анык бул),
Жашы араң, он сегизге барыптыр,
оонап кеткен отуз жашка карабай
ал кыз мага ашык болуп калыптыр.

Далилдөөгө, ынантууга жол бербейт,
акылына, алдаганга бой бербейт.
«Агай, сенден сураганым бул болсун:
арзып алган аялынды коё бер»,- дейт.

Маакул, маакул! Мен тартайын айыпты,
үйлөнөлү өмүрлүккө сайып туу...
Сен экөөбүз жыргап жүрдүк ошентип,
А ким алат мен коё берген зайыпты?!

Ал кыйналып, сен го жыргап жүрөсүң,
Сулуулукка көз тойбосун билесиң.
Дагы бирөө мени сүйсө, мен алсам,
Айтчы, досум, а сен кимге тиесиң?!

УУЛУМДУН ОЮНУ

Кээде ыйлатып, кээде кайра күлгүзүп,
кежирленсе кээде бурчка тургузуп,
унутулуп мээ ооруткан түйшүктөр,
уулуң менен ойногон да бир кызык...

Жактырбайбы көп оюндун бир түрүн,
алып чыгып катып койгон мылтыгын,
таа-рс деп атат, мен кулаймын шалак деп,
тилим чыгып, дирт-дирт этип булчуңум.

«Өлдү!» дейт да, аттап өтүп башыман,
ары жактагы бир бурчекке жашынат.
Ишеneби, ишенбейби «өлгөнгө»,
атакелеп «тирилтүүгө» ашыгат.

Сенин ага «өлгөндүгүң» бир тыйын...
Мага карай дагы мээлейт мылтыгын.

Таа-арс деп атат, мен кулаймын шалак деп,
тилим чыгып, дирт-дирт этип булчуңум.

«Өлдү» дейт да кыйынсынат, кубанат,
Ушул оюн бир топкочо уланат ...
Өзү дагы жадады бейм аткандан:
«Эми үй куралы, атаке»,- деп суранат.

ТОРГОЙ

Учуп чыкты көккө торгой
Көөдөнүнө ыр батпай.
Үнү ээлеп мейкиндикти,
карааны жок тырмактай...
Сиңип кетти, эрип кетти
сансыз үнгө бөлүнүп,
жерге, элге, гүлгө, ташка
нөшөр болуп төгүлүп.
Чөптөр башын ийкегилейт,
бийлейт, жыргайт, каткырат,
бетегелер ышкырынып,
кол чапкылайт аткулак.
Ыр ширесин суусун кылып
жутуп жатты топурак...

ЖОРГО САЛДЫРУУ

Сүйүнбай Эралиевге,
Сооронбай Жусуевге,
Байдылда Сарногоевге.

Шамал үйлөп кыз көзү үлүңдөдү,
жорго жалы, кыз чачы бириндеди.
жорго шашты, кыз шашты, күлүңдөдү,
жорго жашпы, кыз жашпы билинбеди.

Адыр келет, түз келет чимирилип,
арык келет, кыз келет зымырылып,
тоо магдырайт түз жолго кыңырылып,
зоо жалдырайт кыз, жорго ырын угуп.

Кол шатырап, ойлор да ысып барат,
жол тапырап, жорго да сызып барат,
көл койнуна чүрөгүн кысып барат,
эл ойнуна жүрөгүм ысып барат.

Торгой тили табышты ырдайт көктө,
жолдор эми калышты жыргап көпкө,
жер дүпүрөйт жоргонун басыгынан,
эл күтүрөйт колдорун булгап көккө.

ЖӨНӨКӨЙЛҮККӨ АНТ

Өзгөрүлөр мүнөздөр
шартка карап дайыма.
Жөнөкөйлүк, өзгөрбө,
сиңип калган каныма.

Адам кылган бир өзүң,
аны жакшы билесиң.
Арка болуп ар жерде,
алыстабай жүрөсүң.
Оюп салгын көзүмдү,
Өрттөп салгын сезимди.
Кайырлашкын түбөлүк
капа кылсам өзүңдү.

Сени сыйлап турбасам,
Сага таазим кылбасам-
түгөйлөшүң ЖЕР урсун
Ыйык атың булгасам.

УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШТАН КАЙТПАЙ КАЛГАН БИР БООРЛОРУМ ЖӨНҮНДӨ ЫР

Экөөңөр тең балалуу болбой өттүңөр,
(кийинки төрөлгөндөрдү уулуңардай күтүнөм).
Экөөңөр тең айылга кайтпай кеттиңер,
(кайткандардын баарын силер деп түшүнөм).

Энем байкуш көзүн жуумп баратып
деген эле:
«Уулдарым кайтканда той бергиле».
Кай жерде той болбосун,
ал тойду ким бербесин
нан ооз тийип багыштачумун силерге...

...Өчүм көп силер үчүн ала турган:
ӨЧҮМДҮ -
баскан изиңерди гүл кылып -
жерден алам!
ӨЧҮМДҮ -
орунуңарды жоктотпой -
төрдөн алам!
ӨЧҮМДҮ -
күлкү орнотуп -
ыйдан бүткөн көлдөн алам!
ӨЧҮМДҮ -
өлгөнүмдө жатпай коюп -
көрдөн алам!
Силер тикпей кеткен бактарды-
тигип алам ӨЧҮМДҮ!
Силер сүйбөй кеткен кыздарды-
сүйүп алам ӨЧҮМДҮ!
Экөөңөр тең айылга кайтпай калдыңар,
(азыр бар биздин үйдө 15 адам).
Экөөңөр өлбөй от болуп жандыңар,
кыйын иш от чагылтуу ӨМҮРДӨН,
от болуп жаналбайт көрүнгөн!

* * *

Уясынан жаңы гана телчигип,
Улуу жолго даярданып жатканда,
Кокус болсо бир канаты мертинип,
Учаар беле барчын сызып асманга?...

Жок, учалбас, жыты уруп өлүмдүн,
Себеп болуп кокустуктун жараты.
Сенсиз чыкпайм сапарына өмүрдүн,
Турмушта биз бир барчындын канаты.

КЫЗДАР ЖАТАКАНАСЫ

Күүгүм тартып, шаар ичи мемиреп,
Куштар болсо жашчылыктын ойнуна,
Жатакана сүрдүү... сүйкүм көрүнөт,
Сулууларды катып алып койнуна.

Бозой келет саатын карап шашыла:
«Жарым саатта спектакль башталат».
А селкинин сабак кирбей башына,
Улам-улам терезеден баш багат.

Жалпы көздөр караңгыда үңүлүп,
Жалаң гана дарбазага кадалат.
Жалгыз караан экөө болуп биригип,
Кетти анан коюу бакты аралап.

Бул көрүнүш кайталанып күнүгө,
Чымчык чочуйт дир-дир этип кош канат.
Таң атарда тарап аран үйүнө,
Бак түбүндө отургучтар бош калат.

Швейцарка эне болуп кыздарга,
Сыртта көпкө жүрбөгүн,- деп башкарат.
Анткен менен купуя сыр айткансыйт:
«Турмуш үйү так ушинтип башталат».

САПАР ТҮЙШҮГҮ

«Байкуш атам...
бет булчуңу дирт-дирт этип,
денемди уу чачкандай дүркүрөтүп,
өлүп калды.

Атамдын тирүү көзүн акыркы ирет
көрүп калдым».
Аягын айталбастан
үшкүрүнүп:
«Атамдын өлгөнүнө күмөн алам»,-
деди да, башка бир сөз кайтарбастан
жер карады.
- Ээ, досум! Мен да сендей жүрөм араң
атамдын өлгөндүгүн унута албай,
муз-кайгы каптап кеткен
нариste сезимимди жылыта албай.

II

Жүгөндөп атам минген Айкашканы
жерди өөп, суусун жуттум жата калып,
Жөнөдүм турмуш көчүн айдашканы,
атамдын досторунан бата алып.

III

Турмуш ов! же айдатпайт, жетелетпейт:
Атыңдын тери кургап бүтө элек!- дейт.
Мурдуңдан эшек куртуң түшө элек!- дейт.

IV

Муштасам таш быркырап жалын чачсын,
Тал сыксам көз жашындай тамчыласын,
Дүпүрө! толуп-ташып турган кезиң,
Чаалыксаң курбу-курдаш камчыласын.
Чү, жаныбарым, Айкашка!!!

КОЛ ТАБЫ

АПРЕЛЬ

Алдейлеп
жаңы айдалган талааларын,
сунулган бутун серппейт
түн ныксырап.

Жемим деп
чокуп алат салаааларын
дараkта түнөгөн куш уйку сурап.

Өзөндө өркөч суулар...
Үн жаңырат
Көңүлүң шейшеп эмес,
гүл жамынат.
Балага Күн көрүнгөн Апа болуп,
Энеге ымыракайдан нур чагылат.

Канаат кыл тандап алган ырыскына
энчиңе көп тийдиби , аз тийдиби?...
Апрель төгөт эми жоомарттыгын
Колуна толук өткөн жаз бийлиги.

Моюнга милдеттин оор жагын алып,
алдыга зэрчитип элдин көчүн...
Убакыт өткөн сайын жаңыланып,
Үрөндөй саймалайбыз жердин бетин.

Бул аалам жалкоолуктан куралбаган,
Кана элек жашоо деген кумарга адам.
Кур калсаң: өмүрүңдү уттурганың -
табият тартуулаган шыралгаңдан!

ШУМКАР

Көрбөпмүн келсем дагы ушул жашка,
Шумкардын отурганын конуп ташка
Үстүм - көк,
алдым - өрөө,
тоо ичинде
жымжырттык,
жан көрүнбөй бизден башка.

Куш эмес олтургансыйт муштай жүрөк,
тумшугун улам ташка коёт бүлөп:
бул анын курсагынын ток экени-
жагжагы төшүн турат бийик тиреп.

Омсоңдоп алды - артын, күндү карап,
Кыязы бейпилдикти турду самап
Үрпөйүп
бир силкинип алды дагы
канатын баштан - аяк кирди тарап.

Ал көрүп жатат экен ненин камын?
Чагылса тийген нурга көзү жалын.
Сыдырат үч-төрт катар жаза кетпей,
Сыймыгы канатынын ар бир талын.

Канатын тарап, санап бүттү мына,
Мен таңмын бир калыптуу кыймылына
Дирт! этип
Желпигичтей жазып ийди,
кезеги жеткен белем куйругуна.

Жалтырап чыга келди жогдор жүнү,
Үйрөнгөн адат-тартип бүткөнсүдү.
Үрпөйүп
бир силкинип алгандан соң
эки эсе кичирейе түшкөнсүдү.

Учууга ынтызарлык убак тилеп,
Көөдөнүн кубаттуулук турат тиреп,

Анакей!
Мандайдагы миздүү ташта
Куш эмес отургансыйт муштай жүрөк.

Перзенти табияттын эркин өскөн
Ишенген канатына, билегине.
Заматта болду шумкар көздөн кайым,
кеттиби уядагы түгөйүнө?

Толгонсуп жан-дүйнөндө келең-кемтик,
Жүрөктө таттуу сезим турат бөрүп...
ордумдан турам дагы (кызык өзү!)
Колумду учар өндүү
коём серпип...

ӨТКҮН

Билбейсин, кеткендигин кайдан-жайдан?
Токумдай кара булут болду пайда
Күн нуру эмелеки пардаланып.
Кабагы көктүн бүркөө тартты кайра.

Жээгинде чычырканак, жылгын өскөн,
Элеңдеп селден коркуп турат өстөн.
Жолунан жолукканын шөмтүрөтүп,
Жазгы өткүн өтүп кетти көк көйнөкчөн.

Талаалар көргөзмөдөй жибек жайган.
Жандуулар кубулушка болуп айран
Асмандан көзгө сүртөр булут таппай
Бардыгы карайт күндү бажырайган.

Толкуну сапырылган шиберлердин-
элесин көзгө тартат деңиз, көлдүн.
кошулуп жерден чыккан ысык буура,
илеби урат муздак керимселдин.

Тунжурап- «туйдуңарбы?» деген өңдүү
Кооздуктун бир капшыты турду толбой...
Обонго шыкап ийди теребелди

далдаадан учуп чыккан ырчы торгой.
Жол тайгак,
Эми чыкпайт жумушка алар,
Узабай үйлөрүнөн - үйүп койгон
Кургаган ташка чыгып кумурскалар
буттарын тазалашат ылай болгон.

Сергийт да, көкүрөктө жүргөн мүлкүң,
Шыңгырап бир жагымдуу чыгат күлкүң.
Өмүрдүн үзүмүндөй бул кубулуш
Кайрадан кайталанып турбайт, чиркин...

МАЙ ТҮНҮ

Жымжырттык. Жууркан ачып, мезгил сөнөт,
Түн дагы көзүн ачты койгон төөнөп.
Жылдыздар көз жыртышып уюгунан
Калышты күндө турчу ордун ээлеп.

Көбөйсө жылдыздардын жайнаганы
көрүнөт көктүн бети калбыр болуп,
Ансайын
магдыратып айлананы
асмандан жарык түшөт
жамгыр болуп.

Үмүттүн берметтери эч төгүлбөй,
Жашоонун айдың көлү бөксөрүлбөй,
Токойдо
сүтак тынбайт,
тынбайт: «сүт-ак!»-
качан бир
унут калган эскерүүңдөй.

Алгыдай менчигиңе басып аны,
Аттиң де! ...
Же убакыт эмес жалгыз ...
Сезимди чокугансып
селт! каратат
Тушуңдан төмөн көздөй учкан жылдыз.

* * *

Булбул таңшыйт, ойлоп келем арыкты,
Жалбыз жыты –бурр! - дей түшөт мурунга.
Үн басылбайт караңгыбы, жарыкпы-
Эмне деген касиет бар бул ырда?
Күндүз сейрек, түн ичинде айрыкча
Жерге түшпөй аба жарып, калкылдап,
Күү төгүлүп кайталангыс кайрыкта,
Кереметтүү бүлкүлдөгөн алкымдан.
Уксун дейби - тирүүлүккө арзыган?...
Кансын дейби күүгө болгон кумарга?
Же ошентип, кутулабы карзынан
Бир жылдыгын төгүп берип бир айда?
Булбул таңшыйт бойлоп бассам арыкты,
жалбыз жыты
-бурр! - деп урат мурунга.
Билбей келем
же сүйүүнүн, кайгынын
кайсынысы арбыныраак бул ырда?

ӨРҮКЗАР

Мен сага жазда келгем, жайда келгем,
Эзилип мөмө бышкан айда келгем.
Көңүлүм көркөмүнө туткундалып,
Буйруптур, кийинчерээк кайра келгем.

Бутактар сыймыктанып жашы менен,
туландар желге тарап чачын өлөң...
Өрүкзар – көрүнгөнсүң келин болуп-
Мөмөлүү, жалбыраktуу жашыл денең...

(Чынында көп нерседен кур калабыз,
Өмүрдүн бүтөөр чегин алыс көрүп...)
Сенден эч ажырагым келбей койду,
Сезимди чырмап алып наристелик...

Аргасыз кош айтыштык...
Дагы келдим.

Күз эле
Өрүкзардын багын көрүп.
Ичинде үч-төрт жандык оттоп жүрөт,
окшобойт мурункуна такыр белгиң.

Жымжырттык.
Нес немече жалдырадым.
Өрүктүн жерге түшкөн жалбырагын
басууну ыраа көрбөй аттап өтөм
жалбырак, жалбыраktар бардык жагым.

Шамал да өчөшкөнсүп кычап улам,
Шып жулат жалбыракты бутагынан.
Балача ыйлайт, каалгыйт, кыйыктанат
Түшпөгөн энесинин кучагынан.

Жалбырак жупка мисал кабаттанып,
(Жандыктар жыргайт мында тамактанып)
Жалбырак чымчык болуп конот жерге,
кайра учпайт чымчыктардай канат кагып...

КҮЗГҮ КЕЧ

Көлкүлдөп
Уясына күн баратат,
асманга
алтынданган нур жалатат.
Эстетип
унутулуп калган кезин –
бул учур – өчөөрүндө жанган сезим.

Аяйбы миң сан көздү
жалдыратпай,
уяга ошол бойдон калды батып...
Капырай, жанып турат кызыл-кочкул
боекко
малып алган жалбыраktай...

Энкейип
бели, тизе бүгүлбөгөн,

этеги төш, даракка илинбеген,
мынакей,
жылып келет
сары көздүү түн сүлдөрү
мышыктай
басканы түк билинбеген...

СУГАТЧЫ

Күн чагылтып кетменин,
ала кылбай эч жерин,
сезбей келет сугатчы
күндүн кандай өткөнүн.

Арасына пахтанын
Түнөп калат тим койсо...
Дүйнө түгөл ар дайым
Ага жер, суу, күн болсо!

Кайда жүрбө, шарт кандай,
үйдө сыртта баспасын.
Жалган кошпой, мактанбай
Сүйлөп кирет пахтасын:

« Аптап азыр күчүндө,
Отоо чөп жок ичинде...
Быйыл Кудай кааласа
Бир марытам түшүмгө.

Жесе мээнет-күчүндү,
Жер унутпай бергенди,
Быйылкы эмгек акыма
үйлөсөм дейм кенжемди...»

Көнгөн сөзүн башкарып,
ата-энеден жаш калып,
Чынында эле максатын...
келатыптыр аткарып.

Каным, жаным - жер дептир,
Көздөгөнүн бербептир

Ушу кезге жаздыкка
башын коюп көрбөптүр.
Арасында пахтанын
Түнөп калат тим койсо.
Дүйнө түгөл ар дайым,
Ага -
Жер,
Суу,
Күн болсо!

КУРБУЛАР

Анда айылдын балдары
текши өспүрүм кезибиз.
Каадалуу адам сезебиз,
өзүбүздү өзүбүз,

Бийкечтер да жалт карап,
сыр жашырып, ой күсөп,
Ай, күн эмес саат санап,
Келатышат бой түзөп.

Жүрөк, кептер, гүл тартып,
«Ашыктык кат» тышына,
жөнөтүшөт бүт баары
сельсоветтин кызына.

«Сен гүлсүң бакта жайнаган,
мен булбул шакта сайраган...»
Он кат болсо орунда
кайталанчу ушулар.
Жооп күтөт каттын соңунда
Келеби? Кимдин иши бар?...

Көзүн артса ал кызга
башка айылдын балдары
сабачубуз жалгыздап
калбасын деп «арманы»

...Же карабай тетири,
Же жооп жазбай бирөөнө,
Бүтүп, бүтпөй жетини
чыгып кетти күйөөгө.

Эми кайдан ... келмеги,
чыккан күйөө ким экен?...
Уксак, алыс жердеги
Башкарманын уулу экен.

...Турмуш куруп алганга
барбы, жокпу арманы?...
билбейм. Ошол кыздардан
онунчуга барганда
бирөө дагы калбады.

Жолукканда аларга
шарт колунду бералбай
кыйналасың далайга,
же «Сиз», же «сен» дей албай.

Жеңип салат андайда
сезимиңди акылың...
Турат карап маңдайда
Сенин эң бир жакының!

Кыз чыгарып, уул үйлөп,
койдук бир топ жол басып...
эл ичинде, курбулар,
жүргөнүбүз – зор бакыт!

* * *

Үйдө да суук,
тышта да суук,
көчө суук,
билбейм неге
бүгүнкү күн
өтө суук.

Денем кылч-кылч,
жаагым калч-калч,
түктүйөм,
болду беле
бүгүнкүдөй
кечээ суук?!
Курсагым ток,
түйшүгүм жок кыпындай,
ким ойлоптур боломун деп ушундай.
Күзгү башка чагылдырат өңүмдү,
Кыроо турат кирпиктердин учунда...

Жолугушса тааныштарым,
досторум,
жер чукулап,
күнөөлүүгө окшодум.
Сүйлөшкүм жок
бирөө менен бүгүн мен,
издеп жүрдүм чоң шаарымдын бош жолун.

Жүрдүм көпкө,
элден четте
каңгырап,
Оюм бүгүн –
бороон- куюн,
жабырак.
Турам карап,
жылдыз санап
талаада,
арт жагында
калды көп эл,
калды бак.
Шамал менен,
иңир менен кеңештим,
Жүдөп турган
түрүм менен кеңештим.
Өмүр менен,

өлүм менен,
ый менен,

түнүм менен,
үнүм менен кеңештим.
Мени үшүткөн
бул кыш менен кеңештим,
эрдик менен,
кылмыш менен кеңештим.
Абийир менен,
намыс менен,
эс менен,

тагдыр менен,
турмуш менен кеңештим.
Кан жүгүрөт,
тамырымда кысылат,
кар, кар аппак
таманымда кычырап...
Тилек менен,
Үмүт менен эртеңки,
кайтып келем
бир аз денем ысылап...
Өтөт күндөр,
кетет сааттар армандуу,
айрый албай
чындык менен жалганды...
Алпурушуп
өзүм менен
мен өзүм,
билбейм кантип,
качан уктап калганды.

КЫЙЫЛГАН ТЕРЕККЕ

Ух-х! деп кулап түштүң дагы
кыйлага
дем чыгарбай

жаттың ичтен шолоктоп...
Бир аздан соң денеңди да сыйдалайт:
Жалбырагың, бутактарың болот жок.

Же бороондон,
Же шамалдан жыгылбай,
бардыгынан күчтүү сезип өзүңдү
турдуң эле.
Эми калды угулбай
онтогонуң-
буулуктурган сезимди.
Көркү - байлык,
көлөкөлүү дарагын
көз көрүнөө өлүмгө да кыябы!
Кээде ушундай сени тиккен адамга,
Керек болуп калгансың го сыягы...

Канткен менен өлбөстүк бар затында
көргөн жан жок жаралгандан эки өлүп...
Айланарсың балким эртең отунга,
Же тураарсың имаратты көтөрүп!

Канаттуулар каргып паанек издеген –
Өткөндөрдүн пайдасы жок эч күчүң,
Сен дагы эле мурдагыдай биз менен
Сүйлөшөйүн дейсиң,
минтип...
жок тилиң.

КЫШКЫ АЙЫЛ

Жандар аппак,
Тамдар аппак,
сен аппак,
тозоң чаңып
тескей аппак,
бел аппак,
күңгөй аппак,

түндөр аппак –
жумуртка,
түтүн аппак
ооздон чыккан
жел аппак.

Кекиликтер –
беттеги кал,
кал кара,

өрүк кара,
алма кара,
тал кара.

Кыздар келет
кылдыратып
чакасын,

жакын жерден
көп күттүрүп
апасын.

Эрди кызыл,
бети кызыл,
кыпкызыл

Сууга кошо
барбаганда
капасың!

Таранчылар
конот кыкка
дүркүрөп,

кош ооз -тарс! - деп
мөндүр октор
бүркүлөт.

Кара дөбөт
«-каңк!» деп чоочуп
уйкудан

карды малтап
качып жүрөт
зиркиреп...

* * *

Жаталбай чакчайып шып карап,
Жанымда делөөрүп шык жанат.
Буюгат ак жаанга кыз-улан,
Куюлат ак жаан чыпкалап.

Буюгат таранчы сороңдоп,
буюгат оюм да бороонго.
Буюгуп баратам максатсыз,
бурулбай же оңго, же солго.

Жолугат сулуу кыз, жаш улан,
Адамдар эңкейген жаш улам,
Алдымда дүйнөлөр базары,
алдымда Ак-Буура ташыган.

Ассалом айтамын көбүнө,
Таанышка, улууга, теңиме.
Баарына жолугам күтүүсүз,
Бараткан максатым эмине?!

Баратам мен издеп досумду,
(жолумда бир тааныш кошулду.
Ойлогон оюма аралжы,
бараткан максатка кошунду).

...Жетпедим досума самаган
себептер табылып арадан...
Достор көп түн бою сүйлөшчү
достор көп бир саатта жадаган.

Ичтеги оюмду айталбай,
бирөөнүн сунушун кайтарбай,
мен кайттым үйүмө дүпөйүл,
бүлөмдөн уялып жалтаңдай.

Жөнөдүм эртеси тиштенип...
(Уйкуда ажайып түш көрүп:
сен мени жактырбай турсаң да
жатыппыз экөөбүз түштөнүп).

Жатыппыз кызандап, айтышып,
мен койгон оюмду тартышып...
Коштоштук кайдыгер адамча:
кол берип үй-үйгө кайтышып.

Мен кийин барбадым үйүңө,
эми сен кел менин үйүмө.
Мен сени саат сайын күтөмүн,
Күтөмүн, күтөмүн күнүгө.

Келбесең жиберем миң салам,
жолуксаң тартуулайм бир салам.
Кечиксең, жан досум, күттүрүп,
келгенде тумшукка бир салам.

Өчүңдү алгының, албагын,
сөккүнүң, тилдегин, арбагын,
тепкилеп, канаткын мурдумду,
жан досум, түк канбайт арманым.

Себеби дүйнөмдө жоктолдуң,
Бир барсам үйүңдө жок болдуң.
Бир барсам териңе батпастан
кубандың, ырдадың, шоктондуң.

Албетте, сыйкорок элибиз,
ойноого ылайык жерибиз,
аларга тоскоолдук кылбастан,
кайрадан улантчу эми биз...

Бирок, дос! Досумсуң кыйбаган!
Бир ой бар жанымды кыйнаган,
ал ойду энемдей сыйлагам,
ал ойго балача ыйлагам.

Ал оюм түк сыйбайт арызга,
ал оюм түк жетпейт маңызга,
чачсаң да бир данын миң кылып,
ал оюм чак келбейт аңызга.
Ал оюм досумсуң, шеримсиң,

ДОСУМ СЕН – ЭЛИМСИҢ, ЖЕРИМСИҢ!

Жок болсоң кайгымсың, ыйымсың,
барында кубатым, демимсиң,
Досум сен - байлыгым, кенимсиң.

АТА ЖӨНҮНДӨ

Мезгил мите-кепшегени билинбей,
мүлжүп кирет өмүрүмдү четинен.
Үмүт күткөн эртеңкиме сүйүнбөй,
өтүп кеткен кечээгиме өкүнөм...

Олтурамын сыр алышып түн менен,
капшыттарын толтура албай өткөндүн
Мурун сезип, маани берип жүрбөгөн,
бүгүн баштан дагы бир кызык өткөрдүм.

Канча айтсам да албоочудай тилимди:
«Эркелетип үйрөтпөгүн мунуңду,
качангача бирге жатат биз менен»-
деп апасы бөлүп койду уулумду.

Анткен менен чыдай албайт ичим түк,
анын баарын айта албаймын түшүнтүп,
Адамдар эй, бара-бара сезилбей...
алысташып кетет окшойт ушинтип...

* * *

Таң
жаңы аткан,
суунун шарын жадабай
турам тыңшап
чыгып кетип дүйнөмдөн.
Бирде чулдур
тили чыккан баладай
бирде башка тилде сүйлөйт үйрөнгөн.
Бышылдашып
бал уйкуда балдарым
чогуу жатат

бут-колдору алмашып.
Эми сездим. чоңойшуп калганын,
Эс алдырбай каның үрөйт жанга шык...

Аттиң десең,
Өмүр кээде өткүндөй...
Асан-Үсөн болуп качат жеткирбей
Улуу кызым калды эми өптүрбөй.

Өмүр өчүп, суу токторун ким билет,
Бул экөөнүн байыртадан жаны бир...
Күндүн чыгып келатканын билдирет
даректарды тепчип өткөн сары нур.

Жер кыймылда этек-жеңин кымтылап,
Жазып-түзөйт түндө калган денесин.
Жем таап жээрин али билбей чуркурап
балапандар ээрчип учат энесин.

Чогуу жашоо, бирге жүрүү дайыма
иш өндөнүп эч сыйбаган акылга,
канатттуудай
ар ким
ар кай жагына
Дүрр деп учуп кетесиңер жакында...

ЛИРИКАЛЫК ЧЕГИНҮҮ

Кана аба сапарыма бак тиле,
Ойлогонум, тилегеним ак тилек.
Жоголормун кор тутунсам батаңды,
Оңолормун же турмуштан каккы жеп.

Жол-өмүрлөр мага жеткен чубалып,
Жол-келечек андан ары уланып,
Башталышы, аягы жок немеби,
Жер да тынбайт дөңгөлөнүп, куланып.

Үзөңгүнү чирене тээп кыраңда,
Кымызынын курчу чыккан ыраңга,
Бабаларга салам берип кайтайын,
Кезек күткөн иштер да көп кыларга...

Көрбөй кеткен балдарынын күнүн көп,
Каршылаштар каптап келсе жүнүн жеп
Арка кылып караандарын калдайган,
Тоо-тоолорго сиңип кеткен биринде.

Кыргыздардын билгим келди турмушун,
Өнөрлөрүн, баатырдыгын, кылмышын.
Жеген нанын, ичкен суусун, кубанычын,
Бак-таалайдан баштан түшкөн жылмышып.

Кыз узатып, уул үйлөбөй наз менен,
Уйку көрбөй алпурушуп кас менен,
Жүз адамга жеке чыгып көнүпсүң,
Адам саны азыркыдан аз беле?!

Же чыңыртып азоолорду жүгөндөп,
Жердин бетин каптап кеткен түмөндөп,
Бабаларым ошончолук көп белең,
Эч бир адам үлгүрбөгөн түгөлдөп?!

Башка элге бүлүк салып бардыңбы?
Малын талап, кызын сүйүп... кандыңбы?
Ыркты бузар арам чыгып ичиңден
Же өзүңдү өзүң кырып алдыңбы?

Эсептесем далай жашка барыпсың,
Өмүр болбойт, өлүм болбойт тарыхсыз.
Ал мезгилден бул мезгилге уланып,
Араң эле кочуш кыргыз калыппыз?!

Ырас, ырас айткандарың урпагым,
Араладым Жети-Сууну, Турпанын,
Эне Сайды, өрөөндөрүн Алтайдын,
Даамдап көрдүм жердин далай турпагын.

Байкап көрсөм ийри-буйру тагдырым,
Жеңип келдим жаратылыш жардыгын.
Кары сөзү кыска, бирок нускалуу.
Терип-тепчип олтурбайын бардыгын.

Биз чынында көп да элек, аз элек,
Душманга - кыш, досубузга - жаз элек.

Жоо дегенде ат жалына асылчу,
Чондор түгүл балдарыбыз баса элек.

Тулпарыбыз дүбүрт тыңшап акыйып,
Кыздарыбыз кылыч кармап чакыйып,
Уулдарыбыз калпактары кайкалап,
«Кыргыз! Кыргыз!!!» кыйкырышып, чакырып.

Ураан менен жол тумандап, дүңгүрөп,
Тамактанып ат үстүндө үргүлөп.
Койгон эмес айлап жылдап майданда,
Дагы канча жүрөрлүгүн ким билет?!

Бир эркиндик, жеңиш-биздин ойлонуш,
Эли-жердин тагдырлары-толгонуш.
Муундарыбыз тынч жашаса экен деп,
Мунун баары силер үчүн болгон иш.

Мекен үчүн өмүрлөрдү бергенбиз,
Биз тирүүбүз, убактынча өлгөнбүз.
Ырк бузарды иргеп элдин ичинен,
Коркокторду көргө кошо көмгөнбүз.

Араңарда анча-мынча калса эгер,
Андайлардын оту жерде жанса эгер,
Жаман салтка колу-бутун бек бууп,
Колубузга биздин салып берсенер...

ЖАКЫНДЫК

Өткөндө туптуура чейрек кылым,
аргасыз кош айтыштык бойдок күнүм,
Жолуктуң кимдигиңди тааный албай
жүргөндө самап мурун, ойлоп мурун.
Зар болуп өзүң турган терезеде,
жалынып боюң тургай көлөкөңө,
туш болуп, биз ошентип жашап калдык,
туз-насип, тагдыр деген эрежеге.

Өзгөрүп кулк-мүнөзүң, тамак тандап,
кошулуп салмагыңа улам салмак.

Көбөйүп элдин саны бир адамга,
жыл өтпөй уулдуу кылдың кудай жалгап.

Бир тема орун алып ырларыман,
аталык сыймык конуп бир жагынан...
Сен болсо сулуу болуп чыга келдиң
миң эсе, миллион эсе мурдагыдан.

Сен эми гүлдөп жаткан дары болуп,
мен сени издеп табам аары болуп.
Сен жокто дүйнөм эзн сай, ит улуган,
сен барда баары толук, баары толук.

ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК ПОЭМАГА КИРИШҮҮ

Сактай гөр бут чалмадан, жаман көздөн,
алыс кыл мансапкордон, текеберден.
Өзүмдү-өзүм турам тааный албай,
Достор эй, эмне болуп кетээр экен:

Ордону безерилик түнөгүмдө.
Отурат мас арыстан жүрөгүмдө.
Азоолор чөп чайнабай, жер чапчышат
Эмне бар максатында, тилегинде?!

Сезимдер кулундарча чыңырышат,
Башымда тагдыр, тарых буюгушат.
Ыр жазуу өтө оңой иш сезилет,
А сөздөр нөшөр өндүү куюлушат...

Сүйгөнүм тоолордогу булак, арча,
көргөнүм-жаңы доордун жыргалдары...
Кыргыздар ким болгон деп сурап калса:
Айталбайм кандай эрдик кылгандарын.
Бул оору! - жылбай калган бечелдигим!
Мактануу - куру намыс «чечендигим».
Билемби - ата-журттун таржымалын
унутуу уят-сыйыт экендигин?!

Сактай гөр кур жалаадан, жаман сөздөн,
Алыс кыл чагымчыдан, текеберден.

Эргүүдөн баш адашып калса эгер,
Досторум, эмне болуп кетээр экен?

Жооп күтөм чыдамсыздан, айт чыныңды!
Эмнеге унчукпайсың, балыксыңбы?
Көп карап сынагандай дердейесиң,
Сен эмне эл-жеринди жарыттыңбы?!

Дудук бол, ар-намысың кыйнабаса!
(Балага эмчек кайда ыйлабаса)
Сага ким ассалом деп, колун берет
Өзүңдү - өзүң эгер сыйлабасаң!

Өмүрлөр берсин жерге түшүмдөрүн,
Тирүүлүк – Ата-Журттук ишим дегин.
Сырымды мүлдө төгүп жибералбайм,
Бирок да тар мааниде түшүнбөгүн.

Суу ичсең, нанын жесең, кайтарбасаң,
Мекендин жарабасаң керегине,
Чындыкты - нак чындык деп айталбасаң,
Адамдын адамы бол, кереги не!

БЕШИК ЫРЫ

Уккун кары, улан, жигит, эр жеткен,
бешик элем бардыгынды терметкен,
саратанда салкындатып денеңди,
кышкы аязда магдыратып, тердеткем.

Мактангандан айтканым жок аны мен
Урпагыңа керек болом дагы мен.
Ыйлаак болсун, жоош болсун, шок болсун.
жаткандарга бирдей менин мамилем.

Эмчек берип, тойгозушса курсагын:
терметчү элем «укта, бөпөм, уктагын».
Сен чүрпөмдү кыйнап салдың деп айткан
апалардын бир да сөзүн укпадым...

Эмгегиме доо келтирип албайын
Баскычакты ушул болду жардамым.
Жылдар өттү. Азыр кандай жүрдү экен
мен чоңойткон ыйлаак, жоош балдарым?!

* * *

Убакыт аз эс алууга дейт бирөө,
Убакыт көп эс алууга дейт бирөө.
Убакыт аз - башын мыкчыйт акылман.
Убакыт аз деп ыйлашат акындар...

Эрте туруп саламдашкан Күн менен,
Эс алууну, зеригүүнү билбеген,
Дыйкан абам айылдагы кызыл жүз
Өтүптүр дейт жакында эле дүйнөдөн.

Үзүлөрдө дубалды тээп чиренип
Деген экен: «Калбайт дейсиң ким өлүп...
Өмүр деген - саламдашып, коштошуу,
Өлүм деген - эс алчу жай түбөлүк».

КЫЗЫЛ ЧОК

Турса дагы канжар ойноп төбөсүндө,
жатса дагы жөргөмүштүн желесинде,
маңдайда адилеттик шамы жанып,
тирүүлүк жашай берип элесинде,
асылып, мык кагылып сөөктөрүнө.
Убакыт аз калганда өрттөөрүнө,
Кызыл Чок атып чыгып көкүрөктөн,
кошулуп Пикассонун кептерине,
кыдырып тууган жерди, бөлөк жерди,
кыймылга мажбур кылып сенектерди,
канаты талыбастан уча бермек,
кызылга боёй бермек желектерди.

Кайрылып көрбөсө да түк уясын,
урааңга айландырып бүт сыясын,

Кызыл Чок алоологон жалын болуп,
Улантмак андан ары миссиясын.

ЖАШТЫК

Энелер уулдарына жалынгандай.
Эркектер сүйгөн жарын сагынгандай,
Жаштык - бул кайталангыс бир кубулуш,
Издесе буюм эмес табылгандай.

Кылычтай туш келгенин кыйып-кырчып,
Мизине урган сайын турган курчуп:
Жаштык - бул кыпкызыл өрт куйкалаган.
Жаштык -бул бороон-чапкын кызыл тумшук.

Барына же жогуна карабаган,
Барчындай олжосуна канат жайган.
Жаштык - бул мырза курак, опкок мезгил-
Бир гана сүйүү менен тамактанган.

Байкабайт өзү тургай жанындагы
Баркалбай чачылганы, чабылганы...
Жарыгы көктү, жерди тепчип өткөн,
Жаштык- бул өмүрүндүн чагылганы.

ЖҮРӨК

Тулкусун окшоштуруп жер өзүнө,
Ыргагын бүт сиңдирип денесине,
Салмагын тоого салса былк этпеген
Сен, жүрөк, укмуш эле немесиң ээ?!

Суу токтойт жетип деңиз түнөгүнө,
Гүл өчөт күздүн соолуп илебине.
Шериги Жерди узатып Күндү карай,
Алп жүрөк таңды тосот тилегине.

Жүрөктүн баары бирдей, баары күчтүү,
Жүрөктүн сүйүүсү кең, каары күчтүү.
Жүрсөк да далай ишти ага жүктөп,
Кайра аяп демдендирет баарыбызды.




Мектепте окуган мезгили. 1-катарда солдон 2-чи К.Калдыбаев. *1950-ж.*



Куршабдагы соода окуу жайынын студенттери.
Бийлеп жаткандагы солдон 1-чи К.Калдыбаев. 1959-ж.



К. Калдыбаев Советтик Армиянын катарында. *1962-ж.*



Университетте окуган учуру. *1963-ж.*

Соолутпай тукумуңду улап келет,
Соңунда муундарга сурак берет.
Бир ишти бүтөр замат жеңиш менен,
Денеңе эки эселеп кубат берет.

Кубаныч, кайгыларды- сезим үзгөн,
Туят ал бир топ мурун өзүбүздөн.
Эл үчүн кылган ишин сыйлабасак,
Эмгеги чыгып кетсин көзүбүздөн!

ЖАРЫШ

Күн күтөт жолуңдан,
бүркөлбөйт каш-кабак.
Эл күтөт чогулган-
чоң жарыш башталат.

Жаштык кез ал күнү
чакмагын жандырат.
Салдырбас камчысын-
алдында аргымак.

Айлантып жөнөйбүз
адырды, түзөңдү.
Жарышып келебиз
кагышып үзөңгү.

Алдыртып байгени
иймекпиз биз кимге?
Кол уюйт бир гана
карышып тизгинде.

Энчиңден кур калба,
намыс-ар эң керек!
Убакыт мындайда-
жарылган дөңгөлөк...

Жаныңды камчылап,
ким келмек жардамга.
Жетсең ал!

Жетпесең-
калганың арманда!

Куушурган канатын
куш болуп жөнөлгүн.
Жазып ал баратып
курушун денендин.

Маарасы алыста,
Жолдор бар чатышкан.
Кыйындык жарышта
жолугат капыстан.

Токтоо жок
Таш жарган
чуу-сүрөөн угабыз...
Жарыштын башталган
жеринен чыгабыз.

Өмүрдү - жолго ошо
багыштап берип кет.
Чыдасаң - чыккының!
Болбосо -
отургун көрүп тек!

* * *

Жарышып,
дене сергип түнкү уйкудан,
Кучактап,
кана сүйүп Күндү ууртунан,
Досторго, жакшыларга салам айтам,
Дүйнөнүн мен жашаган бир бурчунан.

Айда да адам изи - Жер киндиктүү.
Килемдей жерге төшөп бейпилдикти,
Заманам учат үндөн ылдамдыкта
Оп тартып мезгил менен мейкиндикти.

Туугандар!
Аттанткыла шарт чыгарып.

Зайбым сен, берчи мага камчыны алып.
Элирип ээр-жүгөнсүз ээсин күтүп,
Тигинде тулпар турат алчыланып.
Мен кетем:
күлөм,
жыргайм,
азап чегем,
басамын тикенегин,
гүлүн өбөм.
Кат жазбайм,
кайда жүрөм-
белгисиз ал.
Бир келсем жылдызы көп түнү келем.

Жалаа сөз жанга зыян-укпа баарын,
Жаныңдан жакшы сенин чыкпаганым.
Тең жылын окуганды эске албасам,
Жетишет отуз жылы уктаганым.

Өзүңө түк калтырбай берерим чын,
Өмүрдүн нечен саатын, нечен күнүн.
Тууган жер, чыгууң кыйын сен эсимден,
Тилей жүр сен да уулуңдун эсендигин.

Күн өтөр, мезгил жетер кайта турган,
Саат келер күткөн кечти, таң атарын.
Колдон иш, оозумдан тиш түшкөн кезде,
Үңкүйүп үйдөн чыкпай жадатармын.
Досторум!
Аттант үйдөн, шарт чыгарып!
Зайбым сен, берчи мага камчыны алып.
Элирип, ээсин күтүп ээр-токумчан
Тигинде тулпар турат алчыланып.

ЧАБАН

Көз ачырбай бороон уруп,
бубактан шарф оронуп
жигит келет.

Мал-жан аман,
жары аман
күлүп келет.
Чогуу турган койлорду карап коюп,
чопулдатып аязды
сүйүп келет.

Ат бышкырат,
аялы кулак түрөт.
Алдын тороп дөбөтү күп-күп үрөт...
Аял кантсин,
«кетпе»- дейт ичи бышып...
Чабан болсо тамагын чала ичип,
жөнөйт кайра жайытка атын сабап,
Жылуулуктан бороонду жакын санап...

АФРИКА

Тагдыры-
чачтарындай коюу,
тармал,
максаты - тиштериндей аппак акак,
илеби-
кан боёлгон кызыл байрак.

Жонунда сайда өскөн тал чыбыктын
тагы бар торуна окшоп жөргөмүштүн.
жериндей дайым чыдайт бардыгына,
эч качан күчү жетпейт жерге муштун.
Үмүтү - жашыл бүчүр,
тилеги - чок.

Бошонот кызыл ашык кишендерден.
Бакыттын келерине күмөнү жок,
Эртеңки Күн бардыгына ишенгендей...

Жунгли.
Маугли жок. Оттор жанат.
Тигинде, мында угулат там-там,
там-там...

Эртеге байрак булгап жолго чыгат,
Тээтиги кара бала там-туң баскан.

* **

Табышмак дүйнө артында табышмак бар,
татаалга татаалдарча салышмак бар.
Горизонт горизонтту учкаштырып,
жандырат чакмак отун алыс жактар.

Шаштырып, тыным бербей ичтен жүрөк,
мезгилди илим менен түштөндүрөт.
Сезилбейт мезгил учуп баратканы,
балдарга биз көрө элек түштөр кирет.

Учкундар чатырашат күңүрттүктөн
Чагылган канжар малат иңир түнгө.
Дат баскан фанатизм үбөлөнөт,
Турмуштун туу кармаган дүбүртүндө.

БАРЧЫН

Курчап турган дүйнө түпсүз
агарат,
бүт бейтааныш,
көзгө урунбайт башка жан...
Темир канат болгон кезде дааналап
көргөндөрү булар болду аскадан:
Күндөн коркот-
көзү кетет тунарып,
башын буруп,-
эрмек кылат башканы.
Асты жашыл,
үстү көгүш мунарык,
белгисиз күч гүүлдөтөт асканы.

Көрүп-билүү өтө зарыл ага да.
бир аз жылып уясынан тажаткан,
төмөн жагын кармайм деп бала да,
кулай жаздап,
кайра тарткан кашаттан.

Ал эч кимди жиберген жок жадатып,
Дүйнө түгөл:

Жаш, кан жыттуу эт болсо.
Далбак-далбак серпип чабал канатын
учуп деле кеткиси бар, тек койсо...

Көнүп нурга,
жан жыргаткан чубакка
Калган кези канат-куйрук таранып.
Көкүрөгү улам толуп дымакка,
көздөрү да бышып келет карарып.

...Же тамчыдан,
балким изден жошулуп,
таштан чочуп төмөн көздөй кулаган,
Атасына, энесине кошулуп,
бир күнү эле учуп кетти уядан!

Бир келерсиң,
балким келбей каларсың,
Аска калды сапарыңа бак тилеп,
Сен ошентип,
баралыңа барарсың,
Шамал, нөшөр, бороондордон каккы жеп...

КӨКТУК

Жыгылам, кайра турам жер таянып,
максатым кетүү эле, өр таянып.
Жыгылам, кайра турам жер сыйпалап,
Өчөшүп болк-солк этпейт жер карарып.
Туш келет ойдуң,
токой,
чычырканак,
кол канап,
денем канап,
бутум канап.
Жыгылып таман кызып баратканда,
шылдыңдап карагансыйт учур-талап.
Туш келет сормо саздар,

азоо дайра,
Мас дайра,
дүлөй дайра,
макоо дайра.
Этектен артка тартат макулукту,
алдыда жоолук булгайт жашоо кайра.

Көзүмдүн жээктерине кайрат тигип,
жүрөккө жолборстукту айдап кирип,
дайранын агымына каршы жөнөйм,
теминем жалын кармап, жайдак минип.
Ушинтип, ушул жакка кете берем,
дайрадан,
тоодон,
түздөн өтө берем.
Кыйналбай басып өткөн миң кадамды-
бир карыш жылганыма тете көрөм.

БИРГЕ ОКУГАН ДОСТОРГО

Он жолукса, он жол сунган кош колун,
онтоп калсам оору жолун тосконум,
карааныңар медер болчу дайыма,
кайдасыңар, бирге окуган досторум?

Топ бойдоктор азайгандыр саныңар,
Жалгыздыктын бир топ жакшы жагы бар.
турмуш куруу андан сонун нерсе экен
туура эмес деп айтпайсыңар баарыңар?

Мен да алыста... саал азыраак убактым,
иштегендер баары өзүм куруктуу.
Бирок алар капа болбос анчейин,
силерчелик таба элекмин ынакты.

Сырткар кылса кырсыктардан башты эсен,
гүлдөр чыгып, суу агызар ташты эчен.
Четте жүрүп дос кадырын билгенге
сагынуулар, зарыгуулар жакшы экен.

Он жолукса, үзбөй сунган кош колун,
онтоп калсам оору жолун тосконум,
карааныңар медер болчу калдайган.
Кайдасыңар, бирге окуган досторум?!

КАЙРАН ДОСУМ

Кайран досум, кайран гана жигитим,
такыр башка сүйлөгөнүң, күлүшүң.
Айткысы жок атын дагы калтырап,
Билем сыздап жүргөндүгүң ким үчүн.

Тоготчу эмес келсин мейли миң кайгы:
кайран досум эч сезбептир мындайды.
Бир тал чачын үзүп туруп бир сулуу,
байкушумду байлап салган турбайбы!

Ырдаганы, ыйлаганы угулбай,
же бир ирет илебине жылынбай.
Кайран жигит үн-сөзү жок жалдырайт,
жөргөмүштүн торундагы чымындай.

* * *

Күзгү бакта кулак кесип жымжырттык,
Арыкта суу мурдагыдай туйлабайт.
Жалбырагын шамал үзүп түшүрүп -,
Даректардын бутактарын жулмалайт.

Коюулантып көлөкөнү күн жылып,
Тоодон шаарга күн келбети түртүлөт.
Кетерине аз калганын билдирип,
Чыйырчыктар чогуу учат дүркүрөп.

Чырпыктарга чымчык консо экчелип,
Чыйрыктырып жерден сыздын өткөнү,
Жез боёнуп
Күздү турат жек көрүп,
Салбыраган мажүрүм тал жээктеги.

Жыл мезгили жылдызыңды түшүрбөй.
Жүрөт ойлор өзүң менен бир басып.
Аяп, сыйлап өтө жакын кишидей
Отурамын дарак менен сырдашып.

АШЫКТЫК КАТ

(Бала кездеги дептерден)

Салт ошондой.
Акындары Чыгыштын
арзууларын кат аркылуу билдирген...
Жатсам-турсам жалгыз сенсиң оюмда-
Жан-дүйнөмдү коогалантткан, бүлдүргөн.

Чырайыңа бардык жактан төп келген
Салыштыруу табалбасмын аларга.
Сулуулук да арбын эмес. Чектелген.
Бири сенсиң, эгер экөө жаралса.

Кандай экен силер турган жериңер ?
Ак булутка чайкадыңбы бетиңди?
Ысык-Көлдө жылда келчү перилер
Сени мага таштап кеткен шекилди...
Сыйкырсыңбы багындырган сезимди?
Же куусуңбу издеп учкан түгөйүң?
Жалгыз эле!
Эмне кылсаң өзүң бил,
Кат ичинде кошо кетти жүрөгүм.

Куш өзүнө ылайыктуу жер тандайт,
Башка жээкке конуп алба болжобой.
Махабатым ашса ашат, кем калбайт,
Кишимжанды кандай сүйсө Олжобай...

Эзбей мени
башка оюңдан кайт, сулуу!
Ээрчип сени
барчу жерге... барармын!
Менден сага эмне керек, айт, сулуу,

баарын азыр аткарууга даярмын!
Ашыктардын арзып тапкан көңүлүн
укса

Көктө Ай каткырып, Күн күлсүн.
Жооп болбосо...
Анда менин өмүрүм
Эмне менен аяктарын ким билсин...

МАХАБАТ

Жыш жамынып көктүн, жердин жашылын,
бүт тагынып акак таштын асылын,
Арал бар дейт мен көрелек алыста
биз жашаган жээктен бир топ чакырым.

Каттабайт, - дейт кеме тургай, кайык да,
чабак уруп жөнөйт экен таңга маал.
Жеткендерди жыгат имиш «айыпка» -
сулуулардан каалаганың тандап ал.

Ак сарай да белен имиш аларга,
бийлиги да бир хандыкка тең болгон.
Бирок ондон бири жетип аларга,
кайткандары көп болуптур тең жолдон.

Бар, тобокел!
Урдум бойду деңизге!
Азырынча «кайыр-кошту» айтмай жок.
Жетем деген үмүттөмүн,
а эгер
Жетпей калсам - жээкке кайра кайтмай жок!

БИР СУЛУУ КЫЗ ЖАШАЙТ БИЗДИН КАЛААДА

Көңүл бурбай
мага тургай,
сага да,
бир сулуу кыз жашайт биздин калаада.
Каалаганым: мөлтүр сезим, тунук эс,
жана дагы ылайыктуу жар ага.

Жарык маанай,
жанып турган сезимдей,
жүрөт ал кыз көпчүлүктө сезилбей.
Сен кандайча элестетсең сулууну,
мен көргөн кыз так ошонун өзүндөй.

Кийингени жана жүрүм-туруму
жөпжөнөкөй-
Студент го болжолу.
Ар кай жерден көрүп калам кокустан
бир жылына ашып барса он жолу.

Көчөдө көп сейилдебейт, менимче,
Көрүү кыйын эгер сыртка чыкпасаң.
...Саатын улам карап коюп,
көбүнчө
Китепкана жактан чыгат сумкачан.
Жараткандан жатсам-турсам суранам:
«Жалган сөздөн, жалган көздөн жалга» - деп
Дагы көрдүм.
Ал перизат бул сапар
базар жактан келатыптыр алма жеп.

Бир акындын айткан сөзү эсте бар
«Илхамдуу дос бир нерсени билип ал:
Ыйласа да, жини келип турса да,
кайра өңүнө чыгат экен сулуулар».

Ооба,
көргөм ошол эле мүнөттө,
бир жаңылык ачып берген ал мага
Сен да, жаш дос, тартып көрчү сүрөткө
ак тиштерди
батып турган алмага.

Арман дүйнө!
Кайсынысын айтам ай!
Да бир күнү накта түштүм жалынга.
Спектакль бүткүчөктү байкабай,

Кашайсамчы! Олтурупмун жанында.

...Шуудуратып туландарды, жалбызды,
шоола мисал, түшүп келген көктөн бир,
Көчө көркке чыга түшчү бөтөнчө.
Көптөн бери көрбөй калдым ал кызды:
балким окуу жайын бүтүп кеткендир,
бир эси жок ала качты бекен же?!
Көңүл бурбай
мага тургай
сага да,
бир сулуу кыз жашайт биздин калаада.
...Менин сени издегеним кимге шам,
сен саламат жүрсөң болду, садага!

КАРЫНДАШЫМА

Күл,
рахаттан,
көкүрөк жай,
Ай кучакта,

Түн ичи эрмегинде жылдыз санап,
Күндүзү сырдаш болгун күнүң менен.
Мактангың сен өзүңө өзүң карап,
Сыймыктан көздөрүңө күлүндөгөн.

Барктап ал колго түшкөн кайберенди,
Таптап ал туурга түшкөн барчынынды.
Ал сени издеп жүргөн аалам кезип,
Ал сени күткөн дайым, күткөн дайым,
Караган терезендин тушун улам.
Сен десе, тамагынан нан өтпөгөн-
Ушул улан.

Дүйнөдө бактылуу көп сан жетпеген,
(бактысыз да аз эмес)
Баарынан бактылуусу менмин дейт ал,
Анткени мактанууга акысы бар.
Ал сенсиң -

жан тажаткан туюктан түшкөн шоола,
кумдуу чап саратанда шапатасың,
тил кургаткан аптаптын башаты сен.
Күл, ырахаттан, көкүрөк жайып Ай кучакта,
Дайым сырдаш болгун күнүң менен
Сыймыктан бир адамды күткөнүңө
Салам бер көздөрүнө күлүңдөгөн.

АРНОО

1

Тамырларда кыпкызыл кан жүгүрүп,
Денем менен ар кыл нурду шимирип
олтурамын.
Мен аркылуу тургансыйт
Күндүн, Жердин ашталышы биригип.
Күндөн бүткөн көпүрөлөр санаксыз.
кетти мына моторсуз да, канатсыз...
Мага тилеп эсенчилик, ийгилик,
мажүрүмтал чачын тарап калган кыз.

2

Айланкөчөк Күн да, Жер да.
Мен болсо
оордошом.
Узак абал салмаксыз..
Бирге болсоң жерге калган жылдызым,
тартылуудан эчак бошоп алмакпыз.

Сабырдуумун.
Сагынычтар жана элек.
Сапардагың самаганга бара элек.
Кабар берем нур аркылуу кайрадан,
кагылайын калтырбачы арабөк.

Бийиктикте билинбестен күч короп,
кабакка кар, муруттарга муз тоңот.
Баш айланып, өпкө тарып демигем,
барган сайын суюлууда кислород.

Кайгы тартпай дайым эле сүйүнүп,
чечип салып табышмактар түйүнүн,
жүрчү күндөр аз көрүнөт байкасам,
биз салмаксыз абалында сүйүүнүн.

3

Тыноо албай бир аз ууртуң ачылып,
мажүрүмтал жаздыгыңа чачылып,
эриндериң кээде бүлк деп билинбей,
элесинде уктап жаттың ачынып.

Сезимимде сары санаа жикилдек,
эске келбей сен тараптан күтүлмөк,
учуп келем ыргытылган таш болуп,
улам күчөп жүрөктөгү дүкүлдөк.

Жакын калдым.
Тосуп чыгар бекенсиң
жан-дүйнөмдүн жакшынакай улары.
Тос, тосогөр! Биротоло сынбайын
колдон түшкөн жумуртканын сыңары.

АЯЛЫМА

Сен - менин ыйымсың, күлкүмсүң,
Сен- менин баасы жок мүлкүмсүң.
Түгөнбөс - аласам, бересем...
Сен - менин бузулбас эрежем...

Жаман деп санасын ким өзүн.
Ары жагын айттырбай бил өзүң.
Болсоң да балдардын апасы,
Беш көкүл кыз бойдон жүрөсүң.

Сүйүүнө кыйналбай жаш чагы
Жүрөгүм азыр да ачкарын.
Жүрөмүн кыйынсып, мактанып
Аялы жок өндүү башканын.

* * *

Махабатым, жандоочум, көрөр күнүм,
Кучак жайып сен бүгүн келер күнүң.
Ысык демиң жүрөктү аптыктырып.
Түк каптаган бетимден өбөр күнүң.

Атар таңым, кубанычым, үйдө кутум,
Алма жытым, жаз жытым, жийде жытым,
Орун алчы кысылбай жүрөгүмдөн,
Өзүң тургай чак келбейт дүйнө бүгүн.

Жутар абам, үмүтүм, келечегим,
Эс-акылым, жан-сынчым, кеңешээрим.
Дагы канча күндөр бар, жолугуу бар,
Алалбадым алардын мен эсебин.

Шамал кууган булутча акпа дайым,
Бийикте бол жылдызым, бак-таалайым.
Алдыда жүр жетелеп максаттарды,
Тилек минип артыңдан акмалайын.

Сапардагы алысым, сагынаарым,
Сүйгөн жарым, эрмегим, жалынаарым.
Мен карымын түйшүгүң тартып жүрүп,
Сен карыба затыңдан кагылайын.

Ак жүрөгүм, күкүгүм, сүйдүрөөрүм,
Угуп турчу чынымды билдирейин.
Сен суранчы күчтүүсүң табийгаттан,
Мен өлбөйүн, сени менен бир жүрөйүн!

ЧЫТ КӨЙНӨК

Сенин азыр мага кылган мамилең
мурдагыдан өзгөрбөптүр таптакыр...
Менин болсо элесимде дагы эле-
Июнь. Жайлоо. Жамгыр жана ак чатыр.

Ким каалабайт пейилдердин кеңдигин,
кимдин келсин кол үзгүсү жаштыктан.

Калппы, чынбы айтып жүрдүң сен кийин:
«Ай-ай, шаардыктар ошондой»- деп какшыктап...

Аны ойлосом сезим бийлеп канымда,
эске келбей жашым, балам, жарым да
жөнөйм сага.
Жолдо достор токтотуп,
ит үрдүрүп түнү барам айылга:

Мен ошентип кеч турамын силерден,
а сен болсо чака кармап чыгасың.
Келгенимди коңшуларың, бирөөдөн
же болбосо инилерден угасың...

Биз болбосок күнөө кимге жүктөлмөк,
Сен болбосоң түптүз үмүт бүктөлмөк.
Мен болбосом алмашылбайт эле го,
Түшкө чейин кийип жүргөн чыт көйнөк.

ЧАЧЫҢДА КАНДАЙДЫР БИР ГҮЛДҮН ЖЫТЫ

Чачыңда кандайдыр бир гүлдүн жыты.
Жарк! этип жолуккансып сагынганың:
бул жытка мен бир убак кабылганмын,
Билбеймин, бирок кимдин тагынганын,
чачыңда кандайдыр бир гүлдүн жыты.

Келчү мүн каптал бетте ышкын терип...
кыздарга каакым гүлдөн такыя өрүп
берчүмүн... Жоогазындар белек делип...
чачыңда кандайдыр бир гүлдүн жыты.

Уучулук-жаш күнүмдөн арбап алган,
Тоо-токой, ой-адырын бүтүн чалгам,
адашып бадалдарда түнөп калам,
чачыңда кандайдыр бир гүлдүн жыты.

Тирилик көп кубулма нерсе белем?
көбөйүп атыр деген, упа деген...
кыркылып, анан калса чачың өлөң,
Кол үзүп калмак болгом бул жыт менен.



Түн уулу Назым төрөлгөн мезгили. *1965-ж.*



Чыгармачылыгы гүлдөп турган учуру. *1980-ж.*



Өмүрүнүн акыркы мезгили. Акын жана бир тууган карындашы Шарапат. *1984-жыл.*

Көрчү эми: кайра таптым, жаңылбадым,
бир убак бул жытка мен кабылганмын,
эстедим аны кимдин тагынганын
ал азыр уул-кызга эне, үйдүн куту
Чачында баягы эле гүлдүн жыты.

ТАҢДАГЫ КӨЛ

Айланага алтын нурлар
али тегиз төгүлбөй,
араң гана күн башбакса
жез табактын теңиндей,
Ысылайбы, аяк жакка
тээп таштап жуурканын,
Ысык-Көлүм жаткан экен
ич көйнөкчөн келиндей.

ЧӨП ЧАБЫК

Сол баштап өзү башкарман,
«Кол курап» жалаң жаштардан,
Чөмөлө салып жайнатчу,
Чөп чабык жаңы башталган.

Шырт-шурт үн чыгып чалгыдан
шылынат чөптөр түк калбай.
Катарлай түшкөн чалгычы
каркыра-турна учкандай.

Үстүнөн тепсеп басылбай,
Үксөйүп же бир чачылбай.
Сол жатат бетте чубалып
кыздардын өргөн чачындай.

Тер чыгып көйнөк тышына,
Чалынып буту бутуна,
Эндирей түшөт кээ бири
Чабылган чөптүн жытына.

Тартышат кайра баш жакка,
Тай чабым жерге эңиштеп.

Кайкалай кийип калпакты
Селкилер жүрөт тең иштеп.

Суу ташып берген акым деп,
сурана көрбө өпкөндү.
Өздөрү назик жан туруп
Өзөөртө коёт өпкөндү.

Башталат эми дем алыш,
Өрт кеткен канга, жүлүнгө.
Эр болсоң издеп таап алгын,
Ким кайсы чөптүн түбүндө?!

...Көп болду шаарга келгенге
Чөп чабык бүтүп калгандыр.
Жыргалдыр иштеп көнгөнгө,
Көнбөгөнгө армандыр...

* * *

Тоо койну. Жашыл жайлоо. Күлүк миндим.
Күлүктүн азоолугун кайдан билдим...

Жигиттик. Толгон кезим, Сулуу сүйдүм.
Сулуунун чалпоолугун кайдан билдим...

Булардын кылыктарын айтуу кыйын,
Бул экөө бүтпөс кайгым, соолбос ыйым.

Сен, досум, азоо күлүк миндиң беле?
Сен, досум, чалпоо сулуу сүйдүң беле?...

ЭКИ УУЛУ СОГУШТАН КАЙТПАЙ КАЛГАН ЭНЕНИН ЭСТЕЛИГИНЕ

Өмүрдө көргөндөрдүн өчөт көбү-
согуштун күнү, сааты эсептелүү:
пайдасыз унутуунун аракети,
ал күндөр сезимдерде печеттелүү.

Угуу, же көрүү кыйын күндөн-күнгө,
Ыңаалап ыйлап жаткан баланы үйдөн,

Айылда эркектердин саны азайып,
Аялдар көбөйүүдө кара кийген.

Талаада боз уландар шөмтүрөгөн,
Талаада кыз-келиндер мөлтүрөгөн,
Эрмеги эмгек жана муздак төшөк,
эч кимдин иши болбойт көркү менен...

(Ар дайым жакшылыктан түңүлтпөгөн-
Адамдын жолдошу бар үмүт деген)
Өңүндө чалдар менен бирге иштеп,
Түшүндө бир жүрүшөт жигит менен...

Ээр-токум көп күн болду жетимсирейт,
эркектин үнүн укпай үй ичинен.
Энелер эки жылда ак чач болду,
Уулунун, келинининн күйүтүнөн.

Кантсин ал, кайыл болуп тагдырына.
Ал эмес алтымышта абышкасын,
Ажал да аз келгенсип алды мына...

Бардыгын жоруп коюп тагдырына,
Энелер катты сактайт сандыгына:
Адамдар ошон үчүн адам делет,
Адамдар чыдай берет бардыгына.

Анткени даамы кетпейт эч өмүрдүн,
Неси бар пайдасы жок кеч өлүмдүн.
Калбаса мейли артында мураскоруң,
Жылдызы жанып турсун Мекенимдин!

ШАРАПАТКА АЙТАРЫМ

Күндөр эсте сен экөөбүз жөнөткөн,
Мен билгенди билериң ак демек сен...
Көк шиберди
көктөн түшкөн көк жамгыр,
Көзүбүзчө уйпаланган, көп өпкөн.
Көңүл сергек,

чөп да сергек буралып,
Көгала жер көшүп жаткан суналып.
Тээтигинде кетирекей сиңдиңчи,
Көк шиберди малтап жүргөн кубанып...
Оо алыста, Алдаяр тоо булуттан
жоолук салып,
карайт биздин айылды.
Туман өрдөп тиги жылга-жыбыттан
кара аңызга шейшеп болуп жабылды.
Бүгүн бизде, кош айдоодо, дем алыш,
арык аттар жашыл тулаң жалмалап
анча тойбойт.
Тойчу күндөр эң алыс...
Үтүрөйөт бүчүрү жок алма бак.

...Жаан басылган (ыпыр-сыпыр агызган)
Ууга чыгат сары иттер коңузга.
Эртең келчү ээсин күтүп зарыгып,
Соко турат чөгөрүлгөн аңызга.

...Тааануу кыйын келиндерди алыстан.
кийген алар жигиттердин калпагын.
Күзгү ордуна пайдаланчу ал кыздар,
соколордун калканын.

...Айтпай мага, «кош баштагы балага»,
Мен түшүнгөн, түшүнбөгөн сырларын.
Обон гана калкып жүрчү абада,
Укпаганмын сөз кошулган ырларын.

Түнөсө да көп түйшүктөр санаада,
болсо дагы мажирөөлүк, бошоң кез,
улууларга билбейм кандай,
а мага
Бир ажайып дүйнө эле ошол кез.

Өттү күндөр,
Алыстады арабыз.

Соко түгүл, атты көрбөй барабыз.
Менин болсо элесимде түбөлүк:
Аппак балтыр жана дагы кара аңыз.

АЛ КҮНДӨР

Кайгы каптап
адамдардын өңдөрүн
бир жүк басып
айылдагы бүт үйдү,
эсимде жок байкаганым, көргөнүм,
эрте-кечте коюу чыккан түтүндү...

Кайда дейсиң
териштирүү ар бирин,
турмак эле ким жооп берип,
ким сурап.
Эмнегедир түшкө дайым нан кирип,
машак баштык бирге жатып,
бир турат.
...Согуш жүрөт
Жердин кайсы жагында,
чогуу бекен кеткен айыл жаштары?
Азыркыдай күңүрт бекен дайыма
биз чоңойгон балалыктын асманы?!

...Арабыздан көрбөй калдык Калдарды,
Же алар да «кара кагаз» алганбы?
чогуу барып,
көңүл айтып кайтабыз,
бала туруп сооротконбуз чалдарды .

...Өңчөй кара аялдардын кийгени,
бир да күн жок
көздүн жашын кургаткан.
Жаш, карыбы...
Жалмап колго тийгенин
оору каптап кирип келген бир жактан.

Аяк жагы бүтпөгөндөй көрүнгөн
ал күн кайда?
Аралыгын көр ченеп!
Унутулбас ошол күндү ойлонсоң
Улуулугу ушундайда өлчөнөт!

АК ЖОЛ

Сен чабандес
Жолунда
болбойт токтоо, -
отуруу.

Камчы болсо колунда
Атың турсун токулуу.

Түгөл болсун кам-каржын,
ач калбасын турган ат.
Балким жааңда каларсың,
Жолдон тосор бурганак...

Тон да сени жылытпайт
тышы кайыш,
ичи түк.
Жан-дүйнөңдүн жакыны
жүргөндүгүн унутпа
Жүрөгүңдү ысытып...

Чочутпасын эч сени
Жол узарып кетери.
Болсун дайым эсиңде
Жер тоголок экени.

Үйрөн эл-жер көрүп сен,
Аттан эми,
Коркпо бол!
Күдөр үзбө жеңиштен,
күтүп турат сени ак жол.

Кошуласың тобуңа,
Колго алгыча топуңу.

Ал камчыңды колуңа,
атың турат токулуу.

АЛКОО

Арман кылба бул дүйнөгө келгенге,
бир жөн эле калсаң эгер төрөлбөй
Сайган чырпык турса эгер көгөрбөй -
Тамырынын кетелеги тереңге.

Ачканым жок жол-жобону мен жаңы,
турмуш көчү самсый бербейт бет келди.
Адам-Ата жаралгандан бер жагы
армансызмын деген инсан өткөнбү?...

Каар бүркүлүп
калчылдатып денесин -
жүрөк, жүлүн мындай турсун сыздамак
элестетип көзгө комсоо маанайды,
Сүйүүсү жок жашоо эчак муздамак.

Ким болбосун -
чыбырчыктап жан тери
улуу күчтүн мыйзамына баш иет
Көп жолукпайт арабызда,
кантели,
өзүн улам танып турчу касиет.

Сыймыгы артып мезгилиңдин жашаган,
жогорулап өмүрүңдүн баркы улам.
Биз келебиз алымсынбай бүгүнгө
сая түшүп жаңылыктын артынан.

Бул жарыкка келгениңе алкыш айт
кере жутуп күн нурунан көктөгү...
Өзүң сайган дарак турса дүпүйүп
тамырыңын демек терең кеткени.

* * *

Кимге жакшы, жүрүү тескей жер менен
бажырайып нурун турса чачып күн.
Кубанычтын даамын татып көрбөгөн
кадырына жетмек беле бакыттын!

Бакыт үчүн кыйындыктан качпаган,
бүт сүйүүндү, зарыл десе: жанды бер.
Эч жакшылык күтпө...
эгер башканын
кайгысына ким караса кайдыгер.

Жолдон тоссо туруп бербей жалдырап
кесепеттин колу-бутун муунап чык,
Кандай керек даректарга жалбырак
Бизге андан зарылыраак куунактык.

Дирилдетип асыл сезим кылдарын
улам демек күү айланат ташкынга.
Андай кезде угаласың ырларын
чөптүн, суунун... жансыз деген таштын да.

УЙКУ ЖОК

Бүгүн да менде уйку жок.
Жылдыздар көктө жамырап...
Суунун да мендей тынчы жок,
Тыңшоодон кулак жаңылат.

Түйшүк жок анча калчаган,
Оорубай жана сыктабай,
Мага окшоп азыр канча жан
Олтурат экен уктабай.

Карааны көрчү күндөрдүн
Келатат улам берилеп.
Алдыда жасаар иштердин
Алиге бүтөлеги көп.

Мен тоңсом, тоңуп аязга
Мен күйсөм күйүп жалынга,

Чук этпей поэзиям да,
Турганы турган жанымда.

Айланып аалам түркүгүн
Өмүрдүн өттү бир түнү.
Мен тургай
Жылдыздардын да
Жабышып барат кирпиги.

ӨМҮР

Арада чогуу жашайт бактылуулук,
алдынан кыя өткүм жок садагалап...
Тамшантат бу өмүрдүн таттуулугу,
үшкүртөт кыскалыгы... атаганат!

Таранып,
жымылдатып чачын өрүп,
Жашырып адамдардан жашын толук,
ноюбай улам жаңы белес ашып,
Алдыда үмүт булгайт жашыл жоолук.

Өмүрдүн гүл жамынган жээгин бойлоп
жашайбыз
кыска уктап, узун ойлоп.
Жашынды кыярганын шылдың кылып,
кыранда кыяр бийлейт кызыл көйнөк.

Сезимди жамгыр суусу чайкагансып,
Көңүлдө жүргөн кирлер бат агарат.
Тамшантат таттуулугу бул өмүрдүн,
өкүнтөт кыскалыгы... атаганат!

ЧАБЫТ

Барар орун
кайсы,
кандай багытта -
билбей ачык
биз жөнөйбүз чабытка.
Мингенибиз арып-ачпас кыял-ат,
а дегиче алып кетет алыска.

Же абайлоо,
тыным алуу ага- жат,
кан жолунда учуп-күйүп баратат
Бардык нерсе ага байкуш, мажирөө,
акылында жоктон барды жаратат.

Көз ымдашып табылгалар шаштырып,
Өчөшкөнсүп
мезгил турбайт бат жылып...
Өзүмчүлүк кылса дагы үстөмдүк
ойлогону, аткарары жакшылык.

Түпкүргө да кирип чыккан баш багып
калбагансыйт бу ааламдын бош жагы.
Кылган ишин көрүп калса экен дейт
баарынан да туугандары, дос-жары.

Ал абалды баяндоого сөз жетпейт,
мезгил саатын бир нугунан өзгөртпөйт.
Кыялында бардык ишти бүтүрүп,
бир орунда отурганын сезбейт эч.

* * *

Улам эңсеп жаңыны,
эскини да унутпай,
көрүш керек бардыгын
жер кыдырган булуттай...

Улам сүңгүп бар ары,
сырлар бардыр жашынган.
Жакшысы да, жаманы
өтүш керек башыңдан.

Жолду дагы нарылат,
түшпө эски изге сен.
Сөзсүз, сөзсүз табылат
Бар нерсени издесең.

Кээде
кара жаныңдан
түңүлүп да кетесиң...
Коркпо.
Төлөйт аны табылган
кыйналгандын эсесин.

Кыйнал, бирок, чарчаба,
Издөөнүн да ыгын тап.
Сүйүнгөнүң канча баа,
Жаш балача кудуңдап?

Тапкандарың өзүңкү
издөөчүлөр салтында.
Калар, балким, мүлк болуп
алмаштырбас алтынга.

* * *

Алдыңдан түнү
ак жарык жанса -
бар болжоп.
Арзыган буюм
табылып калса -
арман жок.

Өмүрүң дайым
сапарда жүрөр
жашыл көч.
Маанайы анын -
маңдайдан сүйөр
асылкеч.

Сагынып эми
санааны бүтпөйт
чубатып.
Келсин деп сени
зарыгып күтпөйт
убакыт.

Ойлонуп келгин
ашуучу белес
жөнүндө.
Бакытты көргүн -
түшүндө эмес
өңүндө.

Кийимди тандап
кийинет ар ким
жаңысын.
Жашоонун мында
эместир балким
маңызы.
Баарыга маалым
өмүрдүн кызык
экени,
Киргенде жылып,
чыкканда ысып
кетели!

* * *

Зайбым,
бүгүн дагы түшкө кирдиң,
сагынып жүргөнүмдү кайдан билдиң?
...Мага деп алып койгон буюм беле.
айтору,
бир нерсе издеп,
таппай жүрдүң.

А баса,
шаарда эмес,
айылдасың,
жанында кошо жүрөт карындашым.
Мен сени колдон тартам:
- Издебечи!
Отурчу,
табылбаса табылбасын!

Зайбым,
бүгүн дагы түшкө кирдиң.
Жаңыдай
үстүңдөгү жеңил киймин,
...Бир кезде мен диванда мас отурам,
сен тышта үн чыгарбай ыйлап жүрдүң...

Ойгонсом:
эсим эки,
жүрөк калбыр.
Түшүңө нелер кирбейт, шайтан алгыр...
Көрүнбөйт күндүн көзү
Үч күн болду,
а сыртта дале куюп жатат жамгыр.

КОЛ ТАБЫ

Дем шилеген куруп турган алыңа,
Кубат коштоп жүрүп турган каныңа
кереметтүү күч катары сыйынам
колубуздун өзгөчө бир табына.

Жаратылыш бизди татаал жасаган,
турбайт дайым көңүл күүсү чертилүү.
«Кол жеткис» деп эл ичинде жашаган
Сөздүн, көрсө, теренде экен төркүнү.

Адамдардын айырмалуу башкадан
бийик, асыл сапаты бар затында.
Жана мээриң, сүйүүң, ыклас-мамилең
чогулгандай алакандын отунда.

Жыланды да,
жырткычты да көр сынап,
Кулак түбүн, мандай, жонун бер сылап:
Жүнү жатып,
коюуланса көздөрү.
демек колдун жылуулугун сезгени.

Эми сенден өзүн алып качалбайт,
кайра эрксиз сыйкыр күчкө тартылат.

Көзүндөгү каары өчүп,
басандайт
денедеги жумшак, майда калтырак.

Курал да жок жакшылыкты ченеген,
Аны эч ким доомат кылбай келебиз.
Жалгыз эле кол аркылуу не деген
өлчөмү жок кудуретке эгебиз.

* * *

... «Жада калса караанын да жандатпай
Бакыт жүрөт кайберенче карматпай.
Тагдыр болсо өчү бардай каалаган
Каалашынча айдап алат карматпай»-
Деп муңканып жүргөнүңдү көп уктум
Бул ооруга билбейм кандай жолуктуң.
Кантип эле калды сага өчүгүп,
Антишкендей эмне кылып коюпсуң?

Баса бакыт: каалап көр ишиң деп,
Сүйгөнүңчө тосуп бербейт жүзүн көп.
Бардык күнөө сенден болуп жүрбөсүн
себеп-жөнүн көрүү керек изилдеп.

Өмүрүңдүн назиктиги - гүлгө тең,
Барктай билгин баш оорутпай күндө сен.
Бакыт, тагдыр эки башка түшүнүк
экендиги керек өзүң билбесең.

Алар менен жакындатар араңды
Башты ташка ур!- эч табылбайт аралжы.
Ага жетүү - илмекайып иш эмес,
Жалгыз гана өзүңө көз каранды.

* * *

Мындан мурда жолукпадың эч жерден
Мен да, тууган, сага окшогон жолоочу.
Сапар жолго чыкканыма көп болду
Эриккенде эрмек болуп, эш берген
Өзүң көрүп турган ушул от болду.

Ырас келдиң,
От да кызып алыптыр,
Жакыныраак отур, тууган, жаныма.
Кол кожоюп,
Бет түктөйүп калыптыр,
кошо жылып алалычы табына.

Бүгүн мында,
А эртеге кайдасың?
Туш болосуң
дагы кандай агымга...
Табыш оңой
Жай-чилденин айласын,
Бирок,
Оттук ташың жүрсүн жанында.

Азбы-көппү
белек арнап Мекенге
Даамын татып калыш керек убайдын
Сөз жетпеген эрдик кылган экен го
Прометей!

...отун уурдап кудайдын.

УСТА ЖӨНҮНДӨ БАЛЛАДА

Түрдүү кесип, өнөргө бай калкыбыз
Сегиз жылдык билимге ээ артыбыз...
Оо, илгери тоо ичинде жашачу
Түтүн саны ашып кетсе - алтымыш.

Анысы да чогуу эмес чачырап,
Бирок таза кармап жалгыз башатты,
Бак-шагы жок, малын гана асырап
Беш-алтыдан суу этектеп жашашчу.

Ынтымагы ар тараптан көрүнгөн
Айыл эми «үч атага бөлүнгөн»
Көзгө басар бир устасы бар эле
Жолдош аттуу, колдон көөрү төгүлгөн.

Төмөн жакта турчу дайым гүлдүрөп,
Жалгыз өзү куруп салган тегирмен.

Ун тартканы көп барчубуз биз ага,
Аз келгенсип ал жердеги балдарын:
«Айнанайын акетай,
тегирменчи Жокетай.
Тегирмендин каласы
Жокетайдын санаасы» -
деп аларды каптачубуз ызага.

Жаш-карыбы, дөөлөттүүбү, жардыбы,
Бүт азилкеч, теңтуштарга ар бири
Жолдош деген ысмын такыр атабай,
Жол аба деп кайрылышчу бардыгы.
(Кайдан билем анын чыны-жалганын,
Укканым бар сөөксүз деп бармагы)
Маани бербей
улууларды тууралып,
«Кичине аба» дешчү өзүнүн балдары.

Колу бошпу, дени сообу, иштеби,
Кайда жүрөт: үйүндөбү, тыштабы -
Алар менен эсептешүү жок ага.

-«Кайын журттан конок келди топ атчан
кой союлбай карап калдык, бол, аба!...»

-« Балдар эртең барат экен мектепке,
Барып чачын алып бере гой, аба!...»

-« Бүгүн уулду отургузам сүннөткө,
Жүр, молдолор күтүп калды, Жол аба!»

-«Ооз комузу ийрейиптир Өктөмдүн...»
«Сабы сынып калган имиш кетмендин...»

-«Чай, чыйбаркут болсун менден күткөнүң,
эртең барып козуларды биттегин!..»
Деги койчу, арбый берчү тизмеси.
Билбейм иштин, Жол абамсыз бүткөнүн.

Баарынан да бала мүнөз жан эле
Үйү болсо устакана там эле.
Аспаптарга чоңдорду да биз тургай,
Жолотпогон жаман жагы бар эле.

Былтыр күздө ошол абам «кичине»,
Чуу чыгарып, чакан айыл ичине,
Кетип калды эртең келе тургансып,
Өлүм, балким, кирбегендир түшүнө.

Азыр эми жаш-карысы баары уста,
Бир иш чыкса чогуу бойдон барышат.
Ошол кезде улгайгандар, айрыкча,
Анын «тиги жакталыгын» унутуп.
Дале болсо «Жол абалап» калышат.

ЭРКИН ЫР

Эч карытпас өмүрдү
Эмгек аттуу башат бар.
Эрте суутпай көңүлдү
Эркин, эркин жашап кал!

Мансап эмес күндөлүк
Максатыңа жеткирген.
Колдо болсо тур берип,
Карыз алба эч кимден.

Болсун куунак сейилиң,
Керек сөөктү агартыш!
Түзбү ниет пейилиң
Түк көрбөйсүң жаман түш.

Акыбетин жыргалдын
Жалгыз гана иш төлөйт.
Демек, эч бир жан сенин
Мышыгыңды «мыш»! дебейт.

Токсон толгоо кайгыга
Тоо катары чыдайсың,

Пайгамбарсың зайыбына,
а өзүңө кудайсың!

Эч карытпас өмүрдү
Эмгек аттуу башат бар.
Эрте суутпай көңүлдү
Эркин, эркин жашап кал.

ЖЕКШЕМБИ

Бүгүн күнгө жекшемби,
Демек, керек дем алыш,
Шаардан чыгып кетсемби?
...Айыл болсо эң алыс.

Ээн жерди табайын,
Көрүнбөйүн кишиге,
Баса, неге эс алам,
Кайсы кылган ишиме?...

Башталганы бар бир топ,
Ташталганы андан көп.
Качангача «эртең» деп,
Айта берем жалган кеп?...

Жашыл, алоо сезимди
Саргайтам да, карытам.
Алдай берсем өзүмдү,
Кимди сыйлап жарытам?...

Ичилбеген аш барбы,
Не тартуулайт алды жак?...
Күзгү шамал башталды,
Күбүлүүдө жалбырак.

Эстеп улам өткөндү,
Басып жүрбөй бет келди,
Бүгүн жакшы жазайын,
Болсо болсун жекшемби.

10-МАЙ, 1973-Ж.

Бүбүсара эженин жаркын элесине

Булут коюу,
суу киргил,
талаа дүлөй,
Тоолор кара,
көл кара, кыштак кара.
Бурулууга жарыкка жол көрүнбөйт,
Бул сүрөттү койгонсуп туштап мага.

Шүгүрчүлүк.
Ак саргыл нур жетелеп,
Чолпон дагы көрүндү тээ-тигине.
Куулар али уйкуда тумшук катып,
Термелишип толкундун бешигине.

Сезбейт муну жаткандар үңкүрлөрдө,
Кайталанган бул учур нечен ирет.
Колтугуна ак саргыл нур тийгенде,
Койкоюшкан моюндар көтөрүлөт.

Тарпа-турпа кагынып,
таранышып,
Куу-куулашып сыймыктуу сүзөт алар,
Чолпон өтөп милдетин сиңет көккө,
Сиңбейт көккө,
эртеси чыгат кайра.
Келет кайра адашып күндүн нуру
Мурдагыдай жадырап жанды мына.
Куу ойгонот, а Чолпон көккө сиңет,
Ыраазы болуп бир күндүк тагдырына.

Оо, табият!
Кечээ мен Чолпон эмес -
Күндүн нурун түк көрө алганым жок.
Куулар сүзчү көлүмдө көз ачырбай
Нөшөр куюп, чын айтсам, барганым жок.

Баспоочудай ал нөшөр күчөгөнүн,
Бекер эле иш экен түтөгөнүм:
Нурун күндүн,

Чолпондун
жана Куунун
Жашарына түбөлүк!
ишенемин.

* * *

Көгүлтүр көлдүн жээги, жай арты күз.
Каармандар үч-төрт жигит, беш-алты кыз.
Оо, мандайда каршылык кылуу барбы
Ойношсо сууга салып сулууларды,
Кайра эле көздөрүнө жалын бүркүп,
Алгансып денелерине самын сүртүп,
Булт этип колтук ылдый суурулушуп,
Калышат көгүш кумга жуурулушуп,
Тамырлар зымдан жасап бүткөн өзүң,
Ысык кан аралай чаап бүт денесин,
Эт бошоп, сөөк жибип баратканда,
Кыз кантсин, шайы келбей тайлашууга,
«Чулп» этип учуп түшөт кайра сууга.
Акысыз театрда оюн куруп,
Жигит да кыз артынан боюн уруп,
Кучактап моюнунан жагынса да,
Жигиттин бетинен өөп багынса да:
«Өп, дагы! Жалынуунун кереги не!»
Өчөшүп көлдүн сүйрөп тереңине.
Эх, жаштык! таттуу деги, кызык деги,
Эмчектин денеге өтүп ысык деми,
Колтукка кысып койсо кыз да сезбей,
Келишет чабак уруп жээкти көздөй.
...Чачылып Күн нуруна каткан сыры,
Көл анда жырга-ап гана жаткансыды.

ЧАБАЛЕКЕЙ

Чабалекей, секетим, табылбасым,
Чабалекей, бир боорум карындашым.
Өтүнүчүм өкүмдүү табияттан:
Өзүңө эч жамандык кабылбасын!

Кайдан таптың үйүмдү, качан көрдүң,
Бир эмес он мертебе учуп келдиң.
Делебеме бир сезим аян берип,
Тереземдин бир көзүн ачып бердим.

Мурас үчүн кам жеген экөөбүзгө,
Кезек менен кыш куюп кетесиңер.
Алдабаган, аяшкан бирин-бири.
Силер бизден эстүүрөөк экенсиңер.

Таранганын алардын көрүп туруп,
Балдарым да тазараак кийинишет,
Төрт балапан баш бакса уясынан,
Сегизбиз деп балдарым сүйүнүшөт.

Мен силерге жем терип бергеним жок,
Олтурганда ойнотуп төрт баламды.
Төрт баланды учуруп кетип калдың,
Ошо бойдон кайрылып келгениң жок.

Жадатканым жок эле улам келип,
Жашасын деп силерди кененирээк.
«Чабалекей канакей, келеби»- деп,
Чарчатышты балдарым сурай берип.

Чабалекей, жан биргем, табылбасым,
Чабалекей, бир боорум карындашым.
Эки көзүм төрт болуп эшик карап,
Тегеректин сен кайсы жагындасың?

Айтарың чын конокмун деп сен өзүңдү,
Антсең мейли, өчүрбөйм элесиңди...
Жай албады жан-дүйнөм чабалактап,
Чабалекей, жана бир келесиңби?!

ДОС

Жашай бил, төрөлбөсөң анда бир кеп.
Илээшип жүрүп жадайт кырсык, илдет.
Чымындай жанга керек тоодой дөөлөт,
Тирүүндө бир жакшы дос күтүү- милдет.

Жылдыздан бир топ бийик турат көңүл,
Жетүүнүн жолун издөө керек не бир.
Жолдогу ташты экөөлөп оодарсаңар
Сапарда жүргөндөргө канча жеңил.

Чочубай токмок жейм деп тамыр, таштан,
Айланбай сормо сазга балыр баскан,
Эки өзөн куюп турса, бир өзөнгө
Этеги көлгө айланаар чөккөн асман.

Өзөктөгү өрт алдырбай турган чыдап,
Өмүрлөр жашылданар арча сымак.
Үшүсөм отуң даяр жылынарга
Үйүндөн чыккан жарык канча кубат.

Жашоонун шарданында күүлөн, агыл!
Тирүүлүк айдыңында кубан, жарыл!
Досундун досчулугун билиш үчүн,
Кырсыктын болорлугу эмес зарыл.

АКЫН

I

Бир жерге сейрек түшүп сокур жамгыр,
Бир жерде сел дайрага кошулгандыр.
Бир акын түркүн ойго тебеленип,
Мага окшоп ыр жаза албай отургандыр.

II

...Дүрт этип күкүрт болуп жанды дагы,
Камчысы калем сабын алды дагы...
Акынды алып учуп жөнөй берди,
Ак туяк тууган жердин аргымагы.

III

Күлбөгөн,
ыйлабаган,
бийлебеген,
тил берип ташка дагы сүйлөбөгөн,

Баштады жүрөк өйгөн аңгемесин,
Бетме-бет тура калып дүйнө менен.

IV

Түйшөлткөн уйку бербей жатарында -
Көп нерсе көрүнгөндүгүн сапарында
Баяндап тааныштырды анан өзүн,
Ааламдын кабарчысы катарында:
Ал айтты аларлыгы камчысына
Кимде-ким гүлүн үзсө жер-эненин:
Ок болуп атыларын каршысына,
Чок болуп күйгүзөрүн денелерин,
Акылды адам үчүн пайдаланып,
Далилдеп тынч жашоого айла барын,
нур болуп, сүйүү болуп, акырында.
Жашыл жер ажырабай өз огунан
Айланып улуу күндүн жарыгында.
Сапарын (өзгөрбөгөн калыбында)
Улантып кете бермек жашыл бойдон,
Даңкталып акындардын жаңы ырында.

V

Мен болсо: ойго ойду кагыштырмай...
Жеримди эч нерсеге салыштырбай,
Ыр кылып суусун, чөбүн, топурагын,
Олтурам журт ичинен карыш жылбай.

ЖАРЫЯЛАНБАГАН ЫРЛАРЫ

БЕТКЕ АЙТУУ

Жүзүнөн, болбосо боюнан
тааныйм деп талаштым кимдигин.
Азыр мен кайттым ал оюман,
күбөгө өтмөкчү күн бүгүн...

Жолугам жүзүнө бир күндө,
Жолукпайм бирөөнө миң күндө.
Атамдын айтканы чын чыкты:
«Ар адам өзүнчө бир дүйнө».

Демек, мен өзүмчө дүйнөмүн,
Тоодомун, чөлдөмүн, үйдөмүн.
Бирөөнүн сөздөрүн кыстарбай,
Сүйлөсөң өзүңчө сүйлөгүн.

Айтарын айткын да тынып кет.
Сөз чынын, төгүнүн угуп кет.
Чынчылдык, конок бол төрүмдө,
Жалганчы, үйүмдөн чыгып кет.

Келбегин, мейли мен кел деймин,
Өлбөгүн, мейли мен өл дейин.
Эсен жүр, сен да бир дүйнөсүн,
Экинчи жүзүндү көрбөйүн.

АСАН КАЙГЫНЫН ЫРЫ

«...Жер жашыл - демек жаш ал...»
«...салмагын -
кайдан билдик...»
«...айланасы
жандоочко бир жарым саат,
самолетко -
жарым күндүк,
жоолорго -
жүз миң жылдык...»
«...уч миллиард- адам саны-
акчалай аз эле сан
адамдарга жок сан делет...»
«...2000-де эки эсе өсөт...»
«...жер чоңойбойт же кеңейбейт...»
«демографтар башында эсеп ...эсеп...»
«...кантсекби?
үйлөнүшпөй койсокпу же?
ажырашуу көп азыр ансыз деле...»
...бир улутка жети жүз миң союш,
бир улутка жарты жилик,
пропорцияны түшүнбөйт азык-түлүк...»
«...төрөлгөндөр колдогу тирүүлүгүн
эч качан алмаштырбайт өлүм менен,
ажыроону каалабайт
чал кемпиринен,
уул, кызы-
ата-энеден...
«...тал теректин кайгысы-
мөмөсүздүк,
аял үчүн зор кайгы-
төрөбөстүк...»
«...турмуш -ов! жыргал дагы, кайгы дагы,
зайыбымдын боюнда бар быйыл дагы...»

АПАМ УКТАП ЖАТКАНДА ЖАЗЫЛГАН ЫР

Апам, сен, мактанбагын акын уул төрөдүм деп,
Апа, сен, сыймыктанба сый-урмат көрөмүн деп.
Мен сенин сүтүңдү ичтим, жылындым мээримиңе,
Сен жокто башка жерде угаарым, көрөрүм көп.

«Канымдан бүткөнсүң» деп, үйрөтпө эркелетип,
Саргартам жол каратып, үйүңдөн эрте кетип.
Тирүүндө алкай турган сөздөргө уруксат жок,
Апаке! Мактанбаймын көзүңчө көкөлөтүп.

Аяйсың ач-кеч калсам, акмактык ишке барсам,
Адалды аттап өтүп, арамды тиштеп алсам.
Мактанып келген кезде бирөөгө кызмат кылып,
Мандайдан сылабастан, кайра бир муштап алсаң?!

Антпейсиң апакем-ай! Бардыгын билип турам,
Алыстан жүрөгүндүн сокконун угуп турам.
жакшылык иш бүтүрсөм кабакты түйүп келем,
Жамандык ишке барсам билгизбей күлүп келем.

Бирөөлөр даабайт сенин сырыңды угузарга,
Уулуңду аяймын деп, кайра аны бузуп алба!
Сен кетсең зар болормун сөз тургай карааныңа
Айтарың айтып калгын, апаке, ушу маалда.

Жолугам келатканга, шашылып баратканга,
азамат уулдарга, зөөкүргө, таланттарга...
Сен уктап жаткандагы жазылган ырым ушул,
Калганын айтып берем сен күчтүү таң атканда.

БЕКБЕКЕЙ

Сооронбай Жусуевге

Бекбекейди ырдаган кыздар Сиздин айылда
жүрөт имиш.
Кара-Туума-Асканы мекендеген кайберендер
ал ырды билет имиш.

«Эр-уланы дапдаяр аттанууга,
кыз-келини саадактан жебе сууруп,
каршылашкан душмандар
даттанууга

алы келбей
беришкен моюн сунуп...»

Ошол ырды укканда бир миң жолу
(мен айтпайын эки миңинчисин)
Сугум түшүп кайлыкка алсамбы дейм,
сур эчкинин супсулуу бир синдисин.

Уу ышкысы жеп алат бүт дүйнөңдү,

бу жарыкка ким болуп бүткөнүңдү
адамдарга жасаган мамиленди,
үйгө келген досуңду күткөнүңдү,
Күткөнүңдү зарыгып, үмүттөнүп...

АТА ЖӨНҮНДӨ

УУЛДУУ болдум,
Аны анчейин сезбедим.
Курдаштардын куттуктаган сөздөрүн
ата-энемдин сүйүнгөнүн,
агамдын
кубанганын адаттагы сөз дедим.

Уулум өстү,
Ишим деле болгон жок.
Эч ким ага көңүл буруп койгон жок.
Өттү күндөр сезимимди сыздаткан,
өттү күндөр көңүл куунак тойго окшоп.

Уулум ойгоо.
Таң агарган кез эле:
Сүткө тоюп жатат болчу чалкадан.
Кимден уккан, ким үйрөткөн таң калам:
«ат - та, ат - та, ат - та»-деди өзү эле.

АТА! дедим,
үн чыкпады эч кимден,
АТАА! дедим,
үн чыкпады эч кимден,
АТААА! дедим,
үн чыкпады эч кимден,
а- т- а дедим акырында ичимден.

Бактылуулук, жоопкерчилик сезимде
бийлеп жатты,
чагылышты көзүмдө.
Мен билбеген, мен сезбеген АТАЛЫК
тердеп-тепчип жаткан экен өзүмдө.

УУЛУМДУН ЖЕНТЕГИ

Назым-Бекке
Сүйүнчүңө
сүйүнгөндөн
чала-була токуп атты,

ала келдим
жентегиңе
кочуш гана
топуракты.

Май,
талканды четке коюп,
сен төрөлгөн
ыйык жерден
бердим сага топурак.
Май да жаса,

нан да жаса,
суу да жаса,
туз да жаса
сокулап,
андан жердин бир уучу да коробойт.
Бабаларың, чоң атаң да,
өз атаң да
жерден алып өмүрүн,
жерге берет өмүрүн.
жер-түбөлүк түнөгүң
Тукумуңду
1000 кылымга улаган
жер-талыбас жүрөгүң.

Айга учсаң жер таканчык бутуңа,
Күндөн түшсөң мамык төшүн жаят Жер.
Жетсең эгер ай-ааламдын учуна,
Кубангандын кең маңдайын чаят тер.

Жоомарттыкка дайым конгон,
өңүнө да, жашына да,
жерине да карабайт.

Кетсе кетет күнөө сенден,
а Жер болсо
деги сага
бир жамандык санабайт.
Аба бүркүп,
кан жүгүртүп денеге,
мээрим сүртүп
өз сиңдиси
Энеге,
кызыл этти бара-бара ирдентип,
аалам ээси АДАМ кылат Жер-Эне.
Ошондуктан,
сүйүнгөндөн
чала-була
токуп атты,
ала келдим
жентегиңе
кочуш гана топуракты.

ЖАЛГЫЗДЫК

Эч ким жок жанымда.
Жанымда эч ким жок.
Чай, чылым, наным бар,
Жанымда эч ким жок.

Досторум оюмда,
Туугандар айылда.
Калем сап колумда,
Жалгыздык жанымда.

Зайыбым чакчайып
көп күтүп ак таңды...
Уул-кызым капарсыз
Уйкуда жаткандыр.

Салаадан куюлат,
сары санаа сызылып...

Жалгыздык билгиздиң
жашоонун кызыгын.

Б.З.га

Мен сенин жылуу сөзүң уга элекмин,
Кыялды, сезимдерди элжиреткен.
Оюмдун аягына чыга элекмин,
Кан менен жүрөгүмдү тепчип өткөн.
Антсе да сезимдердин жүзү албырат,
Ортодо сүйүүлөрдүн оту жанып,
кыялды көккө сүрөйт романтикам,
Көзүңдүн көп сырларын окуп алып.

Сүйбөйт деп өзүмдү-өзүм кыйнасам да
Түшүмдө таштап кетип,
тагдырга таарыныч жасап ыйласам да,
эртеси анын баары унутулуп,
Күн чыгат сенин гана көзүңө окшоп.
Мен болсо жуунуп-жуунбай сыртка чыгам,
түшүмө капа болуп улутунуп...
Көзүңө көпкө дейре карап турам,
нурларга сенин гана ырыңды угам.
Балтыр бешик баладай колду созуп:
Салам сага, Күн! деймин
саламымды жактырабы билбеймин,
Күн сулуу. Күн күлгөнүнөн айныбайт,
күлөт, бирок саламымды кайрыбайт.
Турат, турат жылмайып,
«сенсиң» деймин ичимен,
анткени мен
күндү жүрөм
сага гана
сага гана ыйгарып.

Жумада көп дегенде бир жолугам,
мүнөттөр өтүп кеткен кылымдардай.
Түн ичи Ай экөөбүз сырдаш болдук,
Ай сулуу, сенин анда сырың бардай.

Салам, Ай!
менин гана сулуу Айым,
десем мен сулуу бирок дудук жандай,
кирпиги ирмелбестен карай берет,
мүнөттүн өткөндөрүн санай берет.
Анда деле
жооп алалбай тунук Айдын жүзүнөн,
«Сага окшош» дейм ичимен...
Айтчы сен, тилектерге жетебизби?
Мен сенин жылуу сөзүң уккум келет,
Адамзат көрсүн үчүн экөөбүздү,
Ай, Күнгө сейилдикке чыккым келет.

КЫЙНАЛУУ

Билбейм неден бүгүн неге кеч кирбейт,
куусам күндү кууган сайын жеткирбейт.
Сары, сары жалбыректай өңүмдү
сагынарым, сапардашым эч билбейт.
Сезимдеги бир макулук шыбырайт:
«Бул жарыктан ойноп-күлүп өткүн» дейт.
Бир акылман сезимдеги үн катат:
«Үлгүрбөчү үмүтүнө жеткин» дейт.
Өмүр сулуу менден кийин калуучу
өзү каалап, жүзүн тосуп өптүрбөйт.
Өмүр тажаал -өжөрлүгүн карматып
деңизине, кудугуна чөктүрбөйт.
Ооналактап, чабалактап жатканды,
ордумдагы уйпаланган чөп билбейт.
Айды Күндөн,
Күндү Айдан кызганып,
Жылдыз күтөм.....
Эмнегедир кеч кирбейт?!...
Мен мынчалык синип барам өзүнө,
Ай, Күн, Жер, Суу
түк көрүнбөйт көзүмө....
Кайдагы бир дүлөй, дудук, нес сезим

бийлеп алып,
эч келтирбей эсиме.
дың-дың күүлөп комуз кылып башымды
мүлжүп жатат отуз беште жашымды...
Безерилик сунуш кылган бул сезим
билбей жүрөм досумбу же касымбы?!

Досум болсун,
кас болбосун ылайым,
Көзүн карап, бүт кеңешин угайын.
Мени такыр капа кылба жан биргем,
жакшы көрөм, дагы эмне кыламын.

...Ушул сезим жинди кылчу сезимдир
же бакыттыр,
балким сенин көзүңдүр.
Жайлоодогу уларымсың ок тийбес,
жалган айтсам өзүң бил дос, өзүң бил!

БАТА БЕРҮҮ

ООМИИН!
Акылдын өзүндөй тунук бол,
Акындын сөзүндөй сылык бол,
Атаңдан кыйын бол,
Уулуңдан начар бол,
Эртеңки максаттар чакырып,
Эми эле ааламды кезээрсиң,
Жалгыздык, сагыныч сезээрсиң...
Эмчегин эмизип эр кылган
Энеңди эсиңе сала жүр,
Кыргыздын жеринен сен туулган
Бир кочуш топурак ала жүр.
Сен билбеген,
Сен көрбөгөн жак бар,
Кылмышсыз сак бар.
Кыянатсыз ак бар
ак бар!

ПОРТРЕТ

(бир жеңеме)

Сен азыр элүү жаштасың.
Сага окшош аял болбосун
биротоло кол үздү
бир өпкөн бойдон жолдошуң...
Сен азыр элүү жаштасың...
Туулуу, өлүү кокус да?!
Тун уулуң болмок отузда!
Ченебей кылдың жумуш көп.
Чекеңде азыр бырыш көп...
Оң болсо эгер туура сын
он тогуз бойдон турасың.
Не кылам айтып башкасын,
сен азыр элүү жаштасың.

БАЛЕРИНА

Сахна күңүрт,
...Дүңүйө ажайып...
Жылмаланган мраморго жан кирип бийлеп жатты.
Титиретип денемди
бийлер акты.
Эр аттуунун сезими канап жатты.
Көл үстүндө куу болуп канат какты.

Сен гана карегиме урунасың,
Мага бир укмуш күүдөй угуласың.
(Сен сөзүмдү «жалган» деп айтарың чын).
Сезбепмин сени ушундай сулуу экен деп,
Кийимчен жүргөнүңдө байкабапмын.

Музыка, суранарым, коштобочу.
Жибиңе тузактаба кыздын эркин.
Адашса жакшы жакка адашсын ал,
Бийлешсин каалашынча эркин-эркин...
Дирижёр, таякчаңды тыным алдыр.
Карасаң, тээ укмушту карап турсаң.

Алдында тургандардын жаагын басып,
Эркинче бийлөөсүнө жардам кылсаң.

Ансыз да
сахна ага
тардык кылат.
Көзүнө тоо элестейт, жашыл тектир...
Жардамың ушул болсун, айланайын,
Каалаган орунуна шашып жеткир!

Болду эми.
кыз кеттиби?
көрүнбөсүн.
элесин басып калдым карегине.
Эми сен чоң дирижёр
сыйкырдуу таякчаңды ойното бер,
саат ойнойт,
бир күн ойнойт,
жылдап ойнойт,
угуудан мен жадабайын,
көз ачып сахна жакты карабайын.
Күтөйүн бий дүйнөсүн билмейинче,
чыдайын дүйнө мага кирмейинче.
Турайын чырм этпестен денем ысып,
музыкаң кан-жаныма сиңмейинче.

БЕШИК ЖАЛКЫНЫНДАГЫ ЖЫЛАН

(Мукагали Макатаевден)

Отуз-кыркча боз үйдүн жээктеги,
түзөндөгү орокто ниеттери.
Бөлөп апам бешикке уктасын деп,
Керегеге кетиптир жөлөп мени.

Илип алып чакасын карысына,
Анан апам кетиптир суу алууга.
Атам байкуш орокто болсо керек,
Убакыт жок күлүүгө, кубанууга.

Эси-дартин эки уулга кезек бөлүп,
Кетсе керек энем да тезек терип.
Тоюп алсам томпоюп жатчу экем,
Бал уйкуга, ууз уйку кезек келип.

Жасалбаптыр жар салып тоюм анык,
келишпептир туугандар коюн алып.
Музоого окшоп ууз эмген жатсам керек,
Апакемдин уузуна тоюп алып.

Бирге болуп тал бешик мени менен,
Салкын тартып талаанын жели менен.
Тиричилик дүйнө экен бүт айланам
Же толбогон, болбосо кемибеген.

Жатса-турса жармашып жерге үңүлө,
Эл бүт алек тиригилик-эмгегине.
Айтор, бир жан, билбеймин, кубандыбы,
Бир казактын дүйнөгө келгенине?

(Кубандыбы, же жокпу, күмөн дечи,
Казак журту эгерим түгөнбөсүн)
Энем менин жылгадан кайтсын үйгө,
Үйдө ким бар, ким жогун түгөлдөсүн.

Ашыгыптыр эч жакка бурулбаптыр,
Алда неден жүрөгү шуулдаптыр.
Кулагына ким бирөө шыбырлаптыр,
Кимдир бирөө мен болуп чырылдаптыр.

Үйгө келсе капарсыз жатат экем,
Чочуй турган нерсе жок заты бөтөн.
Кайрадан оңдоп бешикти коюптур да,
Эч капарсыз узанып жаткан экен.

Бир деме деп күбүрөп ырымдаптыр,
Тиргилигин улантып бурулбаптыр.
Ушул кезде жүктөгү таргыл мышык,
Үтүрөйүп бешикке кырылдаптыр.

Тикирейип муруту болуп кылкан,
Каары чыгып, киркиреп алкымында.
Кара чаар жылан мында жаткан экен,
Баш жакта, тал бешиктин жалкынында.

Апам жансыз өзү чоң болгон менен,
Алдында жылан барын ойлонбогон.
Баш бармактай башында учтуу тили,
Өттү-кетти дегенсип соймоңдогон.

Чакан үйдүн алыстап эшик-төрү,
Коркконунан албаптыр чечип мени.
Энем үйгө киргенде, үнсүз гана
Көрсөтүптүр жыланды бешиктеги.

Энем келип жүзүмдү байкап көргөн,
Тирүүбү деп башымды чайкап көргөн.
Сойлоп түшүп бешиктен ал тажаалың,
Ийрелендеп сырт жакка жөнөй берген.

Кыпчуур менен бек кысып желкесинен,
Энем аны алыптыр жер төшүнөн.
Апама сүт апкел деп буюруптур,
Дем чыгарбай жыландын өңгөчүнөн.

Бузуктун камчысындай ийрендеген,
Бузук ит, кайсы шорун сүйрөп келген?
Кана, тамыз, сүтүндөн таңдайына,
Байкуш неме муну да үй деп келген.

Түшүнбөй апам мунун кандайына,
Ысык-муздак жүгүрөт кан боюна.
Душманды энем эсен-соо коё бериптир,
Ак тамызып жыландын таңдайына.

Өлтүрбөгүн, көтөрбө кунун бекер,
Ал чаккан жок, чачылбайт унуң бекер.
Укта балам, сен өзүң тийишпесең,
Жылан деген уу чачпайт куру бекер.

Мен жатыпмын уйку ээмп бешигимен,
Арга келип ажалдан, насибимен.
Карыш жылбай кырк күнчө сагалаптыр,
Кырк жамактуу боз үйдүн тешигинен.

Же маанайым жыланга жакты бекен?
Мени коргоп мышыгым жатты бекен?
Же душманым башкадан өзү коркуп,
мага келип баш паана тапты бекен?

Неге менин үйүмө төтө кирди?
Бешигиме неликтен көтөрүлдү.
Неге мени чакпады, сездиби же
Менин ага жоо эмес экенимди?

Жакындашса душманым - эп көрөмүн.
Душман болсо жакыным - кектегеним.
Ким экенин билбеймин, түшүмдө мен.
Кара чаар жыланды жек көрөмүн.

Сакта мени, салкын тоо, жыпар талаам,
Уулуу тиштер көп чыгар бултаңдаган.
Экинчи ирет билбеймин не болорун,
Биринчи ирет, айтору, жута албаган.

* * *

Келемин мен көл-шал терге чөмүлүп...
Кээде пастан, же бийиктен көрүнүп.
Келемин мен арып-азган күлүктөй,
Омурткалар он жеринен сөгүлүп.

Келем кээде Ак-Буурадай чамынып,
Аскаларга,
ташка, жарга кабылып.
Келемин мен эне болуп,
эмчектерим диркиреп,
Тууган жерди жетимимдей сагынып.

Болбосо да же эли көп,
жери көп,

Тууган жерим ашып-ташып төгүлөт,
Мен жок кезде жыргап-куунап жатса да,
Кумда калган балык болуп көрүнөт.

Кайран жүрөк калмак беле чарчабай,
Согот дагы канча жума, канча ай? ...
Сен жок кезде, тууган жерим, кар болом,
Тоодон чөлгө көчүрүлгөн арчадай.

ЖАЛГЫЗДЫК

Ээнчилик. Суунун бою. Кечиндеги,
Экөөбүз сырдашкан күн эсиңдеби?
Аңгыча шамал жүрүп, күткөн өндүү,
Аймалап жүзүбүздөн эсиргени...

Уйпалап чөптү суунун боюндагы,
Уктабай атырган таң оюндабы?
«Бүгүнкү сырыбызга күн да күбө,
Бүттү» - деп жалгыз чекит коюлганы.

Ойдогу бактыбыздан жылмыштырып,
Оңбогон бир макулук кылмыш кылып...
Эссиздик эркибизди бийлеп алып,
Эми биз эки үйдөбүз турмуш куруп.

Ээнчилик. Суунун бою. Кечиндеги,
Экөөбүз сырдашкан күн эсиңдеби?
«Оюмда, унутайын кантип?!» дедиң,
Оо анда, ботокөзүм, кечир мени.

АТАМДЫН ЫЙЫ

«...Теңирим! Жеп-ичкенди кечире көр:
Пенденмин сообунан күнөөсү көп,
кор кылып суу, тузунду төккөндүрмүн,
буюксам шамалынды соккондурмун,
бирөөнүн атын айры дегендирмин,
бирөөнүн изин ийри дегендирмин,
шек санап кээ бирөөнүн ак нанынан
бирөөнүн уурулугун жегендирмин,

же бирөөнү ак жеринен шылдың кылып,
же жок жерден акмакты мактадымбы,
кечир теңир жалынып жатканымды» деп,

Атам байкуш дайыма ыйлай берчү,
мууну бошоп өз жанын кыйнай берчү.

Мен эс тартып ый жөнүн түшүнгөндө,
Көз алдыма атам келип сакалы аппак.
Араң-араң токтодум каканактап.

СЕЛСАЯКТЫН ЫРЫ

Селсаякмын тажаткан уяндарды,
Селсаякмын жадаткан кыялдарды.
Өпкүлөймүн аялдардын бети тургай,
өлөң чөптү, бедени, туландарды.

Селсаяктык алдыга акчы демеп,
алга жылуу, токтобоо-жакшы, демек,
Кыялдарым турганда бууракандап,
кыздар мени ар дайым жакшы көрөт.

Алга жылуу-бул дурус. Оолукпаймын.
Бул сапатым белеги тоолуктардын.
Мээримине жылынуу күнөө эмес,
мен кыздардын көңүлүн оорутпаймын...

Бирок, турмуш, туйлабай акырын ак,
сулуулукка , өмүргө акын ынак.
Кебетеме караба, кеп анда эмес,
келчи мага, сулуу кыз, жакыныраак.

Табиятты тааныган сезим менен,
Селсаякмын эч кимге сезилбеген.
Жан дүйнөмдө жооптор бар, ачкычтар бар,
махабат бар, үмүт бар сен издеген.

Жүрөгүнө жүрөктүн деми бирге,
кумар жазар кушуңмун сейилинде,
чарчаганда кубатмын, шапатамын,

чаңкоо басар кымыз бар пейилимде.

Тоо жаңыртып эң чабал үнүм менен,
куттуктаган кутмандуу күнүң менен,
Селсаякмын сен үчүн азап тарткан,
Селсаякмын эч кимге билинбеген.

ЧАКЫР МЕНИ

Териңе батпай турсаң
кубанычка капталып,
Ишиңдин ийгилиги
жатса эгер макталып.
Же үйүнө конок келсе
ниети таза,
үй-бүлөң отурганда
мээримине кактанып,
Кубанычыңдын лаззатын кошо шимийин,
Унутуп калбай чакыр мени,
Адашкан кайберен кокуска
күчүң жетпесе,
Канча айткан менен
кайгыга тилиң өтпөсө.
Жанчам деп,
үйүңө толуп алып,
чыкпастан
Жалгызсыратып, жабалактап,
жанынан кетпесе,
Кайгыңдын баарын мойнума көтөрөйүн,
Унутуп калбай чакыр мени.
Тең бөлүп көтөргөн жакшы болгон салмакты,
Аталгым келбейт:
«бир башы үчүн жан бакты....»
Айтарым ак жүрөктөн;
- жүрө бер көңүлүң ток-
Чакырбасаң деле
мен сага сөзсүз бармакмын.

СҮЙӨРКУЛ ТУРГУНБАЕВГЕ

Кадам сайын жолугары айдан ак,
күрөшүүдөн тажап көрдүк качан биз.
Бирок кээде бетти туттук далдалап,
баарын кечип, кайдыгерче жашайбыз.

Адамчылык жанды кыйнап жатса да,
унчукпайбыз, кайра аларга бүлөбүз.
Өз эркиңди бийлеттирип башкага,
өлбөгөнгө каниет кылып жүрөбүз.

Бөлө албастан же карасын, агын ак,
башканын да, өз ишин да былыткан,
«азаматтар» четтен эле табылат,
пайда көрүп ушул акмакчылыктан.
Моюнга албай күнөөсүнүн эч бирин,
Адат болот ага ыйлоо, карганыш.
Арабызда жаш балача эчкирип,
жүрөт кайран, кайран гана Ар-Намыс.

ПОЭЗИЯ

Мүшкүл турарымда, жатарымда
тамагым тоёрумда, ачарымда
оюма келишпептир, эми ойлосом
болбоптур алар менен чатагым да.

Жанымды магдыраткан түшүм, ойгон!
Үмүтүм өтөй бербейт киши ойлогон,
жашымда ырлар жазгам кулач-кулач,
мен аны көңүл ачар иш ойлогом.

Имамча намаздарын каза кылган,
кийин мен жолдон тосуп каза кылгам,
жалынгам буттарына оролошуп,
курманың болоюн- деп казабыңдан....

Мөлтүрөп түрдүү арип кагазыман,
кылдыбы, кылбадыбы мага зыян,

билалбай турган чагым ушу кезде,
не кылсам, айтчы жаным, поэзиям?!

...Билбеймин бирөөлөргө парыз беле?!
Бир жашайт көп ыр деле, аз ыр деле...

Кабарым уктуңбу, же укпадыңбы,
Тирүүмүн, поэзиям, азыр деле.

КЕЧИРИМ СУРОО

Кечир мени, бошко кеткен мезгилим,
Бетим чиркөө карай албайм жүзүнө.
Тургандырсың санап күндүн тездигин,
Капа болуп басып өткөн изиме.

Кечир мени, бүтпөй кеткен жумуштар,
Колум турат корккonунан калчылдап.
Унутулбай күнөөлөрүң турмушта....
Кымбат саатты көөмп салганын арчындап.

Чөйрөмдөнбү мен эсиме кеч кирдим,
Турмуш - эне мени кайра төрөдү.
Көзүмдү ачып чыдай албай эчкирдим:
-Мага уйкунун кереги жок, кереги!....

Капа болбойм...Келер күнүм аз чыгар,
Не жыргалы супсак өмүр сүрүүнүн?
Эч бир шерт жок көңүлүмдү азгырар,
Чоң эмгектин жоокеринин биримин.

Антым ушул. Ишен мезгил. Мага жат
Мекенимдин ишеничин соолутмак.
Бүткөн күнү келем сага саламат,
Өмүрүмдүн капчыттарын толуктап.

Кечир мени, бошко кеткен мезгилим,
Мен адаммын - айтканынан тайбаган.
Кечир мени, чала жазган ырларым,
Кечир мени, жазыла элек поэмам!...

РАМИС РЫСКУЛОВГО

Тоо дегенде булар келет көңүлгө:
бороон-чапкын эч көрбөгөн өмүрдө,
буюккан жан, үндүн бийик чыгышы.
гүлдөр жайнап сен отурган жериңде.

Тоодо жашоо -өзүнчө эле ырыс бейм,
Тоонун өзүн майтарылбас кылыч дейм.
Ушул жагын сезип-билип турса да,
Мен тоомун деп айтпаганы дурус бейм?!

Азоо суулар ашып-ташып,
Кең арыгы тар көрүнүп,
Жар кемирип туйлап агат.
Жер кыртышы таштан муш жеп,
Чөп тамыры үзүлүп, ыйлап агат.
Бороон чыгып арылдаган,
Жан соогалап
Жээгиндеги бадалдар сестейишип,
Чөп аттуу жок күүсүнө багынбаган.
Гүл - келиндер энкейишип.

Сапарынан кум жолуккан жылandай,
(Түзгө түшсө ноктолонуп)
Ылдамдыгын жоготот тез жылалбай.
Шок мүнөзү токтоо болуп.

Нымын шимип ойдуң, талаа,
Тарам-тарам
Кан тамырлар агымы.

Башкаларга билбейм... мага
Жагат ошол калыбы.

АБСТРАКЦИЯ

Дене дүр-р деп,
болк-болк согуп жүрөгүм,
муштай денем батпай барат дүйнөгө,
булут жашып болор-болбос ызага....

Чагылгандын бир огуна чыдабай,
аска тоолор зар ыйлап,
бир-бирине арыз-муңун кайталайт.
Күн тыйындай көрүнүп,
илебинен суу жылытып,
бүт денеден буу чыгып,
жыпжылаңач сууга түшүп жатты жер!

Түн да кирди,
бармак басым тунук Айды такымдап,
мен жылдызга бараткансыйм жакындап!
Кир-коогунан бошогон жер,-
этек-жеңин кымтылабай
эмчектери асман тешип,
мени менен кошо учкансып келатты!

Таң да атты,
күндөр өтүп жер жасанды,
токтоо тартып кыялы.
Мен да бир аз жоош боло баштадым,
себептерин ким билет?...
...андан-мындан кыткылыктап кыз күлөт,
кыздан качты уйку түк.
-Эмне үчүн?
-???

АРЕНА

Б.Сарногоевге

Аренам кең, ырларым курч билгенге,
Ала-Тоодон атырылган асманга.
Сезесиң сен тоо башында жүргөндө,
Сезериң чын эгер уктап жатсаң да.

Жаман ырлар чөп-чарларга илинип,
Жакшы ырлар нур чагылтат жылдызга.
Ыр жагынан (кыла көрбө күнөлүк)
Так ушундай касиет бар кыргызда.

Далил буга: ырлар тоодон кылайса,
Көктөн бороон төмөн карай басса да,

Муза толгон кенч-айылда орун жок,
Учуп кетет конуп калбай аскага.

Кетет ырлар сыйрып салып жүгөнүн,
Ар бир үйдүн терезесин каккылап.

* * *

Титиреткен ыр дүйнөнүн жүрөгүн,
Биздин тоодон
Парнас балким пас турат.

Коргошун түс булут көккө асылып,
Дубаланып күндүн нурун жашырып...
Чабалекей уу кылууда чиркейге,
кумурскалар гөр оокатын ташынып...

Кара булут бара-бара берилеп,
теребел да ың-жыны жок мемиреп...
Аргымактын жүрүшүндөй тапырап...
азыр
мына
нөшөр болот көрүнөт.

* * *

Жерди сабап, элди сабап жашаган,
(тай кунандар орду ордунда качаган)
Жол чопулдап, жылаңаяк келет кыз...
Ырда-аап коюп келе жатат мас адам.

Бул сулуулук таалайыма кезиккен,
бир аз туруп жок болушат көзүмдөн.
Анан, анан унутула берет ээ?
Ана-ан барып өчүп калат сезимден.

ЖАЗ

Сүйүнтбекке

Көрчү күндөр келген сайын берилип,
кыял жаным кыз чачындай өрүлөт.
Мен кечээги коркпой сүзгөн көлчөлөр,
бүгүн мага деңиз болуп көрүнөт.

Таң атаарда сайраган куш үндөрү,
мөөр мисалы басылууда сезимге.
Ак гүл ачкан мөмө-дарак гүлдөрү,
кызыл болуп тура берет көзүмдө.

Бал аарылар ушунчалык ымыркай,
жерге консо канаттары дирилдеп,
араң зорго алып чыкса көккө аны
менин каным жүрө баштайт дүрүлдөп.

Кудурети күчтүү, өкүм табият,
мен өзүңдө бармын, кээде жоктоймун.
Көрчү күндөр келген сайын берилип,
бала кыял боло берет окшоймун...

ҮШҮСӨҢ ДА

Жүрчү, жаным,
сыртка чыгалы,
Кыш дебечи сонун убакты.
Алтын түндөр эрмек кылабы,
Арчадагы күмүш бубакты.
Жымың этип,
жылдыз чычалап,
Ай кучактап алтын белести.
Бирин-бири колун ушалап,
Бирге үшүгөн кызык эмеспи.

Жакпайбы деп,
жаздан кысынат
жашчылыкка өң берген жылдар.
Үшүсөң да жүрөк ысылап,
Үйгө кайтуу не деген жыргал.

АЙО

Кыш.
Калың кар.
Чыгуу кыйын үйлөрдөн.
Бөлмө жылуу

чыккың келбейт тыш жакка.
Шаардыктар бейпилдикке үйрөнгөн,
Эмне болуп жатат экен кыштакта.

Чабандарым,
чынын айтсам, малдарын
жакшы асырайт баласынан, зайыбынан...
Мен окуткан кызыл жүздүү балдарын
«Кантти экен»- деп ойлоосунан айбыгам.

Мүмкүндүк жок жардам берип бараргa,
Кыйналдыңар,
бир жолу эмес,
миң билем...
Жашасам да балаң менен шаарда,
Мен оюмда силер менен бир жүрөм.

БИРИНЧИ КАР

Кар...
кар жаап...
кар жаап жатты себеленип,
үйлөрдөн алыс кетпейт тегеренип,
назик кар, наристе кар ызаланат,
буттарга, балондорго тебеленип.

Аарынын уюгуна тийген өндүү,
(кандайдыр жамандыкты билген өңдүү)
Тозоңдор типтик болуп тура калып,
Артынан машинаны кууп жөнөдү.

Өзүнө, элге көндүм ырын улап,
машина тоотпостон зымырылат.
«Кор болдум, жаабай эле койсомбу»-деп,
көк дагы кабак чытып кыңырылат.

...Мен аяп карап турдум үшүп калып,
кар болсо баш-аламан түшүп келип,
Адамга, даректарга муңун айтат,
бутактарга, балондорго үтүктөлүп.

КЫШКЫ ЭЛЕГИЯ

Каңгырап жүрөм көчөдө,
капалык минип мойнума.
Кар чачкан ызгаар кеч эле,
кайсы адам чыдайт, ой буга?!

Каңгырап жүрөм максатсыз
Каалабай эч ким сүйлөшүн,
Капаны мага чачкан кыз,
Кай жерде, кайсы үйдөсүң?!

Ким билет менин алымды,
Ким берет мага кеңешин?
Кейишке салып жаныңды,
Кечирчү дале сен өзүң.

Каңгырап жүрөм, каңгырап,
Кар кайра менден чыйрыгып,
Карайт ай көктө жалдырап,
Кайгымды дарак ый кылып.

КҮЙЧҮ, МЕНИН ЖЫЛДЫЗЫМ

Күйчү, менин жылдызым, күңүрттөнбөй,
Жарыгыңдан көрөйүн өмүрүмдү.
Турса жаман, келечек үмүттөнбөй,
Тумандатып туптунук көңүлүмдү.
Күйчү, менин жылдызым, күңүрттөнбөй,

Күйчү, менин жылдызым, нурларың төк.
Түнү окуюн өткөн күн барактарын.
Күндүз кечке жумуштар-жыргалым көп,
Шумкар күн сабап барат канаттарын.
Күйчү, менин жылдызым, нурларың төк.

Өчүп, жанбай бүлбүлдөп жалкоо жандай,
Тез шилтечи жер жакка арымыңды.
Көзүм барда турмуштан алкоо албай,

Тынбасмын мен чыгарбай жарыгымды.
Өчүп-жанба ныксырап жалкоо жандай.

Балалыгым топ ойноп тоодо калды,
Пайда бербей далай жыл ата-энеге.
Жамап-жаскап кайдагы ойдо барды,
Жазгандарың жараксыз ката дебе.
Балалыгым топ ойноп тоодо калды.

Күйчү, менин жылдызым, күнгө окшоп,
Жарыгыңдан көрүшсүн өмүрүмдү.
Туура жолго баштачы гүлгө коштоп,
Тумандатпай туптунук көңүлүмдү,
Күйчү, менин жылдызым, күнгө окшоп.

ЧАЛДЫН МОНОЛОГУ

Мен карыдым.
Дүйнөсүн билбес саранда жашыма жетпей санагым,
Чыгамын ташка аранда. Кемпирим жана таягым
жөлөгүм менин. Күлөмүн. Ыйлоону такыр унуткам.
Ансыз да көздөн чыкпайт жаш. Эрмегим - жалгыз
тамагым.
Намаз да чыккан жадымдан., кыбыла кайда экенин
бүшүркөп араң табам да, бир нерсе окуйт эки эрин,
ойгоомдо элестебейт өткөндөрүм.

Уктасам түшкө кирет мына булар: тоо, жашыл төр,
кишенеген жылкы үйүрү, эр сайыш, улак тартуу.
Айлуу түн, шарактап кыз күлкүсү, жүлүндү кытыгылап
чоордун үнү,
барымта, баш жарылуу: салт-санаа, шаан-шөкөт,
кыз башы кунга кетип абышкага,
чырымтал жигит калып бойдок бойдон...
Калганын өзүнөр да билип, сезип...
Анан:
балдарым, өмүр ширин, өмүр ширин.
суу менен жууп болбойт көңүл кирин,

эл үчүн, мен жашаган жерим үчүн
жашымдын бере албадым үчтөн бирин.

Балдарым, адам улуу, адам кымбат,
адамды алдагандан калбайт жыргап.
Дээр элем: өмүрүңдү желге бербе,
калганча жер сыйпалап дене кургап.

Баарыңдын жакшы болду окуганың,
Балдарым жакыныраак отуралы,
Күнөөңдү кечмек турсун көр алдында
Жылытпайт тууган жердин топурагы.

Ажалдан алып калчу мүрөк болбойт,
сулууга суктанбаган жүрөк болбойт.
Жакшылык күтүп турса көзүн басып
жамандык көрсөм деген тилек болбойт.
Жаш чыкпайт чындап күйүп ыйлабасаң.
Өзгө эмес, уулуң салам бербей өтөт,
өзүңдү эгер өзүң сыйлабасаң.

Мезгилди алдоо кыйын «аттан түш» -деп,
мезгилди байкоо кыйын зордоп-күчтөп,
мен болсо 90 жашым 9 жылча
билинбей турган кезим бармак тиштеп...

КЫЯЛДАНУУ

Жаныбарлар кандай гана маңыроо
Баары ак көңүл кытмырлыкты билбеген.
Табиятка карайт алар таңыркап,
Сүйлөшүшөт ички кайрык-тил менен.

Карышкырбы?... жырткыч болуп жаралган
Кой жебесе эмне жемек, чөптүбү?
Акылдуулук-айырмабыз алардан,
Бизге жакшы кайберендин көптүгү.

Эркиндикти бизден күчтүү самашат,
Жагат мейкин, жагат бийик, бийик жер.

Дүнүйөгө сугун артып карашат,
Ошондуктан тоодо жашайт кийиктер.

Уларлар жок, кеткен безип арадан,
Үнүн анын тоого барсаң угасың.
Адам колу жетпесин деп самаган,
Аскаларга бүркүт салат уясын.

Турган жери ээн болсо да чочулап,
кулак түрөт сакташ үчүн өмүрүн,
күндүз аюу бир коңулда отурат,
Кашкулактар чөп тамырын кемирип.

-Эй, айбандар, коркпогула, уккула,
Үркпөгүлө, качпагыла дүрдүгүп.
Үңкүрлөрдөн, үйүңөрдөн чыккыла,
Ыр окуюн, баарыңарды күлдүрүп.

Кайдан чыксын, мага кантип ишенсин,
Улар басып, аюу качты майпаңдап.
Күндуз, суусар кетти караан үзүшүп,
Кулак уккус, көзгө илинбес жай тандап.

Бириң басып келбединг да бу жерге,
Мынча неге мерез болуп жаралдың....
Жашаар элем аралашып силерге,
кошпойсуңар, анткени мен адаммын.

* * *

Тагдыр ушул...
Алыстамын айылымдан.
Мен эмесмин, бирок, сыздап кайгырган.
Күнөөлөрдүн күнөөсүнүн күнөөсү -
Тууган жерден атайылап айрылган.

Байкуштуктун чынжыры бууп билекти,
Жөргөмүштүн тору чырмап тилекти,
Сары ооруга чалдыгарың белгилүү
Сагынычтын зили каптап жүрөктү.

Маани бербей суу ичилип, нан желет.
Акырына жем жегенге мал келет.
Адам тургай ит да сезип кымбатын
Тамак ичкен үйүн карап жан берет...

* * *

Айылымдан көтөрүлдүм бийикке,
Жеримдин учу-кыйрын көрөйүн деп.
Бир ууч журт сыя турган алаканга,
Ниеттендим бир мертебе өбөйүн деп.

Төмөнгө көз жиберсем айылым жок,
Жайланып калган экен тоо боорунда.
Шыңгырайт болот кылыч жигиттерде,
Билерик жарк-журк этет кыз колунда.

Шашылдым тоо бооруна чыгыш үчүн,
Даанараак көрөйүн деп айылымды.
Ээрчитип чыгып кетти дагы бийик,
Энемди, уулум жана зайыбымды.

Кубатка кубат кошуп, кубат тилеп,
Тездетем тынч алдырбай жүрүшүмдү.
Айылым андан ары жогорулайт,
Аскага таштап кетип үмүтүмдү.

Айылым бийиктей бер, көкөлөй бер,
Мен күтпөйм, сен да күтпө, үргүлөйүн.
Төмөндө жүрсөң эгер жетелейин,
Бийикте болсоң эгер бир жүрөйүн.

* * *

Коркоктор өттү дүйнөдөн
Калтырып калкын уятка.
Баатырлар өттү дүйнөдөн
Бардыгын бөлөп урматка.

Калбаган кимден бул дүйнө....
Күткөн көп ушул дүйнөнү.....

Жыргалды көрсө бир күндө
Кууралдар самсыйт күндөгү...

Мен эмес өлчөөр өткөндү,
Ансыз да жетпейт санактар.
Үлгүрбөйт келген, кеткенди.
Эсепке алып баратар....

Өткөндөр өттү камы жок,
Өзүнүн ойлоп жыргалын.
Бирөөнүн тиштем наны жок,
Жоготту бирөө курбалын...

Кумарын жазды бабалар,
Куш салып тоого, ойдуңга.
Алардын күнү жүк болуп,
Артылып турат мойнумда.

Чогулбай күлү эч жерге,
Шер тарткан жарак - куралын...
Келчүлөр менен кеткенге
Көпүрө болуп турамын.

Санжыра билгиң келсе, эгер,
Келгиниң жалгыз кечкурун.
Угабыз баарын десеңер
Унутпай айтам эч кимин...

МАРАТКА

Ак жол сага чоң энеңе баратсаң,
Аман кылсын баарыңарды жараткан.
Күндөй мээрим, боорукердик, иманды,
Күтөм дайым аяш уулум Мараттан.

ДОСУМ ОМОРГО

Жок кудайга жалынып,
Жолуңду тосуп сабылып.
Өзүңдө бактым дечү элем,
Өмүрлүк досум табылып.

Кебинди дайым сагынып,
Келечек күнгө кам уруп,
Жүрөгүм ысып көөнүм шат,
Жүргөндө калдым жаңылып.

* * *

Ук сөзүмдү, секелек кыз, кечээги,
Сугун артса бозойлордун нечени.
Даңк издейсиң жаштыгыңа чиренип,
Он сегиз жаш ошо бойдон өтөбү?
Өзүң билгин, кимге барсаң, ага бар,
Өмүр бою «сиз», «биз» эле дешели.
Жамасаң да, бирок... бирок.... жарашпас,
Жаман жерден жыртылган соң этеги.

* * *

Уят го ичкиликти жамандашың,
Бир билсең ошол сенин замандашың.
Ак сөзүм кээде мурун салам берем,
аттап өтүп эсирген аял башын.

Ченеп ич кир кыялга тумчукпайсың,
Чын окшойт менин сөзүм, унчукпайсың.
Жүрөксүз аял сени жүз өпкөнчө,
Жүз грамм арак ичсең тынч уктайсың.

ӨМҮРҮНҮН АКЫРКЫ МЕЗГИЛИНДЕ ЖАЗГАН ЫРЛАРЫ

АРНОО

Билем аны: Сен эч качан кирбейсиң,
билем дагы: «Эси жок» деп тилдейсиң!
А эси жок чоң үкаңдын ар дайым
сени жакшы көрөрдүгүн билбейсиң.

Тагдыр экен: кетип калдым алыска,
Түшкүм келип акын аттуу жарышка,
Жалган болбой алдыдагы үмүтүм,
Ак бата бер, бир жарайын намыска!

Өтөр күндөр
күтөр өлүм бекинген.
Калар өмүр
тез кеттиң деп өкүнгөн.
Сен да, Эже, каларың чын арманда,
Бир өбалбай тамылжыган бетимден.

А мен болсо жаралганга «жалганга»
моюн сунбай «тагдыр башка салганга»
Өткөн сайын,
кеткен сайын жаштыгым,
Кете берем, өтө берем арманда.

Ош, 17. XII. 80.

МАҢГИЛИК ЖӨНҮНДӨ ЫР

Келмек парз болсо жарыкка
кетмек да эстен чыкпасын.
Тил бүтпөйт эч бир балыкка
тулпарың жолдо жыкпасын.

Курт деле көрөт өз күнүн
оокатын табат термелеп.
Санаба мезгил тездигин
тездикте жүрүү эң керек!

Жер болбойт дайым күнөстүү
алмашпа баарын сонунга
Ал тургай жүргөн Күн эски
жылдызduу асман фонунда.

Өмүрүң жашыл жаралган-
боёгу сүртүп алынбас.
Маңгилик деген ал аалам
көөнөрбөс жана жаңырбас.

Өзүңө өзүң тирүүндө
эстелик жаса эр болсоң.
Мактоонун кимге кереги,
ый жардам бербейт өлгөн соң.

* * *

Балык менен абакем,
Кетип калды деңизге.
Барсам барат элем го,
Араң чыккам сегизге.

Сегиз деген сан бекен?
Сегиз кошкун жашыма.
Бар, тобокел, он алты
Туш болсом да сазына.

Туш болсом да кокустан
Жырткычтарга уктаган
Кайда, кантип жүрбөйүн
Атакемди куткарам.

21.12.80.

сөгөт

Мен төрөлгөн айылымды
кылымдап багып келе жаткан
башатка арналат.

Сапарым!
Мени тезден үйгө жөнөт!
Сен, кырсык,
тийишпегин мага;
жөн өт!

Айылымды көп сагындым, көргүм келет,
Тургандыр күтүп апам жана Сөгөт.

Барктабай тирүүлөрдүн көзүн, сөзүн,
Адамдар алдайбы дейм кээде өзүн? ...

Шаарда иш болсо да «элге жет» - деп
Шаштырып туруп алды сокур сезим.

Сөгөтүм!
Бир жашаган эли менен
Башатсың өлчөмүңөн кемибеген.
Апама араң жетсем жөө-жаландап,
Сөөгүн жууп жатыптыр сени менен.

Ыр жандуу айылдаштар күткөн чыгар,
Сен болуп элге карай агылайын.
Сообуна таазим кылар урпактар бар,
Соолуба, жан-Сөгөтүм, кагылайын.

7.03.83.

* * *

Быйыл минтип: бирде ыйлап, бир күлүп,
Сезимимден акыл эсим түзүк деп,
Жүргөн кезде белден басып тиргилик
Калган тура мажүрүм тал күчүктөп.

Аны бүгүн аэропортто байкадым,
алыс жакка-Түндүк жакка учарда.
Деген менен бир сырымды айтайын,
арман,
ый- муң
жетип калды тумарга.

Жетпей калып таалайына энсеген
Кийин соңгу бармак тиштеп калбаңыз?!
Бийик турат бардык, бардык нерседен
Адамдагы
максат,
үмүт,
ар-намыс.

Колко кылбай чала бүткөн ишиңи,
Эң оболу өтөй турган парзыңы айт.
Мактаганды жакшы көргөн кишинин
Махабаты бир тыйынга арзыбайт.

Токтот эми!
Тизгиниңди ал, досум!
Келечегиң келаткандыр утурлап.
Калары чын
Минтип жүрсөң жан досум-
абалыңа адам тургай ит ыйлап.

Карылыкка кандай көрдүң камылга,
Жаратылыш жасайт беле кайрадан.
Башың жана ден соолугуң барында,
Ал экөөнү изги иштерге пайдалан.

Быйыл минтип: бирде ыйлап, бир күлүп,
Сезимимден акыл-эсим түзүк деп,
Жүргөн кезде белден басып тиргилик
Калган тура мажүрүм тал күчүктөп.

20.03.83. Ош. Аэропорт

САРЫ ЖОРГО

Жер - Орто-Сары-Өзөн талаасында,
Саналуу жорголордун арасында.
Сыртынан суу төкпөс сары жорго,
Ак көбүк чачыратып омуроого.

Алмадай сары башын жерге салып,
Намысын оозуна тиштеп алып.
Учу жок кыйры даңктуу узак жолдо,
Карматпай сагагынан кас колдорго.

Жапырып кулактар өзүн сүрөп,
Зымырап өлө-тала жанын үрөп.
Жел болуп жебени кууп атырылып,
Жалындап жал куйругу сапырылып.

Арданып куйрук улам артта калса,
Кишенеп чыр чаңырып бар алынча.

Буттары булуттарга матырылып,
Бир кезде таанылды эле оңго-солго.
Не болгон, көрүнбөйт да эми жолдо.

Толубай сынчы минген аттай,
Тобунан өз тендүүсү ага жакпай,
Тобурчак сезип өзүн токтоно албай
Алкоону көтөрө албас ала өпкө
Аскадан кулады бейм саздак көлгө.

14.02.83.

БОЗ ТОРГОЙ

Буурул таң
табиятта таң каларлык
Кубулуш
жана бакыт колго тийген.
Балалык дүйнөм мени уурдап алып,
Кеткенге көп жыл болду чыгып үйдөн.

Жер кездим,
Араладым адыр түзүн:
Өбөм деп тагдырымдын кызыл жүзүн.
Өткөрүп келатамын бу башымдан,
Өмүрдүн жазын, жайын жана күзүн.

Качсам да,
Арт жагымдан утурулап,
Сезимди муздак аяз кытыгылап.
Сездирбей (билсем дагы натыйжасын)
Сестенткен ой санаамдын кышы турат.

Калп айтсам, каргагыла, тилдегиле,
Мен билген сыйкыр күчтү издегиле.
Жаныма кызыл канды үрөп турган,
сураарым жаз айына тийбегиле.

Акаарат кылбагыла,
Мен да пенде
Пендени сыйлоо парз го биздин элде...
Шумкарлар канат серпет дайым көктө.

Насиби -
деген менен-
жерде, жерде…
Татаалдык келсе келсин өмүрүмө,
Тагдырдын ким кааласын жол тосмоюн?!
Гүл сайган тоголок жер өңүрүнө-
Эсен бол,
(Ырчы кушум)
Боз торгоюм!

03.09.83.

ДЕПТЕРИМЕ

Көгүчкөнүм кызыл тыштуу дептерим,
Карлыгачым, кыя өтүп кетпегин.
Жолдо калды жарык чачкан максаттар,
Жарык делчү үмүтүмө жетпедим!

Жок! Жок жана кызыл тыштуу дептерим,
Уга көрбө ушакчынын кептерин.
Бел сындырган оору менен сыркоолоп,
Бет чыдабай «бейитиңди» эстедим.
Ошол менин бар арманым, дептерим!
Бассам, турсам, иман эстен кетпедиң.
Жоголорум бышык дечи эрте кеч,
Бирок сырдаш жолго таштап кетпегин.

Анан десең, мен буларды эстедим:
Эрте учкан турналарга жетпедим.
Мунум эмес бул жазылган тамгалар,
Муну элге айтып койбой өтпөгүн!!!

Эсен болгун, кызыл тыштуу дептерим!
Элге кабар алып барчу кептерим!
Кулак уккан жерде атым айтылат,
Курбанбайды дайым, дайым эстегин…

20.01.83.

Мен эмнени сүйөм
Мен эмнеге күйөмүн

ЖАЗ ЖАНА КЫЗ

Табияттын мыйзамына сыйынам,
Жаздын жаздай болгонуна сүйүнөм.
А кыздардын эрди кызыл болсо да,
Кайра аны боёгонго күйүнөм.

Ошол кызыл боёк менен уланды,
Өөп алыптыр так отунан бетинин.
Аттиң! десең.
Атасынан токмок жеп,
Ээн талаада түнөп калат эки күн.

Айланайын тайгалансаң тайгалан,
Тайгаланба эч убакта сөзүңдөн.
Боёсоң да кашты, чачты, кирпикти,
Кимдигиңди таанып алам көзүңдөн.

Кантмек элем, дегениме көнгүлө,
Тана албаймын табияттын күчүн түк
Кааласаңар капа боло бергиле,
Айтарымды айтып алдым ушинтип!

19.02.83

АРНОО

Кенжем Назар Бекке

Улам санын чапкылап,
Уулум өзүн ат кылат.
Жарышына чыдабай,
Жапырылат ат кулак.
Өпкөлөнбө баатырым,
Өр жолунда таш турат.
Мүдүрүлсө тулпарың-
Мүлдө балдар каткырат.
Темир канат балапан-
Канаттарын каккылап,
Качан келер экен деп,

Карап турат сак кулак!
Кенже уулум тулпарым
Келе койчу чапкылап.

АЛДЫ ЖАК

Доктор Масабиров Таирбекке.

Узайбыз өткөн күндү кылчак карап,
Өмүрдүн көз кызартып алды жагы.
Бу дүйнөң - саябандуу бир зор дарак,
Биз анын көркүн ачкан жалбырагы.

Алдыда күтүп турат жашыл белес,
Боз адыр, кум бел жатат андан ары.
Кеп канча жашка чейин жетүүдө эмес,
Кандайча жашаганда кептин баары!

Үрпөйүп өлүмтүккө, аңга конуп,
Үч кылым жашаганча карга болуп.
Ой-максат алды жакта болгондон соң,
Отуз жыл бүркүттөрдөй жашаган оң.

28.02.83.

МАМЛАКАТ ХАНУМГА

Өзбек кызы, күнүм, секетим,
Өтө сулуу Мамлакетим!
Бирөөгө сен тийип кетпегин,
Булбул болуп сайрап келемин.
Күйөөгө сен тийип кетпегин,
Күкүк болуп сайрап беремин.
Күлүп койсоң жаным жарк этип,
Күндүк жолдон учуп келейин.
Жакшы нерсем колдо бар болсо,
Жаным калбай сага берейин.
Караан үзүп кетсең таарынып,
Кабыргамдан катуу кагынып,
Кан кусармын Сени сагынып.

* * *

Чоң базарда мен алуучу буюм жок,
Ал анткени чөнтөгүмдө тыйын жок.
Түшкө чейин олтурамын ыр жазып,
Түштөн кийин менден өткөн кыйын жок.

Ушул Ошто ага да бар, ини бар,
Алар менин бир боорума барабар.
Мен аларга ыр окуймун күпүлдөп,
Алар мага төлөп турат гонорар.

Ыр дептерим дайым түшпөй демимде,
Бир ырымды үч окуймун кеминде.
Анан мени алпарышат жетелеп,
Үйлөйбүз деп Вермут деген келинге.

Вермут али он сегизге чыга элек,
Мени эч бир айың сөзгө жыга элек.
Этек-жеңи тийсе тийип кеткендир.
Зульфиядай жамандыкка кыя элек.

АПАМ, ЗУЛЬФИЯ ЖАНА ПЕРИЗАТ

Жүрөктү эзип дирилдеген кылдары,
Жүлүндү өрттөп кыягынын ыргагы.
Тирилгенсип кайран киши Бекмурат,
Экрандан «Перизатты» ырдады.
Эркелетип, алдына алып баламды,
Олтурду да олтургучка бурчтагы.
Кол жоолугун колуна алып, эмшендеп,
Адатынча апам ыйлай баштады.

Зульфия айтты, ыйлабаң деп, жарыктык
Сизден башка ыр түшүнбөй калгансып...
Апам айтты: Эжем болот Перизат,
Жүзүм бактуу Шырмал булак Ардайлык...

АЛЫКУЛДУН АРБАГЫНА

Маалым го - куш кайтаары түнөгүнө.
Туйгун да айланчыктайт чүрөгүнө.
Кыргызың жүрөт дале, чаң жугузбай,
Сен ырдан токуп кеткен КИЛЕМИҢЕ.

28.05.83.

НАСИХАТ

Улуулар (Атам-энем) Кутпуз!
«Кичүүлөр туяр бекен?»
Кыргыздар коюу журтпуз,
Жана бар чокон Мекен.

28.05.83.

НЕОРЕАЛИЗМ

Талант деген жообу бар табышмак,
Келгендигин эл-журт билет каяктан.
Каалагандар Чыңгыз болуп алышмак
Элдин баары болуп алмак Саякбай!.

* * *

Мен
пендемин бир жарыкка батпаган
(өзгө түгүл аялыма жакпаган)
Өмүрүмдү
Улам-улам жаттаган,
Турмуш жолун
Бир эмес миң аттаган,
Жана сырын өзгөлөрдөн катпаган.
Турат дайым сары нурун чачып Күн.
Кайгы-муңдун ачуу даамын татпаган
Кадырына жетмек беле бакыттын?!

КЫШКЫ ЭЛЕГИЯ

Кабак чытып асман капа тултуят,
Сөөк көзөйм деп шамал учат зыркырап.
А жер кийип аппак пальто, ак тумак,
Суук тийгизбейт, ак жакасын тумчулап.

Аэропортто эл толтура, чуру-чуу...
Учпай калган сомолетту күтүшүп.
Чымчыктар да токтотушуп учууну,
Отурушат бутактарда үшүшүп.

Куюлуу го чымчыктардын бензини,
Билеттери берилүү го колуна.
Зып-зып этип учуп кете бербейби,
Түшүп алып барчу сапар жолуна.

Фрунзеге барышат бейм элчилеп,
Ал жакта уя таба алабы ким билет.
Мүмкүн азыр болуп алар эки анжы.
Ойго чөгүп олтургандыр менчилеп.

Мен олтурсам жылып келген таксиге,
Дыр коюшуп учуп таркап кетти алар.
Аэропорттон ушу Ошко жеткиче.
Мени узата учуп келди каргалар...

02.01. 84. Ош «Чоң-Алай» мейманканасы

Баарыбызга тең ата,
бакыт үчүн камылга,
Бала басып келатат,
Атасынын жанында.

Сөздөрүчү божурап,
Басканы да дымактуу.
Куп жарашып турушат,
дарак, бутак сыяктуу.
Тетир карайт тентекке
Сырын ачпай же бербей.

Салган колун чөнтөккө
Жетелеткиси келбей.
Мезгил өтөт
    көшөрүп
Көп нерсени танат ал,
Анан жүрүп...
    ошентип,
Ата болуп алат ал...
Баарыбызга тең ата,
Бакыт үчүн камылга.
Бала басып келатат,
Атасынын жанында.

МУКТАРГА

Муктарым иним садага,
Агамдын ыры барбы деп.
Архивдерди каратпа
Ар кимден сурап жадатпа.

Калем сабым койкондоп,
Кагазды жыттап соймондоп,
Жамбаштап жаңгак столго
Жазганга шартым болгон жок.

Ак куржун толо ыр калды-
деп ырдаса Жеңижок.
Ак куржунду мындай кой,
Менде ак блокнот толгон жок.

Көз ачып көргөн Зульфиям,
Көңүлүм улап койгон жок.
Арзыган уулум Ак-Назым,
Алымды сурап койгон жок.

Ийгилик конуп жашымда,
Иштеп турсам башында
Инилерим турчу эле,
Имерилип кашымда.

Даанышман болуп башында,
Дарс айтып турсам жашымда.
Агаин тууган жүрчү эле,
Айланчыктап кашымда.

Ак сүт ичсем элде жок,
Алтыным агып селде жок?!...
Алты жыл тепсем оромпой,
«Ай!» - деп койгон пенде жок.

Бетеге кетти бел калды,
Бектер кетти эл калды.
Осмо кетти каш калды,
Ооматы кетти баш калды.
Эпитафия жазылган
Мүрзөмдө эски таш калды.

3.01.84.

ЖАЗГАН КАТТАРЫ

2/IX 1980

Урматтуу гиниш Замирхан!

Эң мурун айта турган саламым: карысуунуу Анарга,
гимандуу Аскатка,
бегайга,
анан,
калган туугандарга.

Поездде баратып жазып жатам.
Кечке! Бүтүн бир мамлекеттин
чек арасынан өттүм
Эч сагынуум арып-мүнүп жок.
Поездде, кантейин, балдардын
гүлдүү кийими. Алардын сүрөтү жаныма
тартып
Бүгүн түнөдө барам,
кээде прокурдун,
кээде кайсы куру журнал октойт,
кээде тажар, тажар, тажар билинбей,
кээде жарк дет
мен Икарга окшойт.


Кээде,
гиниш, Одиссейдин
гиздеген
гиздей жүрүп өмүр бою Итакан
А жолумдан жолугушат Сиз деген
колго сунуп эрмектеп Арга бутагын

-2-

Ал бутакты алалам да отлотом!
Бу өмүрго кайта гинсан тойбогон???
Тойгондору жаратылуу / кулдуу
Ат калтанып жүөшаар бекен ой менен?

Өмүр - жылчал,
өмүр - кулкын -
ал чандык!
Сүйүү - жылчал,
сүйүү - кулдал -
бар чандык!
Гүл сүйүүнү карматып да бизжолу,
а бир өзүм
жүз карчыдай
арчандык!

Бул айткан сөз —
Барбарбавга
эң кечбейт,
Сүйүү деген
аркактан
чектелбейт
Өлүк
бага
өзгөрөөр
махабат —
Деп менен да,
жок менен да
көрөлбейт


-3-

Абдрахман - каласаң куп, гишимин,
Алар бекем
бевереник турушмун.
Тен келгиче кутуп турар ким-бирод.
(Махабаттан ок жеп калган кишемин)


Бир бактан игиер бекен бегф убум,
Мен адамдан бир буттуун жарымын.
Кайда болсам,
ада болом, гинчек,
Махабаттай мен ок жеген кишемин

Махаббат бар.
Барбагына гишенем.
Эң жакшы жоомарт „курдум",
„Арстанам", „Борум", „Буркут", „Жолбарым"...

Мен адамдан ок жеп калган кишимин!

Жесем жетимин. Мендей пенде
Жок бекен?
Тагдыр деген - мага мэлекей ок бекен?

Тоо-талаада, арал-бенгиз
дей жарат,
Отюя жерден насибилейт
Жеп жүрөт


-4-

Ассалам!
Сагынып саламат менен
Жүрөбайт.
Ж. Ж. Мүмкүнчүлүк болсо дагы
Кат жазам.
Бардык жүгүндөрга
Салам-дубай!

* * *

Саламатсыңбы Абдрахман?

Бардыгыңар эсен турасыңарбы? Менин келгениме да, минтип бир жылга жакындап калды. Ден соолугум чың, ишкер өз алынча. Кандай абалда тургандыгыбызды жазуу уруксат эмес. Цензура бар.

Оштон кат-кабар келип турчу эле, эки айдан бери жок: жанагы «жеңең» балдарды да ууландырып жаткан окшойт. Назымдан, Назирадан кат алып, абдан кыжалат болуп, мен да жазбай койдум. Аларда эмне жазык. Апасы жаз десе, ооздоруна келгенин айтып жаза беришет да... Назиранын каты өзгөчө катуу тийди. Под чьей-то под диктовке написано. Мен ойлондум да, жаштыгын эске алып, анчалык маани бербедим. Мен катымда буларды жазайын деген эмес элем... Бир ооз айтылып калды. Оштон болгон жаңылыктарды койбой кененирээк мазмунда кат жаз. Что я подразумеваю, думаю, что тебе понятно.

Анан кат жазуунун да искусствосу бар. Кадимки чыгармага айлантып жиберүүгө да болот.

Мен бул жерде чыгармачылык жактан абдан түшүмдүү иштедим. Ушул күнгө чейин «Өмүргө жана сага жазган каттар» жана «Апрель» деп аталган эки ыр китеп жаздым. Бири нукура лирика. Биринчи китебимден көлөмү жагынан 4 эсе чоң, башкача айтканда 2800 сап. Экинчиси- 2100 сап. Ал да өзүнчө мазмундуу китеп болот деп ойлойм. Ичкич тагандын ысмын 3-4 жылдын ичинде жалаң гана мактоодон окуп каласың деп ишендире алам. 1980-жылы эле газета-журналдарда ырларым жайнап чыга баштайт. Ошентип, өзүмдөн жана кээ бирөөлөрдөн рухий жактан да, материалдык жактан да өчүмдү алам. Бул менин алдымда турган № 1 инсандык милдет – тапшырмам. Анын жүзөөгө ашарына кудуретим толук жетет. Мага азыр бир гана нерсе керек: ал улуу урматтуу ДЕН СООЛУК! Анан ... жанымды тозокко салып, кайра магдыраткан – секетим поэзия! Менин келечегим ушул экөөнө гана көз каранды.

Сага тапшырма: тоодо «Комуз» деген жыйнагым жатат. Жердин түбүнөн болсо да аны таап, мага тез арада салып жибер. Ал 80-жылы жарык көрүш керек. Басманын планына киргизип койгон. Тайтокур билет. Бир күнүндү жокко санагын! Мындан башка өтүнүчүм жок.

Ошко баруу деген ой түшүмдө да жок. Фрунзедеги досжарлар мен үчүн, кызматым, жашоом үчүн кам көрүп коюшту.

Омор, Жолон ж.б. достор келип турушат. Эгерде менин мындан аркы турмушума кызыга турган болсоң конкреттүү суроолор менен кайрыл. Конкреттүү жооп жазам. Мага түшүнбөгүдөй бала эмессиң. Мамасалынын окууларын жаз.

Карындаштарыңды өөп, менден ысык салам айт. Ата-энеңер аман болсун.

Саламым менен ичкич тагаң Курбанбай.

1979-жылы, 4-июнь.

* * *

Урматбек, катыңды алдым да ыраазычылыгымды билдирип кат жазып олтурам. Анткени мен сенден мындай катты күткөн эмес элем. Сенден бир топ жаш улуу жээндеримден мындай жүрөк толкундаткан кат албаганыма көп болгон эле. Акылдуу жээним Урматбек, мен сага айтайын дегеним, адам

баласындагы эң улуу касиет: бири-бири менен ал-ахыбалын суроо жана өздөрүнүн тынч-аман экендигин оозеки, кат жүзүндө же бирөөлөр аркылуу салам дубай менен билдирүү болуп жаткандыгын жакшы билемин. Бул жагынан алганда жээндеримдин ичинен сен атайылап мага кат жазганыңа кантип ыраазы болоорумду, чынын айтсам билбей турам.

Урматбек! Азыр ушул учурда, кат жазып жаткан учурумда, мен бул катты күндүзү жазып олтурам, менин көз алдыма мына булар келип турат: балким сен ата-энеңе жардам берип, алардын жанында жүрөсүң, балким кара карындаш, инилериңди ээрчитип Хауздун бир бурчунда жүрөсүң, балким чоң энеңе эрмек болуп жанында олтурасың, мүмкүн кенже иниң Санжарбекти тезирээк чоңойсо экен деп терметип олтурасың, же чоңоюп калдым деп көчө чаңытып ойноп жүргөндүрсүң... Балким, бөлөң Абибилланын жанында олтургандырсың. Анан эң негизгиси: «Тагама кат жаздым эле, жообу качан келер экен» деп почточунун жолун күн сайын карап, «мага кат барбы, келдиби?»- деп, энеңди же апаңды суракка алып жаткандырсың.

Эмесе жээним Урматбек, менин катым колунда. «Мага ыр жазып жибериңиз» деген экенсиң, сенин биринчи талабыңа берген жообум ушул. Экинчи талабың сүрөтүм кошо кетти.

Эми, Урматбек, өзүм жөнүндө кыска гана: ден-соолугум мыкты, иштерим жакшы. Ырларды жазып жатам. Анан сага айта турган атайы сөздөрүм:

эстүү бол,
боорукер бол,
күйүмдүү бол,
жароокер бол,
намысчыл бол,
намыскөй бол!!!

Анан өзүңө тыкан бол. Антпесең, алдыңдагы ашты бирөөгө алдырып жибересиң. (Бул менин башыман көп жолу өткөн. Анткени, мен өтө эле ишенчээкмин. Ал эми ишенчээктик бир мезгилде пайда кылса, бир мезгилде өз башыңа таш болуп тиет. Анда өтө эле кеч болуп калат экен).

Урматбек! Бул жазылган каттагы жаман тагандын айткан ойлоруна толук түшүнө албасыңа ишенем. Кат сен ойноп жүргөндө үйүңөргө барса, ачып окуп коюшат да, «азыр эле

келди» дешип, колуңа кармата коюшарын да сезип турам. Ошондуктан, жээним Урматбек, кат колуңа тиери менен өзүң окуп чыккын да, Абдырахман акаңа (бөлөңө) көрсөтүп, ага окуткун. Абдырахман мен айткандардын бардыгын комментарийлеп берет.

Эми, апаңдын, Жибектин бешик боолору бек болсун! Санжар менен Абибилла чоң жигит болуп чоңоё берсин. Сүйүнчүңө менин сүрөттөрүмдү берип кой. Сүрөттөрдүн аркасына жазып койдум.

«Бизди бир ооз катына албаптыр» дешип энең, агаң да капа болушат. Алардын баарына менден ысык салам дубай.

Ошентип, Урматбек, эми кат алышып туралы. Эскертүү: «Курманбай» эмес «Курбанбай» деп жазылат менин ысмым. Кийинки катыңда ушу ж.б. эске ал, жээним. Бардык жээндерди бетинен өөп, тууган-туушкандарга салам айтып таганың Курбанбай.

Мен барганда кат сакталуу болсун. Балким жакынкы күндөрдө барып калам.

1980ж. 8- июнь.

ЖЭЭНИМЕ КАТ

Айланайын, эстүү жээним Урматбек,
Өмүр деген өз ордунда турбайт тек.
Капа болбо, жаман жолдо жүрбө эч:
«Акын тагам мага көңүл бурбайт», деп.
Мен жек көрөм арам оокат жегенди
Ал дегениң ууландырат денеңди.
Сырым ушул: бетке чабар адаммын,
Сыйлайм жана канат-бутак дегенди.

Менин сырым бүт белгилүү апаңа,
Сен апаңды эч салбагын капага.
Апа деген дилиңдеги ыйык зат,
Ал гүл эмес тагып койчу жакага.

Таеneңдин аты Жамал делчү эле,
Убадат деп, Макбурат деп келчү эле,
Уул-кызынан ашып калган аш болсо
Жетимим деп Шамшилерге берчү эле.

Ал киши жок. Кеткен биздин арадан.
Адам эле уул-кыз көзүн караган:
Жамандыкка артын салып дайыма,
Жакшылыкка пейил-дитин кадаган.

Ал таенең-жүрчү биздин колдогу
Эл ичинде аты жаман болбоду.
Басса-турса иман тилеп Кудайдан
Оодарчу эле ташты жаткан жолдогу.

Саламдашып дайым чыкчу Күн менен,
Дуба окуп эч ким укпас үн менен,
Мага... сага... тилеп жалаң акыл-эс,
Өтүп кеткен ушул жарык дүйнөдөн.

Демек, менин сага айтар сөзүм бул:
Ата-энеңди Кудайыңдай сыйлап өт,
Сыйлабасаң, кор болгун да, ыйлап өт!
Калган сөздү, жээним Урмат, өзүң бил!...

АКЫНДЫ ЭСКЕРҮҮЛӨР

ИНИМ КУРБАНБАЙГА

Тилектеш акын иним Курбанбайым,
Түбөлүк жолуң болсун ырдан дайым,
Жалындуу лирикаңа көшүй берсин
Жалпак-Таш, жалпы Куршаб турган жайың.

Ырың бар ыкчам аттын жүрүшүндөй,
Жарк этет жароокердин күлүшүндөй,
Өргө чап, өз эл тургай өзгө элге жак.
Өзгөндүн өзүң жеген күрүчүндөй.

Жашайлык жалпы акындар эсен болуп,
Турбайлы бир орунда бечел болуп.
Тоолуктун торгой учкан асманынан,
Токтолбой ыр төгөлү нөшөр болуп.

Өмүргө өлүм турар каскак болуп,
Жашайлы жакшы ырлардай жапжаш болуп.
Баарыбыз олтурабыз да бир кезде,
Баягы бир шиңгилден таштап коюп.

Санаалаш акын иним Курбанбайым,
Сапарың жолдош күтсүн ырдан дайым.
Шаңшынткан саяпкериң Компартия,
Замандын жазгын эрдик, жыргалдарын.

Байдылда Сарногоев

«Ашуудан берген отчетум» китебинен. Ф. 1989, 126-бет

АК КӨҢҮЛ АДАМ, ТАЛАНТТУУ АКЫН ЭЛЕ...

Курбанбай Калдыбаев менен чогуу бир кафедрада иштеген жылдар менин эсимде бекем сакталып жүрөт. Себеби ал адамга жакын жапакеч жигит эле. Эми ой салчап көрсөм, анын адамгерчиликтүүлүгү, кишиге жакындыгы окууга барганда тиш кагып калган мезгил экен. Орто мектепти бүткөндөн кийин бир топ мезгил иштеп, армияга барып келип, акыл азуулары толук чыккан мезгилде окууга барган тура. «Жээналы аке, мен

университетте Сиз карым-катнашта жүргөн Кулан Рысалиев, Жүрсүн Суванбеков, Жээнбай Мукамбаев, Токтосун Акматов, Байдылда Маленов өндүү агай-окумуштуулар менен студент эмес, теңтуш, сырдаш кишидей мамиледе жүрдүм. Мен алардан илим-билим алуу менен бирге инсандык асыл сапаттарды да кошо үйрөндүм, алар мени студент катары эмес кесиптеши, теңтушу, сырдашы катары карашчу. Алар менен дасторкондош, табакташ болуп жүрүп окууну бүтүрдүм»... деп, көп жолу айтканы эсимде. Ушундай чөйрөдө жүрүп жогорку билимдүү адис болуу көрүнгөндүн эле бактысына туш келбесе керек. Менин бул жерде белгилейин дегеним Курбанбай Калдыбаев биздин окуу жайга мугалим болуп келгенде жаңыдан окууну аяктаган жаш адис катарында эмес, дасыккан окутуучу катары келгендиги. Буга мен жогоруда белгилеген эки жагдай мүмкүнчүлүк түзгөн. Экинчиден, Курбанбай түпкүлүгүнөн жакшы чөйрөдө өскөн карапайым кыргыз жигитинин типтүү өкүлү окшобойбу. Мени мындай ойго айылдаштары-теңтуштарынын бүтүмү ынандырып жатат.

К.Калдыбаев кишиге жакындыгы, адамдарга тез аралашып, алар менен бат ымалага келерин жогоруда белгиледик. Анын ушул сапаты студенттер менен өтө жакын болгондугунан ачык көрүнүп турчу. Факультетте Ж.Бөкөнбаев атындагы адабий ийримдин ишин жандандырып, «чымыны бар» жаштар арасында жандуу кыймыл баштаган да ушул Курбанбай болгон. Өзү жазган ырларын окуп, жазгандарды окутуп угуп, кызуу чыгармачылык чөйрө түзгөнүн биз эле эмес, андан окугандардын баары эскерип жүрүшөт. Өзгөчө талаа жумуштарынын учурунда (андай компаниялар мурда тоют даярдоо, пахта терими сыяктуу) студенттер менен бир кишидей болуп жуурулушуп кетерин азыр кыргыз филологиясы факультетинде иштегендер бир ооздон белгилеп, аны менен бирге болгон күндөрүн таптакыр эстен чыгарбай жүрүшкөнүнө бүгүн да күбө болуп жүрөм...

Курбанбай Калдыбаев таланттуу акын эле. Мен анын ырларын укканда Алыкул дароо эсиме түшүп, анын элеси көз алдыга тартыла берчү, себеби анын акындык стили Алыкулду эске салып турчу: ыр саптарынын ойго сыйымдуулугу, ойго

келбеген сезим күүлөрүн таба билүү, кичинекей көрүнүш аркылуу чулу көркөм жалпылоолорду жасоо, эне тилинин шырелүү сөздөрү менен сөз айкалыштарын сезим күүлөрүн берүүгө багындыруу (бул таланттын гана кудуретине таандык эмеспи) сыяктуу көркөм ыкмалар акынга оңой эле кызмат кылчу... Күндөрдүн биринде Курбанбай эки-үч үй-бүл(нү үйүнө коноккo чакырып калды (батирлик үйү эски Ош районунун борбор көчөлөрүнүн биринде полковник Ж.Төлөнов, ардагер Таштан Салиевдер менен коңшу турчу). Ошондо окуп берген бир ыры баласы Назым жөнүндөгү ыры азыр да менин эсимде. Анда мындайча жагымдуу ат бар эле: төркү бөлмөдө бир адам жатат. Анын жатканын эмдигиче эске албай жүргөнүмдү ал чукуранып козголгондо гана эстеп жүрөм, көрсө, төрдө бизден башка Адам жаткан турбайбы, деп, ырды окуп бүтүп, балдарыбыздын келечеги үчүн деп кеп айтып, чөйчөк көтөрбөдүк беле... Бири кем дүйнө десе, ошол тилеги ишке ашканын Курбанбай көрбөй калды. Улуу максат-тилек менен уулунун атын Назым коюп (таланттуу түрк акыны Назым Хикметти эске салып көрүңүз), эли үчүн, журту үчүн Назым Хикметтей кызмат өтөгөн улуу инсан болсун деген асыл ойду көздөгөн эмес беле...

Курбанбай Калдыбаев коммунисттик идеология күчөп турган мезгилде жашап өттү. Бирок ал коомдук турмуштун акыйкатын аттап өтүп, идеологиялык агымдын туткунунан ыргып чыгып, аз болсо да чыныгы поэзияны жаратуу үчүн жашагандыгын азыр байкоо кыйын эмес. Айрым бирөөлөргө окшоп ал көрүнгөн эле нерсе жөнүндө ыр жазчу эмес. Бассатурса ичтен күбүрөнүп, мээсинде кагазга түшчү ырды бышырып, жатка айтуу анын акындык касиетинин бир көрүнүшү эле. Анын бул сапатын бирге иштешкендердин баары эле жакшы билишет.

Азыр менин эсимде сакталган ырларынын бири «Чабалекей». Бул ыр көпчүлүккө аябай жаккан, ал эмес коммунисттик идеологияга бүт денеси, сезими сиңип калган партиялык жетекчилерге да ушул ыры аябай жагып, Курбанбай дебей эле Чабалекей деп калган учурларды мен жакшы билем.

Аттиң, Курбанбай, ар жылы жазда келчү Чабалекейиңди

көп күтпөй өзүң чабалекей болуп кайрылбас жайга учуп кетиң. Айла жок, жашоонун ырахатын Арбагың көрсүн!

К.Калдыбаев ак көңүл, акыйкатчыл акын катары, менин эсимде сакталуу. Кантсе да, тагдырдын катаалдыгына моюн сунбашка айла жок турбайбы, канчалаган асылзаада Адамдар бу дүйнөдөн эрте кетишип, калкынын арманын күчөтөт окшойт. Курбанбай да ошолордун бири.

Жээниң Асылбекке күч-кубат берип, тууган-уругуң, досжарыңдын колдоосу менен сенин арбагыңа арналган эмгек жарык көрүп калса, бул жалпынын күткөн оюнун ишке ашышы болот го деген ойдомун...

ЖЭЭНАЛЫ ШЕРИЕВ

Ош МУнун профессору, Кыргыз Республикасынын элге билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, Кыргызстан калк ассамблеясынын Ош облустук бөлүмүнүн төрагасы.
28-июнь 1997-ж.

ЖАЛПАК-ТАШТЫН ЖАЛТАНБАС БАРЧЫНЫ

Курбанбай экөөбүз аталаш ага-ини элек. Ал менден эки жаш кичүү болсо да, сен дешип сүйлөшүп, жаштайыбыздан сырдаш болуп, Актеректе чогуу өстүк. Ал бала кезинен зээндүү, ар кандай нерсеге жөндөмдүү, колу усул бала эле. Ошондуктан комузда кол ойнотуп чертип, ордо атканда чертмекчилик жактан алдына эч кимди чыгарчу эмес. Согуштан кийинки оор жылдарда колхоздун колдон келген ар түрдүү жумушун аткарып, турмуштун ысык-суугун тартып чоңойдук.

Мектепти аяктагандан кийин мен Кыргыз мамлекеттик медициналык институтуна тапшырып окуп калдым. Курбанбай шартка жараша Фрунзедеги (азыркы Бишкек) соода техникумунда окуп, аны бүтүргөндөн кийин Ошто соода кызматында иштеди. Ошол жылдары анын айрым ырлары гезитжурналдарга басылып, адабиятка болгон ышкысы артып, Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетине тапшырып, студент мезгилинде эле поэзия майданында өз изи, өз стили менен айырмаланган профессионал акын ка-

тары белгилүү боло баштаган.

1964-жылы өзү менен чогуу окуган көлдүк кыз Зульфияга үйлөнүп, той өткөзгөн. Мен ал мезгилде Кара-Кулжа районунда (мурунку Совет) врач болуп иштечүмүн. Алардын үйлөнүү тоюна атайын Бишкекке келип катышып, тоңдуктар менен куда-сөөк болгонбуз. 1965-жылы жайкы каникулда Курбанбай зайыбы менен Кара-Кулжага келишип, тагдыр насип экен, Зульфия төрөт үйүндө тун уулун төрөгөн. Курбанбай чексиз кубанып, өзү кумир туткан белгилүү түрк акыны Назым Хикметтин атынан уулунун атын Назым койгон.

Кийин мен да аспирантурага тапшырып, шаарда чогуу жашап жүрдүк. Университетти бүтүргөндөн кийин Ош мамлекеттик пединститутунда окутуучу болуп бир топ жыл үзүрлүү эмгектенди. Жакын дос-жоролору Жолон Мамытов, Омор Сооронов, Кадыркул Даутов, Сүйөркул Тургунбаев ж.б. анын акындык чеберчилигин жогору баалашкан.

Бара-бара тагдыры татаалдашып, эми жетилип, турмуштук тажрыйбасы ашып, таланты курчуп, чоң чыгармаларды жаратуучу мезгилде шум ажал күтүлбөгөн жерден алып кетти. Курбанбай жөнүндө айтса сөз бүтпөйт, жазса кагаз түтпөйт. Андыктан мен калган айтчу оюмду ыр аркылуу баяндайын:

Чоңойдук бир уяда Жалпак-Ташта,
Экөөбүз ага-ини элек аталаш да.
Бирге эле рухубуз, жүрөгүбүз,
Болсо да тагдырыбыз ар башкача.

Бүркүттөр тоолорунда уялашкан,
Ажайып өзүң туулган Жалпак-Таштан.
Шыктанып поэзия дүйнөсүнө,
Талантың булактардай ашып-ташкан.

Жашыңан талантыңа таң калышкан,
Кыргыздын акындары кадырлашкан.
А жаштар өнөрүңдү туу тутуп,
Өзүңдөй болууну көп самашкан.
Айтчумун сага айтылбас сырларымды,

Окутуп сындатчумун ырларымды.
Хемингуэй, Хикметтердин ырын окуп,
Ар дайым кандырчусуң кумарымды.

Суктантып генийлердин улуулугу,
Назым деп атагансың тун уулунду.
Кийинкилер бизден тың чыгышып,
Башташты турмуштагы бурулууну.

Биз уктук бала кезде жемелерди,
Какшатып тоогун уурдап энелерди.
Жакшысы жашыбыздан тыным албай,
Эмгектен бышырганбыз денелерди.

Канат тура учурган канаттууну,
Талыкпас эмгек таптайт таланттууну.
Тарыхты ачып көрүп такташ үчүн,
Көрбөдүм эмгеги жок атактууну.

Табигат талант берет чанда-чанда,
Тартуулап атаа кылбайт каалаганга.
Эч качан боор ачыбайм, эмгек кылып,
Талантын таптабаган наадандарга.

Казылбай калып кеткен кен сыңары,
Талант көп жанбай кеткен бак чырагы.
Арман көп, андан дагы эрте кеттиң,
Болалбай жанып турчу калк чырагы.

Кээ бирлер баалай албай таланттарын,
Тарых билет жүрөгүн канатканын.
Аттиң ай, сен да өмүрдөн эрте кеттиң,
Көөдөндө көп ырларды жаратпадың.

Өкүнбөйүн. Өлбөй турган ырларың бар,
Өмүрдү улантуучу балдарың бар.

Жазылбай жакшы ырларың, сапар кеттиң,
Нетейин бир ошондон арманым бар.

Кош эми жайлуу болсун жаткан жериң,
Ар дайым ырыңды окуп эстейт элиң.
Эгерде мүмкүн болсо тартынбастан,
Сүйө бер бейиштин да перилерин.

Бекболот Акматов
медицина илимдеринин доктору,
профессор, акын

ЖАШТЫКТЫ ЭСКЕ САЛЧУ ЖАЗ МЕЗГИЛИ

Курбанбай агам жөнүндө сөз болгондо эле менин эсиме жаз мезгилдери түшөт. Жаз күндөрү айылыбыздагы балдар чогулуп топ ойноп, чикалек чаап, козу карын жыйнап, куурай терип бирге жүргөн учурларыбыз көп болуучу. Ооба, андай балалык маанайдын шаттыгына бөлөнгөн шаңдуу күндөр жүздөгөн, миңдеген ирет башыбыздан өткөн, балким андан да көп болгондур.

Биздин катарларыбыз үчүн ошол кездеги жаз күндөрдө жаңыланган жаратылыштын кооздугу, илеби, булактардын шылдыр обондору, айтор баары, баары... туулган жерибиздин тулкусуна сиңип, Жалпакташтын жыпар жыттуу абасына айланып, алыста жүргөн биздей кулундары тууганчылап айылга келип калганда маңдайдан сылап, эркелетип тосуп алгандай сезилет. Ошол аңкыган абадан дем байлап кетүүгө туганчылап келгенибизде, биздин катарыбыз суюлуп баратканын көрүп, жүрөк бир селт этип алат. Айрыкча, мен айылга жаз маалында келсем, ошол кереметтүү жаз күндөрү, анан бирге жүргөн балдардын ичинен Курбанбай аке экөөбүз ээрчишип барып, Чаарташтын бийик дөңүндө чалкабыздан жатып алып, жазгы булуттардын ары-бери сүрүлгөнүнө, анда ар түрдүү элестердин пайда болгонуна саресеп салып, жыйынтык чыгарып, ой бөлүшкөндөрүбүз эсиме көп түшөт.

Биздин Актерек айылыбыз канатташ башка айылдарга

салыштырмалуу тоолуу аймактын күнгөй тарабынан орун алган. Экөөбүз теребелге көз салып, айланадагы таштарга, Карынбайдын «кийизине», Ажыдаардын «кулагына», томпойгон торгойго, зындан деп аталган жалама таш белестерге, Алдиярдын бийик чокусуна өзүбүзчө ой жоруучубуз.

Булуттар кайрадан ары-бери сүрүлүп, өзүбүздүн айылдагы мечитке, мектепке, анан алардын жанындагы чоң байтүп терекке айланып, бир саамга тына түшөт. Эмнегедир Курбанбай акенин салыштыруулары мага караганда орундуу да, тез да табылчу. Көрсө, анын чыгармачылык ой жүгүртүүсү, фантазиясы, курчап турган дүйнөнү көркөм кабыл алуусу күчтүү тура. Анын ички дүйнөсүн буркан-шаркан түшүрүп, көкүрөгүн тээп, сыртка чыгууга аракетке келип жаткан шыгы, таланты, чыгармачылык жөндөмү ошол кезде ойгонуп, тынчтык бербей турган учуру экен.

Таланттуу инсандардын көбүнүн алгачкы чыйыры кыз жандап, сезиминде сүйүү пайда болуп, жигиттик кураста байкаларын ким танат. Ошондой мезгил келгенде бизден эки-үч жашка улуу Курбанбай баш болгон Абдирашит, Аким, Шакир, Байкул д.у.с. агаларыбыз бизден (ошол кездеги боз балдар Акбарали, Абдыкаар, Айтбай, Темин, Ырысбек жана башка) бөлүнүп кетишти. Ошондо алар бой тарткан кыздар менен сырдана болушуп, өздөрүнчө жүрүшсө да, өз ойлорун, жактырган кыздарга болгон сүйүү сезимдерин ачык айтуудан тартынышкан сыяктанат. Алардын ички сырларын Курбанбай аке ырга айлантып, кагазга түшүрүп, кыздарга берер эле. Ошол учурдагы кол жазмаларга толгон бир нече дептерлерден бир топ ырларды биз да жаттап алчубуз. Алардан бир куплет келтирейин:

Бул дүйнөдө сүйүү деген өтө кызык,
Үч жолу оору болдум ичтен сызып.
Үшкүрүп сени ойлонуп мен отурсам,
Капыстан күлүп койдуң көздү кысып.
Ансайын эргип жүрөк, эстейм сени,
Негедир кубанычтуу жүрөк ысып.

Ушул саптар бир кызга арналган каттын башталышы экен. Таза сезим, учкул кыял, ичтен жактыруу, аруу тилектер

камтылган он беш куплеттей ушул ыр түрмөгүн окуган сайын окугунду келтирип, тамшанып турар элек. Ал ырлардын негизги сырын биз, андан кичүүлөр, кийин байкадык. Ар бир куплеттеги саптардын башкы тамгаларын жогортон төмөн кошуп окуганда, ал кат кимге арналганын, негизинен кандай сунушу же тилеги бар экендигин тапса болот экен. Жогорку куплеттен ошол кездеги биздин айылдын кыздарынын ичинен көркү көгүчкөн, сымбаты суусар топ жигиттердин ичинен кимди жактырарын эч ким билбей жүргөн кыздын ысмы окулат тура.

Курбанбай акенин башкалардан өзгөчөлөнгөн дагы бир жагы ордо оюнунда көрүнчү. Чийинде туруп борбор жактагы чүкөнү атып чыгарганы баарыбызды таң калтыргандыктан, биз аны тамашалап «көр мерген» деп койчубуз. Ичке түшүп калса, черткен чүкөсү чыркырап атылып, томпой улам алчы-ланып, ордо ичиндеги чүкөлөрдү түгөл чертип чыгып кеткен учурларына көп эле күбө болгонбуз. Улуу муундун ичинен Матазим, Арстан, Куму сыяктуу таанылган ордочулар өз ара мелдешип ордо салып калганда, жаштардан Курбанбай акени талашып жүрүп кошуп алышчу.

Биз жаш кезде «ДОСААФка мучө болуу» деген жайылган. Ким ага мүчөлүккө өтсө, «чып этме» мылтыгын, бир куту окту (элүү даана) эркин сатып алып, мылтык атууга укук алган. Ошондо жаштар ичинен Курбанай менен Ысак гана «көзгө атар» мерген аталышкан. Калгандарыбыз жөн эле ок коротуп «аяк бошотор» болуп калганбыз.

Кыш келгенде жылгаяк тээп, ар ким өз өнөрүн көрсөтүп, сармерденди улап «кан увазир», «алтын шакек» оюндарын ойноп таң атырган учурлар болор эле. Андай учурда Курбанбай комуз чертүү жагынан Арзи акеге таймашып, ыр жагынан лидерликти эч кимге берчү эмес. Кээде жоро-бозо ичкендер Курбанбай «кесекүлгө» ылайык дешип, аны бизден бөлүп алып кетишчү. Жоро-бозодо кесекүлдүн иши, эреже менен чыны (кесе) сунуп, бозокорлордун көңүлүн көтөрүп, ырдап турат экен.Ал элдик обондуу ырлардан, дастан мүнөзүндөгү поэмаларга чейин репертуарына киргизип, бирде үнүн созсо, бирде санат, термелерди Барпы акындай төксө, бирде ошол

жородо отургандарга карата өзү ыр чыгарып, жамактатып, төгүп да жибергенине укkандар ыраазы болор эле.

Ошол жылдардагы жаштардын жүрүш-турушуна, жөндөмшыгына мугалимдер менен ата-энелер эле эмес, айылдагы аксакалдардын баары баа беришип, тентегине жол көрсөтүп, жөндөмдүүсүнө шык берип турушар эле. Айыл ичиндеги дөңгө же мечит алдындагы жайга отуруп алышып, таалим сабактарды айтышчу. Айыл аксакалдары Кожомкул, молдо Жусу, Эсеке, Ысмайыл, Маамет, Акмат, Токтобай, Ашир, Калык, Чал абалар ар кайсыдан бир сөз салып келишип, акырында жаңыдан өсүп келаткан балдарга токтолушуп, аларга кудайдан өмүр тилешип, ошолордун ичинен: «Курбанбай түзүк чыгып келтат, кудай буюрса, согуштан кайтпай калган Коргонбай, Аттокурлардын ордун басат. Тургунбайга жөлөк болот» деп айткандарын кулагым чалган.

Курбанбайдын жаштык курагы кыйынчылык турмушка туш болсо да, кийген кийими бизден тыкан эле. Анын таарганда кооз да, келишимдүү да болчу. Белин бекем жип менен курчанып алып, күрөшкө түшчү. Анын арыкчырай жүзү ага күрөшкө түшкөндөрдүн кимисин болбосун «койчу, ушул чарчыктай немени, жөн эле көтөрүп чабам» деген ойго кетирчү. Анан эле күрөшкө келгенде анын чымыр денеси чыңалып, кубаты колу менен белине жыйылып, кармашканын ана-мына дегенче көтөрүп чапчу. Күрөш боюнча таймашта башка айылдарга да барып мөөрөй алып жүрдү.

Биздин жаштык кезибиз согуштан кийинки катаал күндөрдө өттү. Анда колхоздогу бардык иштер дээрлик кол менен аткарылса да, чарчадым-чаалыктым дебей Тургунбай, Закир, Эгемберди, Амира, Сардал башында турушкан активдердин сөзү эки болбой, Авазбек, Камалдин, Султан, Аманбай, Абдыкалык, Сатыбалды, Бакир, Аман сыяктуу иш десе ишке тойбогон азаматтар алдыга түшүп, алардын артынан Сабан, Байкул, Абдирашит, Аким, Шакир, Ысак, Курбанбай, Мамасали, Акбарали, Ырысбек, Ирайим, Гани, Темин, Абдыкаарлар ээрчип чыгышып, ар кандай жумуштарды бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарышып бүтүрүшөр эле. Анан

чакан айылыбыздын улуу-кичүүлөрү чогула калган учурда Пайзилда агайыбыз, Төлөгөн палван агабыз жаштарды үй-мүйүз тарта тизилтип, эңиш, күрөш, комуз чертүү, ырдатуу боюнча бөлүштүрүп, оюн-зооктору уюштурушчу. Андай учурда комузчу жана жамакчы Арзи менен Ысактын, төкмөлөрдү туурап айтышуучу Кимсан менен Бекболоттун, обондуу ырларды музыкалык аспаптардын коштоосу менен аткарган Султандын, деги айылда оозго алынган шыктуулардын ичинде Курбанбайдын жылдызы өзгөчө жарык жанып турат дешип, шыпшынышып сөз кылышар эле.

Анан билимге умтулган жаштар ар кайда чилдей тарадык. 1962-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетинде кабыл алынгандардын тизмесине Курбанбай экөөбүздүн фамилияларыбыз да чыгып, студенттик өмүрдү сүрө баштадык.

Арадан көп жылдар өттү. Экөөбүздүн теңтуштук абалыбыз артта калып, ага-ини катары жүрдүк. Кезиккен сайын бир нече саат бою же түн терметип аңгеме-дүкөн куруп, кумардан канабыз. Ал жаңы жазган ырларын окуйт, мен болгон байкоолорумду ортого салып, алгачкы угуучусу да, окуучусу да, сынчысы да болуп чыга келем. Ырас, анын турмуш шартынан уламбы, кийинчерээк каттообуз сейректеп кетти.

Бир күнү үйдө торт кесип, лимонад куюп, гүүлдөп отурсак, эшикти какпай эле Курбанбай аке кирип келди. Чоң уулубуздун туулган күнү эле, биздин жупуну дасторконубузга ырааздары болуп: «Балдардын туулган күнүн ушинтип эле өз үйүндө жөнөкөй белгилөө баарынан өөдө» деп, көп сонун сөздөрүн айтып, ырларынан окуп берип отурду. Анан дасторкон жыйнаарда Аскатка мындайча бата берди:

Оомийин, Актеректин кулуну,
Раимжандын уулу - Аскат!
Акылдын көзүндөй тунук бол!
Акындын сөзүндөй сылык бол!
Атаңдан кыйын бол!
Уулуңдан начар бол!
Эми эле келечек чакырып,
Көч менен ааламды кезерсиң,

Жалгыздык, сагыныч сезерсиң.
Эмчегин эмизип эр кылган,
Энеңди эсиңе сала жүр.
Кыргыздын жеринен сен туулган,
Ар дайым бир белги ала жүр.
Көп жүрчү жол узак, сак бар,
Максатка аруу жүрүп, ак бар.
Кудай сени колдосун, аллау акбар!

Бир күнү Курбанбай амалсыз дарылануучу жайда жатыптыр деген кабарды угуп, уккан кулагыма ишенбедим. Ар кайдан сураштырып, ал жайды таап, жолугуштук. Менин оюмда оорулуу деген түшүнүк өкүм сүрүп, акыбал сурашып келели деп аялым, бала-чакам бүт барган элек. Жакшы болушуна каалоо айттык. Ушул «оорудан» оолак болууга эркиңиз жетет эле го деп, ары капалана, ары көкүтө сөз таштадым. Бир азга унчукпай туруп, «кой, билбей эле кой, мен анын себептерине намыстанып жүрүп «оорумду» күчөтүп алыпмын. Эми сен аны сураба, мен айтпай эле койоюн» деп муңая түштү. Анан кошташып баратып: «Раимжан, биздин бактылуу болушубуз өз коломтобуздун жанында. Сен Бегайымды сыйла, ардакта. Ал сый-урматка татыктуу. Бардык аялдар, өз жарына татыктуу болсо, бактысыз үй-бүлөлөр болбосо керек эле...» деп көзү жашылдана түштү. Ошондон ушул күнгө чейин таланттуу, жөндөмдүү Курбанбай акенин мага айтпай койгон сырынын түпкүрү кайда экенин таппай, эстеген сайын ар түрдүү ойго батып жүрөм...

Андан кийин Фрунзедеги полиграфкомбинатта иштеп, жаңы жазган ырларын биздикине келгенде окуп берип жүрүп эле көрүнбөй калды. Кийин уксам, Ошко кетип калыптыр. Эмнегедир баары эле Зульфия жеңеме нааразычылыктарын кошумчалап коюшат. Чынында мен ал уккандарымдын чын-төгүнүнө жете албадым...

Анан бир күнү эле короонун эшиги такылдаганынан ача салсам, калдайып Курбанбай аке турат. Кучакташып көрүшүп, ичкери кирүүгө эшик ачтым. Ал болбостон:

- Раимжан, мен шашылышмын, алыска жол тартып жатам, сага бир жолугуп кетейин деп келдим - деп, бой бербеди.

Мен да көгүмө таянып, коштошпостон, ал түшүп келген таксиге отуруп алып кошо бардым. Темир жол вокзалынан поездге отурушту. Алты-жети күндөн кийин жолдо баратып жазган каты келди. Кайда сапар тартканын ошондо билдим. Ал катты өзүм бир нече кайталап, анан үй-бүлөбүз менен чогуу окуп отурдук. Ошол кат ушул жыйнакка киргизилиптир.

Ошентип арадан күндөр өтө берди. 1984-жылдын 11-январында анын жол кырсыгынан көз жумгандыгы тууралуу суук кабар келди. Фрунзелик туугандар, теңтуштары, калемдештери Актерек айылына барып, топурак салып, түбөлүккө кошуп келдик. «Өлбөгөн жанга жаз келет» демекчи, ал көз жумуп, ошол жылдын жазын көрбөй калды. Ажалга айла жак тура. Андан бери канча жаз мезгили өттү... Мен өткөн жазда айылга барып, баягы биз көп барчу Чаарташтын дөңүнө көпкө отурдум. Менин Курбанбай аке жөнүндөгү эскерүүлөрүмдү анын агасы Тайтокур, жакын инилери Муктар, Аликадыр, келиндери Батма, Бегайым дагы бир топ жаш балдар угуп отурушту.

Жыйынтыктап айтарым, Курбанбай аке, жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун. Сенин элесиң сени билген, тааныган жалпыбыздын дилибизде түбөлүккө сакталып кала берет.

Раимжан Эгембердиев,
филология илимдеринин кандидаты,
Бишкек гуманитардык университетинин профессору,
эл агартуунун отличниги

АКЫНДЫН ТАГДЫРЫ

Өткөн кылымдын 60-70-жылдары кыргыз поэзиясы таланттуу жаштар менен толукталды. Алардын тизмесин Жолон, Турар, Омор сыяктуу чоң таланттар менен кошо Курбанбай Калдыбаев да акындык кудурети менен толуктап жана кооздоп турат. Бул куракгагы акындардын жана жазуучулардын көбү бул жарык дүйнөдөн өтүп кетти. Алардын ар бири кыргыз адабият асманына Чолпон жылдыздай жарк этип келген, Жараткан талантты ченемсиз, ал эми өмүрдү ченеп берген сөз чеберлери экендигин жамы журтубуз үшкүрүп эскеришет. Маркумдардын тукумун улаган уул-кыздарын көрүп, азбы-көппү калтырган рухий мурастарын окуп, топук кылат. Тагдыр деген ушундай! Өзүнүн катаал чечими менен ар бирибизди баш ийдирет. Баарыбызды тагдыр нугуна салат турбайбы! Бул акындардын айрымдарын чыгармаларынан гана тааныймын, айрымдарынын акыл сөздөрүн, албуут кирген дайрадай күчкө ээ ырларын өз кулагым менен уккамын. Ошондой акындардын бири – Курбанбай Калдыбаев.

1970-жылдын 1-сентябры. Ош мамлекеттик пединститутуна (азыркы Ош мамлекеттик университетине) окууга өтүп, асманжерге батпай турган күн эле. Аудиторияга салабаттуу басып, ак-сары келген бойлуу киши кирди. Эми ойлосом жашы отуздардагы жигит экен. Бизге ошондой көрүнүптүр. анан өзүн тааныштырды:

Атым – Курбанбай, фамилиям – Калдыбаев. Силерге куратормун. Бирге иштешебиз, деди токтоо. Анан ар бирибиз менен таанышып чыкты. Капыстан эле менин аты-жөнүмдү атап, аскерде ким болгонумду сурады. Анан группанын старостасы болосуң деп дайындады. Ошентип агай менен иштешип калдым. Ал кездеги кураторлор башкача эле. Апыртып айтсам да, айтпасам да ал кураторлор тоодон келген жаштардын атасынын да, энесинин да кызматын аткарышкан турбайбы.

Курбанбай Калдыбаев менен пахта теримине Ноокендин Сакалдысына бардык. Табиятынан катаал бул адам бизден норманы талап кылып, көп түйшүккө салчу. Анан кечинде катар отургузуп алып, ырларын окуп берчү. Кыргыздын учкул кыялындай, бирде катаалдыкты элестеткен, бирде назиктикти жүрөккө жеткирген, Өзгөндүн сыдырым желиндей кээде бүтүндөй сезимди аралаган, жаштык менен сүйүүгө, даркан талаалар менен бийик тоолорго, күтүү менен сагынууга толгон наристе сезим ырларын окуп берчү. Окуп берчү да, бизди сынчысындай көрүп, жакшы сөз, жакшы пикир күтүп калчу. Филология илиминин алиппесин эми гана өздөштүрүп жаткан бизде пикир айтууга кудурет-күч кайдан болсун. Бирок көкүрөк менен кабыл алган ырларыбызды кайра окуп бе-

ришин агайдан суранат элек: «Чабалекейди», «Кат сактаган энени», «Өрүкзарды»

Койчу, көрсө, агай биздеги поэзияга болгон асыл сезимдерди ойготкон жан болгон экен. Анан айрым студенттер ырларын окушчу. А бирок биз бирибиз да акын болбодук. Ага карабай баарыбыз поэзиянын күйөрманы болуп жаралдык.

Курбанбай Калдыбаев кийинчерээк радиого ишке кетти. Ага ар түрдүү себептер болду. Бүгүн ар ким ал окуя жөнүндө оош-кыйыш сөздөрдү айтат. Менин жеке баамымда, агайдын институттан кетишине башкы себеп анын чыгармачылык эркиндикке болгон умтулуусу болду. Бу талант дегениң жерге ташталган үрөн жарыкка умтулган сыяктуу эркиндикке умтулат тура, эркиндикти самайт тура. Акындын бул самоосун түшүнбөгөн дос-жар, алыс-жакындар акындан оолактайт окшобойбу. Ошондуктан акын:

Мен сага карызга төрөлгөм,
Билесиң... келбеймин кайрадан.
Сурарым: пайданды көрсөтпөй,

Кайра сен тирүүмдөн пайдалан, деп акын ТУУЛГАН ЖЕРИНЕ кайрылган экен. Акындын бул зарыгуусун, учурунда замандаштары түшүнө албай калган экенбиз.

Курбанбай Калдыбаев өзүнүн группасы менен пахтада болобу, окууда болобу, Абшыр-Ата сыяктуу кооз жана ыйык жайларда болобу, дайыма ыр майрамын жаратып, жаштарга эмгек менен махабаттын, туулган жерди сүйүү, элге кызмат кылуунун күлазыгын сезимдерге өткөргөнүн азыр да сезип жатабыз. Албетте, мындай адамдардын тагдыры оор болот. Кошоматтыкты билбеген, чындыкты сүйлөгөн, сөздөн бермет жасап, ыр дүйнөсүн кураган, көр тиричилик менен көрпенделиктен өзүн азат кармаган мындай адамдар жашоого убагында бир келет, берерин элине берип бат эле түбөлүктүүлүктү бет алып кете берет. Чыныгы акын тагдыры ушундай катаал окшойт. Ошол жаштык курагыма, студенттик курагыма көз чаптырып агайдын тагдырына ушундай тыянак чыгарам.

Курбанбай Калдыбаевдин ырларында элдин духу, айыл адамынын мүнөзү, тоолуктун өктөм пейили ачык сезилип

турат. Ошондуктан анын ырларынын каармаңы менин досум, замандашым сымак туюлуп кетет. Анын үстүнө акын ырларын артыкбаш «бойактор» менен бойбойт. Жөнөкөй эле сөздөрдүн поэтикалык тизмеги акындын ыр түнөгөн жүрөгүнөн өткөн соң, өзүнчө өчпөс түскө ээ болот да, сөз болуп окулуп же угулуп, өз окурманынын канына сиңип кетет. Агайдын ар бир ыры жөнөкөй эле сөздөрдүн поэтикалык мөл булагы экендигин ырлардын өзү таасын далилдеп турат.

Акындын ырларынын поэтикасы өзгөчө сөз кылууга арзыйт. Анткени бул куракгагы акындар кыргыз поэзиясына формалык да, мазмундук да, тематикалык да жаңылыктарды киргизишкен жана өздөрүнө чейинки поэтикалык тажрыйбанын бай мурастарын терең өздөштүрүшкөн акындар болушкан. Ошондуктан агайдын ыр түзүү чеберчилиги атайын сөз кылууга толук татыктуу деп ойлоймун.

Акын бир айылдын гана перзенти эмес, ал жалпы элдин перзенти. Ошондуктан акын Мекени аркылуу туулган жерин, туулган жери аркылуу Мекенин даңазалайт. Муну айткан себебим Өзгөн жеринен көп деле акын чыкпаган. Санасаң бир колдун беш манжасы ашып калат. Анан эмне үчүн Курбанбай Калдыбаевдин 60 жылдыгын өткөрүүгө чамабыз жетпеди?! Ушул катаны кеч болсо да оңдоп койсок, акындын арбагынын алдында окурмандык парзыбызды аткарган болобуз.

Аманчылык болсо, агай, Сиз жөнүндө айтылуучу жакшы ойлор алдыда. Бул саптарда мен Сиздин акын экениңизди, чыныгы акын экениңизди, Сизди замандаштарыңыздан көбүбүз түшүнбөй калганыбызды, Сиздин ырыңыз чабалекей болуп дагы эле дүйнө кезип жүргөнүн айткым келди.

Рухуңуз тирүүлөргө ыраазы болсун жана элесиңиз колдоп жүрсүн.

Оомийн Аллаху-акбар!

Токтосун Ашырбаев,
Ош МУнун мамлекеттик тил жана кеп маданияты кафедрасынын башчысы, филология илимдеринин доктору, профессор

АЗА – АРЫБАЙТ, АЛТЫН – ЧИРИБЕЙТ

Элибиздин мындай бир таамай айтылган макалы бар: «Аза арыбайт, каада – карыбайт, алтын чирибейт» деген. Мындан бир топ жылдар мурун көзү өтүп кеткен биздин замандаш курбубуз, досубуз жана калемдеш теңтушубуз Курбанбай Калдыбаев тууралуу эскерүү жазуу милдети менин жан дүйнөмдү дүрбөтүп жатканын кимдер түшүнмөк. Рас, ал мезгил – турмуш жолуна жаңыдан кадам таштаган биздей жаш жигиттер үчүн кызыктуу да, романтикалуу да болчу. Азыр ал күндөр ушунчалык тездик менен шамал ылдамдыгында өтүп кеткенин эстесем көкүрөк муңга толо түшөт. Мезгил бары жогун эскиртип жүрүп олтурат тура. Биздин бирге жүрүп сырдашкан, аңгемелешкен күндөрүбүздүн бардыгы күндүн нуруна тотугуп, жамгыр суусуна жуулган кагаздагы жазуудай болуп өчүп бара жатканын туюнуп олтурам, ал күндөрдүн жылдары, ал турсун числолору дагы эсимде калбаптыр. Анткени, мен Курбанбай менен бирге иштешпедим, жанаша да жүрбөдүм, бизди бириктирип турган улуу нерсе – бул поэзия болчу. Ал учурда биз поэзиянын сырдуу дүйнөсүнө жаңыдан кадам таштап, аракетибизден бир нерсе чыгаар бекен деген баш-аягы белгисиз түпөйүл үмүткө жетеленген жаштар элек...

Сөз башынан болсун. Курбанбай менин баамымда орто мектепти бүтүргөндөн кийин, бир топ жыл соода тармагында иштеп, акча кармап, турмушту таанып калгандан кийин гана Кыргыз Мамлекеттик университеттин филология факультетине барып кирди. Анда мен 3-курстагы студент элем. Курбанбай 1-курста эле жакшы окуп, факультетте активист болуп, жаштар иштерине активдүү катышып, оозго тез эле алынып кеткени эсимде.

Студенттик жылдар Курбанбайдын өмүрүндөгү эң бир кубанычтуу жана бактылуу күндөр болсо керек эле деп ойлой берем. Биз маал-маалы менен поэзия кечелеринде жолуга калып жүрдүк. Ал турмушту элестүү, таасын жана аргументтүү чагылдырган ырлары аркылуу университетте кадыр-баркка жеткен. Ал турсун жаш акындардын катарында КазГУ жаш

акындары менен байланыш түзүп, Алматы шаарына барып-поэзия кечесинде ыр окуп, казак жаш акындарын бизге чакырып, университеттин чоң актовый залында өткөн поэзия кечелеринин уюштуруучуларынан болгонун мен жакшы билем.

Мен окууну бүтүрүп, Ошко келип облустук «Ленин жолу» гезитинде иштеп калдым. Артыбыздан Курбанбай да окуусун бүтүрүп келип, Ош педагогикалык институтунун филология факультетинде окутуучу болуп иштеп калды. Биздин чыныгы ымалабыз ушул Ош жеринен башталды. Анткени бизди кайрадан бири-бирибизге жакындатып турган нерсе поэзия болчу. Анын үстүнө бүгүн бүтүндөй кыргыз элине таанымал болуп калган Жолон Мамытов, Кудайберген Жуманазаров, Жакып Медетов, Рыспай Абдыкадыров, Мырзаш Ашырбеков, Курманалы Сабыров, Абдимитал Камалов, Сабыралы Кулиев ж.б. акын-жазуучулар ушул Ош шаарында иштеп, жашап турган болчу. Биз майрамдарды үй-бүлөбүз менен чогуу өткөрчүбүз. Мындай күндөр биз үчүн майрамдан артык болуп, эң бир бактылуу мезгилибиз сыяктуу сезилип кетчү. Мындай учурда ырлар окулуп, ойлор айтылып, дүйнөлүк поэзия тууралуу сөздүн учугу уланып кетчү. Биз чыгармачылыгыбыз менен элибиздин рухий дүйнөсүн байыткан акын-жазуучулардан боло алаар бекенбиз деген тилек дилибизде жашаганын жашыргым келбейт.

Курбанбай Ошто иштеп турганда эң жакшы ырларды жазды. Бир катар ырлары үзгүлтүксүз гезиттерде басылып, көп өтпөй «Тууган жерим – туу казыгым» аттуу ырлар жыйнагы басмадан басылып чыкты. Акын катары анын бул жыйнагы поэзия жамаатында абдан жакшы баа алды. Келечегинен зор үмүткөр кылган инсан катары оозго алына баштады. Айрыкча «Кыргызстан маданияты» гезитине жарыяланган «Чабалекей – карындашым» аттуу ыры окурмандар арасында көпкө чейин сөз болуп макталып жүргөнү менин эсимде.

Кээде мен акын адамдардын даректерине айтылган мактоо сөздөр зыянга турабы деп дагы ойлоп кетем. Курбанбайдын алгачкы жашоосу, турмушу, менимче, жаман болгон жок: анын поэзиядагы алгачкы ийгиликтери, институттагы жама-

ат алдындагы кадыр-баркы, жеткиликтүү айлык-маяна, студенттердин арасындагы педагог катары алган орду – аны бир орунга отургузбай эргитип алып учкан го деген ойго кабылам. «Адам аягынан аксабайт, акылынан аксайт» деген сөз чын окшойт. Маал-маалы менен биз жолугуп турдук. Ак көңүл марттыгы жанда жок эле. Жанындагы акчасы жок болгуча чачар эле, айрыкча, калемдештерине. Көпчүлүк учурда кызуу, «кырк жылкы айдап» алып бизге жолугар эле. Биздин калемдеш, жолдош, дос катары айткан сөздөрүбүз анын кулагынын сыртынан кетти. Үй-бүлөсү менен ажырашып, кызматынан бошоп калды. Акыры ички иштер кызматкерлери тарабынан эки жылдык соолуктуруучу жайга Бишкекке жөнөтүлдү.

Бишкектин четиндеги соолуктуруучу жайда Курбанбай эки жыл жатты. Менин кабарым боюнча Бишкекте иштеп турган Жолон Мамытов, Орозбай Көчкөнов, Жакып Медетов, Мелис Абакиров сыяктуу досторубуз ат тезегин кургатпай калбар алып, жардам берип турушту. Ал жайдан бошоп чыккандан кийин кызматка орношуп, китебин чыгарып берүү маселесин сүйлөшүп, Жолон менен Орозбай чоң жардамдарын бериштн. Ошол учурда Жолондун апасы Алымкан эне кайтыш болуп, сөөктү узатып жоон топ жазуучулар менен кошо Курбанбай да Ошко келди. Сөөк жерге коюлгандан бир жумадан кийин Курбанбайды Зульфия менен жараштыруу маселесин козгоп, Кыргызстан көчөсүндөгү үйүнө бардык. Тилекке каршы, Зульфия караманча каршы туруп, биздин аракетибизден майнап чыкпай койду. Бул жолу зор үмүт менен келген Курбанбайдын тилеги ордунан чыкпай кайра Бишкекке кетүүгө аргасыз болду. Ушул окуядан кийин ал кайра ичип кеткенин Бишкектеги достор кабарлашты.

Мындан көп өтпөй «Кол табы» аттуу китеби жарык көрдү. Акындын бул китебинен да чыныгы турмуштук поэзиянын үлгүлөрүн көрдүк. Китебинин калем акысы кайрадан аны жинди сууга алып кирип кеткенин көргөн Бишкектеги калемдештер андан үмүтүн үзүшкөнүн Ошко келгенде сөз кылышты. Кантебиз, кыргыздын бир белдүү акыны улам бизден оолактап, бизден бөлүнүп баратканын ошондо бир туйдук.

Бир күнү мен жазуучулар союзунун Оштогу бөлүмүндө отурсам, Курбанбай шашмалап кирип келди. Биз эки жылдай убакыттан бери жолуга элек болчубуз. Экөөбүз эски досторду кучакташып көрүштүк. Кызуу, ичип алган экен. Кабинетте көпкө чейин сүйлөшүп олтурдук.

– Эми эмне иш кылайын деп жатасың? – деп чегип сурадым.

– Ошко баса бердим, деди бир топтон кийин, эл-журтка барып туугандарга жолугам, жайлоого чыгып кымыз ичип, эс алайын деп турам. Эриксем кайра шаарга келем. Досторду кыдырам. Аңгыча бир иш табылса иштейм.

– Чыгармачылыгың кантип атат? Ырлар жазылып жатабы?

– Жазган ырларымды минтип көтөрүп жүрөм, ал койнунан бир чоң дептерин алып чыгып, столдун үстүнө таштады да, жаңы жазган ырларынан окуп берди. Биз бул жолу ашканага кирип тамактанып, бир бөтөлкөнү бөлүп ичип, тарап кеттик. Бул Курбанбайдын Ошко келгендеги мени менен болгон биринчи жолугушуусу болчу. Жай өтүп, кыш кирип калганда биз кайрадан жолуктук. Бул жолу ал көңүлү көтөрүңкү келди:

– Каке, деди кубанычтуу, мен бир базага кароолчулукка ишке орношуп алдым. Төрт күндө бир сутка коргондун оозундагы будкада кароолчулук кылат экем. Айлыгы да дурус экен. Өзүмө жеткидей. Кирген-чыккан, келген-кеткен машиналарга, адамдарга көз салат экемин. Шарты жакшы экен, жылуу, столу да бар. Чыгармачылык менен иштей берсем болчудай...

Абдан жакшы болгон тура, деп, мен да кубанганымды жашырбадым, акын адамга ушундай эле кичине шарт болсо болду да! Өзүң дагы ары-бери жүрүп көп чабылып калдың. Эми бир чымырканып иштей көр. Кышы менен иштеп бир китеп даярда, басмага сунуш кылалы.

– Өзүм дагы ушундай ойдомун, Каке, бала-чакага жакын келгеним дагы жакшы болду.

– Балдарыңа жолугуп турасыңбы? Окуулары жакшы бекен? – деп сурадым.

– Жакшы эле, окуп атышат, деп суз жооп берди.

Мындан бир топ убакыт өткөндөн кийин Курбанбай мага

дагы келди. Ал ишинен келатканын, 4-5 күн бош экенин, «бекер шаарда жүрбөй, Гүлчөдө прокурор болуп иштеп аткан иним бар, ошого барып келейин деп турам, Каке жол киреге жеткидей акча керек» деген оюн айтты. Менин дагы ак көңүлүм тутуп, иштеп калганына жетине албай акча берип, курсагын тойгузуп жолго салдым. Ошондон бир жума өтүп өтпөй Курбанбай ооруканада каза болгонун, сөөгүн айылына Ак-Терекке алып кетишкенин угуп калдым. Оштогу Курбанбайдын калемдештери уюшуп чогулуп, машина таап жетип баргыча, сөөгүн жерге коюп коюшкан экен. Кечигип болсо да барып, тууган-туушкандарына көңүл айтып кайра тарттык.

Жылдыгына карата бир ууч калемдештери акча чогултуп, сүрөтүн ташка чектирип, алдына мүрзө таш сөзүн ыр менен мен өзүм жазып, эстелигин жасаткан элек. Бир күнү Зульфия «эстелигин берип жиберели, машина келди» дегенинен эстелигин жөнөтүп жибердик. Кабар келсе, жылдыгына чогуу баралы деп турганбыз. Бирок бизге кабар дагы келбеди. Көрсө, Зульфия эстелигин өзү жасаткан киши болуп, бизге кабар бердирген эмес экен. Ичибизден аялдыгына барган экен деп тим болдук. Курбанбайдын мүрзө таш сөзүнө жазылган төрт сап ыр менин дептеримде дале жүргөнүн белгилеп кетким келет. Ал мындай жазылыптыр:

Адам элең ойлор менен гүл эккен,
Акын элең шоола чачкан жүрөктөн.
Калыс, жоомарт, ишенимдүү дос элең,
Көңүлдөргө ысык сезим түнөткөн.

Курбанбай Калдыбаев чындыгында эле ак көңүл, жоомарт, сезимтал, адамга жапакеч, чукугандай сөз тапкан сөзмөр, адамга табылгыс инсан болчу. Ал өмүрүнүн акырына чейин калемдеш достору менен болгон байланышын үзгөн жок. Ал бизге кандай абалда жолукпасын ички сырын жашырбай айтып, кайгы-капасын, кубанычын тең бөлүшүп, жаңы жазылган ырларын жүрөк жарыла жаркып толкунануу менен окуп берер эле. Курбанбай акын катары – таланттуу, адам катары – ак көңүл, дос катары алпейим, жолдош катары – тамашакөй

инсан болчу. Анын өмүрүнүн көпчүлүк бөлүгү кайгы-капа, сарсанаа менен өттү. Үй-бүлөлүк жылуу маанайдан ажыраганын кийин, анын турмуштук жолунда кезиккен соккулар алсыратып, кайратын, жигерин, үмүтүн кыйратып кеткен эле. Дал ушундай оор жагдайдан улам ал төмөндөй берди. Ичте буккан бардык арманын кадак менен бөлүшүп калды.

Бирок ал ушундай оор турмуштук жагдайда жүрүп дагы ыр жазганын таштаган жок, аны өмүрүнүн эң акыркы күндөрүнө чейин улантты. Үйү жок, жатар жери жок адамдын турмушу белгилүү эмеспи?! Айрыкча, ичкиликке берилген адамдын турмушу опурталдуу экенин ким билбейт. Анын эки калың дептерге толгон ырлары кимде калды? Ошондой эле кимдин колунда кетти? Бул жагдай бүгүнкү күнгө чейин белгисиз бойдон калууда.

Жазуучулардын облусттук бөлүмүндө атайын комиссия түзүп, акындын чыгармаларын издеп таап, топтоштуруп, архивде сактоо жөнүндө атайын маселе да караганбыз. Бирок машинкага басылган айрым бир азыраак ырларынан башка дептери табылган жок. Эми кеч болсо дагы Курбанбай Калдыбаевди адам, акын катары эскерүү китепчесин туугандарынын чыгарып жатышы кубанычтуу көрүнүш. Мен Курбанбайдын замандашы, калемдеши катары туугандарына рахматымды чын жүрөгүмдөн билдирип кетмекчимин!!

Ал эми анын экинчи өмүрү болгон чыгармаларын топтоп чыгаруу маселеси алдыда экенин белгилеп коюу туура болор деп ойлойм.

Кармышак Ташбаев (Аликетегин)
акын, Кыргыз Республикасынын маданиятына
эмгек сиңирген ишмер

КАШКӨЙ ЖИГИТ ЭЛЕ ...

Адам баласы бул жарыкчылык дүйнөдө өзүнүн дараметине ылайык милдетин аткаруу үчүн жашап, өмүр сүрөт тура. Тагдырдын табыштаган шыбагасын өтөлгөсү менен так аткарып, жашоо кумарына ырахаттана батып, келечек урпактар үчүн үлгү болорлук, кийин мезгил өтүп эстеп жүрөрлүк

иш жасаганга не жетсин.

1961-жылы көпчүлүк ынтызар жаштар сыяктуу мен да Бишкек (мурунку Фрунзе) шаарына окууга тапшырганы келип, бирок себептүү жагдайлар менен Фрунзе атындагы (кийинчерээк Ленин атындагы) заводдо жумушчу болуп иштеп калдым. Үйлөнүп, бала-чакалуу болдум. Көңүлү түз, дили ак жоро-жолдошторду күттүм. Алардын ичинен ойго ортоктош, жолго жолдош, ар кандай жагдайда жардамга даяр болчу касиеттерге ээ маркум акын Курбанбай Калдыбаев менен бир топ жыл жакын мамиледе болуп жүрдүм.

Курбанбай 1962-1967-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетинде окуган. Шыңга бойлуу, келбеттүү, тармал чачтуу, үнү коңур, ар дайым маектешкенде адамды өзүнө тарткан асыл сапаттарга ээ инсан эле. Кезкезде жолуккан учурда укканга жагымдуу, көкүрөк кушун кубанткан ыр саптарын жатка окуп берет эле.

Мен өмүр бою заводдо жумушчу болуп иштедим. Айрым учурларда өндүрүштүн алдыңкысы деп белгиленип, сыйлыктарга да татыктуу болдум. Ушундай жан кубанткан менин жакшылыктарымда такай кабар алып, кубанычымды тең бөлүшкөн орошон жоомарт жигит эле.

Курбанбай окуп жүргөн мезгилинде үйлөнүп, эки балалуу болуп, университеттин комсомол комитетинин секретары болуп иштеген. Бардыгына үлгүрүп, жолдоштук мамилени да үзбөгөн, көптөгөн маданият ишмерлерине, интеллигенциянын өкүлдөрүнө, мен өндүү катардагы жумушчуларга да саламын түз айтып, адамгерчиликтен четтеген эмес.

Мен негизги кесибимден сырткары фотоаппарат менен сүрөт тартчумун. Курбанбай бул кошумча ишмердүүлүгүмдү аябай баалачу. Өзүн да бир нече эпизод сүрөттөргө тарткан элем. Ал: «Сен эң керектүү, өтө сейрек кездешчү өнөрдүн өкүлүсүң» - деп айткан эле. Менин айрыкча эстеп көз алдыма тартылган бир элес - бул Курбанбайдын шахматты аябай күчтүү ойногондугу. Шахматтын тарыхы, көрүнүктүү гроссмейстерлер жөнүндө көптөгөн маалыматтарды билчү. Комузда кол ойнотуп, терип да чертчү. Айрым чогулуп отурган үй-

бүлөлүк жолугушууларда, майрам тоскон учурларда куйкум сөздөрдү сүйлөп, көпчүлүктү тамшандырган чечендик жагы да бар эле.

Университетти аяктап, ОшПИге окутуучу болуп кеткенден кийин байланышыбыз солгундап кетти. Мезгил өтүп таанышкан-билгендерден сураштырсам, үй-бүлөсүндө айрым пикир келишпестиктер болуп «ачуу» жакка кыйла ыктап кеткендигин уктум. Аттиң, кайран гана жигит. Көпкө чейин жанга жароокер, акыреттик калыс жолдош Курбанбайдын өкүнүчтүү тагдыры мени кыйла тынчсыздандырып жүрдү.

Жазмыштын буйругуна көнбөскө арга жок, Курбанбай. Сенин жаркын элесиң бизге окшогон тирүүчүлүктө жашоонун түйшүгү менен алектенген, өткөнгө саресеп салып, келечекке каниет кылган, сенин чыгармаларыңды урматтаган, адамгерчилик сапатыңды сыйлаган жоро-жолдошторуңдун жүрөгүндө терең сакталат.

Нооман Кадыров
эмгек ардагери, жакын досторунун бири

БАШЫМДЫ ИЙДИМ УЛУУ ИНСАН, АКЫНГА!!!

О, анда турмуштун ачуу-таттуусун тата элек, ойносок оюнга, күлсөк күлкүгө тойбой, ойду-тоону омкорчудай делөөрүп учуп-конуп жүргөн чак. Тагдыр насип буйруп, Ош бубанын тузу тартып, азыркы ОшМУ (андагы ОшПИнин) филология факультетинин кыргыз тили, адабияты бөлүмүнө окууга кирип калдык. Ыймanга камчы чаппай айтканда, адабий чыгарманы жандай сүйүп, көп окуганыбыз болбосо, адабият деген эмне, анын вазифа, функциясы кайсы, эмнеси менен ал адамды өзүнө тартат, таасир этет, көркөмдүк нарк-насилин эмнелер түзөт деген сыяктуу проблемалар жөнүндө ой жүгүртүүгө чама-чаркыбыз жете элек эле.

Адабияттын миң сырдуу, миң кырлуу дүйнөсүнө жетелеп кирип, анын кооздугун, көркөмдүгүн көрө жана сезе билүүгө алгачкы жолу үйрөткөн агайыбыз Курбанбай Калдыбаев болду.

Ал бизге адабият таанууга киришүүдөн дарс окуп, сабак

өтчү. Сымбаттуу, коюу чачтуу, сөздүн барк-баасын, кунун түшүнгөн, жагымдуу, конур үндүү, адабият таануу илимин гана мыкты билбей, чыгармачылыктын табиятын, сырдуу, табышмактуу дүйнөсүн терең сезген, жараткан жалындуу жүрөк менен сергек акыл-сезимди аябай берген, бул агай сезимтал селкилерди гана эмес, бизге окшогон бозбаш балдарды да суктантчу. Ушул агайдай болсок деген купуя сезим ар убак жүрөктөрүндө жашачу.

Агай адабият таануу илиминин татаал эрежелерине эмес, чыгармачылыктын ары татаал, ары кызыктуу өнөрканасына баш бактырып, көркөм дөөлөттүү жаратуучунун ой-сезимин аңдоого, түшүнүүгө өбөлгө түзүүгө аракет кылчу жана ушуга жетишчү. Көрсө, агай адабиятчы гана эмес, акын да экен. Агайдын ыр окуганычы! Адабият тармагында 30 жылга жакын эмгектенип келе жатам, чыгармачыл көп адамдар менен жолугуштум, баарлаштым, айткан сөздөрүн, окуган чыгармаларын уктум. Бирок Курбанбай агайдай өзгөчө таасирлүү, өзгөчө көркөм, өзгөчө жагымдуу, укканды сыйкырлап, сулуулуктун, кооздуктун керемет дүйнөсүнө жетелеп кетчүдөй окуган адамды учураткан да, көргөн да жокмун.

Айрыкча, пахта терим учурунда түшкү түштөнүүгө чыгып, кыпкызыл бариктүү өрүктөрдүн түбүндө отуруп, чымчык болуп учуп түшүп, чымчык болуп кайра учпаган жалбырак, сүйгөнүнө сүйкүмдүү көрүнүү үчүн алмашылган чыт көйнөк, жашоо-тиричилик үчүн чырылдап күрөшүп, уя салган чабалекейлер жөнүндөгү ырлар алигүнчө кулагымда жаңырып, көз алдымда.

Анда жаштык кылып агайдын укмуш көрктүү окуганына гана суктансам, бүгүн бул ырлардын маани-маңызына көркөмдүк нарк-насилине, ой терендигине тамшанып, таң калам.

Алыкул бекеринен:

«Бах, чиркин, турмуш канча мол болсо да,

Ар дайым бир жеринен кемип калат» – деп жазбаган экен. Курбанбай агайдын тагдыры тайкы экен. Ыр дүйнөсүнө балыктай сүңгүгөнү менен, турмуш дүйнөсүндө өз ордун таба

албады. Жакшы ыр жазсам деп жан-алакетке түшкөн акын, жакшы жашасам деп жан далбастаган жок. Ыр деңизинде сүзүп ойногон акын турмуш деңизинде тумчугуп, чөгүп кетти. Бирок изсиз кеткен жок.

Артында бизге окшогон шакирттери калды, эң негизгиси ырдап жазган, ыйлап жазган ырлары калды.

Акын жөнүндө айтылуучу Сөз али алдыда.

Агай деймин, Агай бойдон калдыңыз,
Жүрөгүмдө, сезимимде, акылда.
Бүгүн болсо ырыңызды кайра окуп,
Башымды ийдим улуу Инсан, Акынга!

Коюу чачты чулгуп коюп, күпүлдөп,
Ыр окучусуз сезимдерди жетелеп.
Андан бери нелер өттү, а бирок,
Сиз окуган ыр таасири кетелек.

«Карлыгачтын» канатына конуп биз,
Кооздуктун дүйнөсүнө учканбыз.
Бул жашоонун азоо, чалпоо мүнөзүн,
Алгач ирет Сиздин ырдан укканбыз.

«Чыт көйнөктү» алмаштырган кыздарга,
Сынай карап көздүн кырын салганбыз.
Ал жашоого, ак сүйүүгө ант берип,
Ал сезимди Сиздин ырдан алганбыз.

А Сиз болсо капысынан күтүүсүз,
Ак шумкардай үзүп жибин өмүрдүн.
Өлбөстүккө канат кагып кеттиңиз,
Асман, Күндүн, кучагына Теңирдин!!!

Агай деймин, Агай бойдон калдыңыз,
Жүрөгүмдө, сезимимде акылда.
Бүгүн болсо ырыңызды кайра окуп,
Башымды ийдим улуу Инсан, Акынга!

Момуналиев Сактанбай
ОшМУнун кыргыз филологиясы факультетинин деканы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент

СИЗДЕЙ КЫЛЫП ЖАЗА АЛБАСМЫН

Жаш өтүп, улгайганда санаалашым,
Ыр болду жандап басчу сапарлашым.
Жан дүйнөм эргип, толкуп турса дагы,
Жан тагам, сиз өндөнүп жазалбасмын.
Жолотпой жалган жаштык жасалмасын,
Саймалап ыр саптардын жасалгасын.
Омкоруп опол тоодй ыр түрмөгүн,
Күч жетпей, сиздей кылып казалбасмын.

Сиз мен үчүн эң бийик, колум жетпес,
Көктөгү көктөм жылдыз күнгө теңдеш.
Кудайыма миң мертебе ыраазымын,
Кылганына сиздей жанга, сизге үндөш.

Курманбек Бекиев

УЛАНТА АЛАР БЕКЕМ?!

(Акын тагам Курбанбай Калдыбаевдин
жаркын элесине арнаймын)

Курбумдан эски «Ала-Тоо» сурап алдым,
Кызыгып жай олтуруп баракгадым.
Алалбайм карегимди сыйкыр сөздөн,
Барагын улам жаңы ачкан сайын...

Билбепмин бар экенин чындыгында,
Капыстан көзүм түштү ырыңызга.
Ар бир сап туулган жерди бөпөлөгөн,
Тушалдым ырыңыздын сыйкырына.

Жүрөгүм «тыз» дей түштү, ичте арман,
Анткени кеңешиңиз укпай калгам.
Сиз баскан татаал жолго, ыр жазууга,
Жаңыдан, жаңы гана койдум кадам...

«Тууган жер – туу казык» деп ырдап келген,
Акындык жолуңузду сыйлап келем.
Өмүрдө бүтпөй калган ырыңызды,
Мен жазып, мен уланта алар бекем?!

Ырысбүү Сагымбаева

АК САРГЫЛ ЖҮЗҮҢ ЭЛЕСТЕП

акын Курбанбай Калдыбаевке

Ат кулак минип ойногон,
Ак-Терек, Сөгөт, Жойломоң.
Жараткан жанга капалуу,
Жашатып узак койбогон.

Ачылбай канча сыр калды,
Айтылбай канча ыр калды.
Кетпесең бүгүн көрмөксүң,
Калкында бүгүн жыргалды.

Ырга бүт денең тунгандай,
Ырларың чыкчу булганбай.
Татыктуу жашап өтүпсүң,
Тармал чач акын Курбанбай.

Кыш, жаз, жай бирдей басыгың,
Көп болуп ырдан азыгың.
Тартуулап кеттиң тууганга,
«Тууган жер туу казыгын».

«Кол табың» алам колума,
Кармалап оң, же солума.
Ак саргыл жүзүң элестеп,
Ар нерсе келет оюма.

Жазамын ырды мурчу жок,
Жайылбай элге курчу жок.
Өзүмө кеңеш берүүгө,
Өзүңдөй ага сынчы жок.
Жүрөмүн азыр арманда,
Жүрөгүм согуп тынчы жок.

Турсуналы Матазимов

МАЗМУНУ

Түзүүчүдөн 3
Мезгил сынайт, убакыт улгайтат 8
Тууган жерим - туу казыгым 17
Кол табы 42
Жарыяланбаган ырлары 104
Өмүрүнүн акыркы мезгилинде жазылган ырлары 135
Жазган каттары 148
Акынды эскерүүлөр 156

Көркөм-адабий чыгарма

Курбанбай Калдыбаев

САПАР ТҮЙШҮГҮ

Ырлар, эскерүүлөр, каттар

Түзгөн *А.АЙТМАНБЕТОВ*

Редактору *Т. АШИРБАЕВ*
Техникалык редакторлор
Б. КОЖОМКУЛОВ, У. АТТОКУРОВ
Сүрөтчүсү *Б. ӨЗГӨНБАЕВ*

Нускасы 1000 экз. Көлөмү 11,75 басма табак. Чеңеми 60 х 84/16

«Айат» басмаканасында басылды. Бишкек ш. Тоголок Молдо көчөсү, 60.



Асылбек Айтманбетов

1961-жылы 12-апрелде Кара-Кулжа районундагы Тоготой айылында төрөлгөн.

1978-82-жылдары Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетинде окуп бүтүргөн. Андан кийин Баткен, Кара-Кулжа райондорунда мектепте мугалим болуп иштеген.

1989-жылдан бери Ош МУнун кыргыз филологиясы факультетинде улук окутуучу болуп эмгектенүүдө.

Маркум акын **Курбанбай Калдыбаевдин** бир тууган жээни, **"Сапар түйшүгү"** ырлар жыйнагынын түзүүчүсү.